Кирг
85.315
А-45



БАЛБАЙ АЛАГУШОВ

КАРАМОЛДО ОРОЗОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АСПАПТАР ОРКЕСТРИ

85.245

782
А 45

Алагушов Балбай.

А 45 Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестри. (Чыгармачылык жолу жөнүндө очерк). Ф., «Кыргызстан», 1976 ©.

72 бет.

Быйылкы жылы Кыргызстан мамлекеттик Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин уюшулган күнүнө 40 жыл толот. Автор бул эмгегинде ошол оркестрдин алгачкы уюштуруучулары жана катышуучуларынан тартып, бүгүнкү күнгө чейинки чыгармачылык изденүүдөгү ийгиликтерин ошону менен бирге кээ бир мүчүлүштөрүн ачык-айкын фактыларга таянуу менен белгилеп өтөт.

Эмгек кыргыз музыкасынын изилдөөчүлөрүнө жана аны сүйүп урматтоочуларына арналат.

782

912—114
А М 451(17)76 262—76

ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕСПУБЛИКАНСКАЯ ЮНОШЕСКАЯ БИБЛИОТЕКА Кирг. ССР
ИНВ. № 39446 W

© «Кыргызстан» басмасы. 1976

Баш сөз

Адам баласынын тарыхында, тагдырында, турмушунда ар тараптуу, көп жактуу искусствонун бир тармагы — музыка да өзгөчө орунду ээлейт.

Карапайым калкыбыздын турмушунда классикалык ырлар, күүлөр да зор роль ойногон жана ойноодо. Абалкы ооздон-оозго көчүп, муундан-муунга өтүп келген маданий мурастарда элибиздин түрдүү турмушу камтылган.

Оозеки элдик музыкалык чыгармачылык — бардык музыкалык маданияттын алгачкы негиздөөчүсү, жаратуучусу болгон. Аларда ар бир калкка ошонун ичинде кыргыздарга мүнөздүү ладдар, ритмдер, обондордун түзүлүштөрү иштелип чыккан жана бөтөнчө өзүнчөлөнгөн аспаптарда жасалган. Ар бир элде ар түрдүү жанрдагы, аткаруучулуктагы музыкалар да өнүккөн. Алсак бир элде бир үндүү жеке, хордо унисондо ырдоо, аспапта унисондо ойноо, экинчисинде көп үндүү музыка, аспаптарда ансамблдешип чертүү ж. б.

Кыргыздын элдик музыкасы негизинен жеке бир үндө ырдоодо жана аспаптарда унисондо ойноодо өнүккөн. Ошондой болсо да кай бир чыгармаларда көп үндө ырдоонун, ансамблдешип чертүүнүн (аткаруунун) элементтери да сакталган.

Ыр менен күүлөрдү, музыкалык аспаптарды элдик ырчылар, комузчулар, кыл кыякчылар, темир комузчулар, чоорчулар, сурнайчылар кылымдан-кылымга өркүндөтүп, жаңы көркөм каражаттар менен байытып, өнүктүрүп келишкен. Айрыкча жергебизге Улуу Октябрдын таңы атканда калк музыкасы да кайрадан төрөлдү. Мурда белгисиз болгон жогорку мазмундагы профессионалдык музыканын көптөгөн жаңы жанрлары, түрлөрү жаралды. Алардын өзөгүнө классикалык ырлар менен күүлөр алынды. Мезгил өткөн сайын элдик музыкабызда доордун үнү менен ажарлана айкалышып, өмүрүндө болуп көрбөгөндөй өзгөрүштөргө, зор өсүштөргө арымдуу кадам таштайт.

Республикабыздагы атактуу шайырларды, таланттуу артисттерди кучагына камтыган филармония, театрлар уюштурулат. Алардын алдыларына бир топ көркөм чыгармачылык коллективдер да түзүлөт. Булардын эң алгачкыларынын бири — Кыргыздын Карамолдо Орозов атындагы мамлекеттик эл аспаптар оркестри болду. Ал уюшулгандан

тартып, байсалдуу чыгармачылык жолду басып, формасы улуттук, мазмуну социалисттик музыкалык маданиятыбыздын өнүгүшүнө баалуу салымдарды кошту. Таланттуу коллектив калкыбыздын ырларын, күүлөрүн аткаруу менен бирге дүйнөлүк классиктердин, советтик композиторлордун, симфониялык чыгармаларын жана бир тууган СССР элдеринин музыкаларын да угуучуларга тартуулоодо талыкпаган үгүтчүсү, жайылтуучусу болду. Бул болсо элдик жана жалпы эле кыргыз музыкасынын ар тараптан байышына, карым-катышта, тыгыз байланышта өнүгүшүнө жол ачты.

Бүткүл кыргыз совет музыкасы улуу орус музыкасынын түздөн-түз таасири аркасында өстү жана өсүп жатат. Күжүрмөн калкыбыздын тарыхында биринчи жолу уюшулган улуттук оркестрибиз да В. В. Андреев негиздеген орустун эл аспаптар оркестринин үлгүсүндө түзүлдү. Аспаптардын өркүндөтүлгөн жаңы түрлөрү, күүлөнүшү, ойноонун ыкмалары андреевдик оркестрдин таалиминде жүргүзүлдү.

Комузчулардын бай тажрыйбаларын терең изилдеп үйрөнүү, орус композиторлорунун симфониялык чыгармаларын жана советтик музыкалык маданияттын жетишкендиктерин, өзгөчө кыргыз композиторлорунун симфониялык чыгармачылыгын мыктылап өздөштүрүшү Карамолдо Орозов атындгы оркестрдин алдына кең келечекти, талыкпастан реалисттик көркөм чеберчиликти өркүндөтүүгө, көтөрүүгө жол ачат.

Кыргыз калкы кайталангыс кооздуктагы, бөтөнчө өзгөчөлүктөгү бай мазмундагы ырлар менен күүлөргө мол. Алардын көпчүлүгү эл аспаптар оркестринин сүйүктүү жана түбөлүктүү репертуарына айланды. Алар терең элдүүлүгү, улуттук өзгөчөлүгү, турмуштук чындыгы, оптимисттик мүнөздүүлүгү ж. б. өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат.

Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестри абалкы муундагы улуу шайырлардын традицияларын жана советтик доордогу профессионалдык өнөрдүн татаал формаларын ийгиликтүү өнүктүрүүдө.

Бул тарыхый очеркте Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин 40 жыл ичиндеги чыгармачылык жолу, концерттик-аткаруучулук ишмердиги кыскача баяндалды. Алар тарыхый-документалдык материалдардын негизинде жазылды. Бирок, оркестрдин тунгуч аткаруучуларынын жана жалпы өнүгүшүн баяндаган тарыхый сүрөттөр, ар түркүн афишалар, сапаттарынын начардыгы (өтө эле эскирип кеткендигине байланыштуу) очеркке жарыялоого мүмкүн болбоду. Ошондой эле кол жазманын басмадан чектелген көлөмүнө ылайык оркестрдин алгачкы жана азыркы аткаруучуларынын өмүр-баяндары, репертуарларынын тизмелери, ноталык мисалдар кирбей калды. Алар келечекте эске алынмакчы. Бул очеркти жазууда баалуу ойлорду жана сын пикирлерди айткан оркестрдин башкы дирижеру жана көркөм жетекчиси Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери Э. Жумабаевге жана оркестр тууралу ар түркүн материалдарды берген Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисткасы Г. Валиулинага, композитор жана дирижер Б. В. Феферманга автор чын жүрөктөн чыккан алкышын айтат.

Оркестрдин аспаптары

Байыртан эле калкыбыздын калың катмарына жасалышы, чертилиши, ойнолушу, аткарылышы, түркүмү жагынан ар түрдүү музыкалык аспаптар кеңири тараган. Маселен үйлөмө-чоор, сурнай, керней, какма темир (ооз) комуз, жыгач ооз комуз, тартма жаалуу кыл кыяк, чертме-комуз. Булар шайырлардын жан шериги, элибиздин сүйүктүү эрмеги, көңүл ачар куту болгон. Алар да Улуу Октябрдын нуру менен кайрадан жаңыдан төрөлдү. Комуз, кыл кыяк баштаган аспаптарды түркүмдөргө бөлүп, өркүндөтүү (модернизациялоо), добуштарынын кубаттуулугун көтөрүү, угумдуулугун арттыруу иши колго алынды. 1935-жылы белгилүү сүрөтчү Г. А. Петров тарабынан комуздардын бир нече эскиздери даярдалат. Ал эми уста К. Верхоглядов өркүндөтүлүүчү аспаптар кандайча реконструкциялана тургандыгы жөнүндөгү болжолдуу долбоорду да иштеп чыгат. Мындай чоң жана өтө жоопкерчиликтүү иш Москвадагы Сокольнический музыкалык фабрикасына тапшырылат. Мастерлер Лазаревдин, Токмаковдун, композитор А. Ф. Гребневдин жана ошол кездеги фабриканын директору П. А. Шошиндин биргелешип иштөөлөрүнүн натыйжасында алгачкы жолу комуздун беш түрү (комуз-пикколо, комуз-прима, комуз-альт, комуз-тенор, комуз-бас) модернизацияланат. Ал эми фабрика үчүн кыл кыяк, чоор, сурнайды өркүндөтүү кыйын болот. Комуздун биринчи өркүндөтүлүшүнө улуу музыкант Муратаалы консультант катары катышат. Кийин 1938—40-жылдары СССР элдеринин музыкалык аспаптарынын конструктору П. А. Шошин тарабынан кыл кыяктын (кыяк-прима, кыяк-альт, кыяк-бас) жаңы үлгүлөрү өркүндөтүлөт. Бирок ал жаңы аспаптардын сапатын, угумдуулугун дагы жогору көтөрүү, тембрин нукура комуз менен кыл кыякка жакындатуу сыяктуу изденүүлөр улантыла берет.

1952—53-жылдары комуздун, кылкыяктын түркүмдөрү жаңыдан Ташкенттеги илим изилдөө, өнөр таануу институту тарабынан кайрадан өркүндөтүлөт. Алардын жаңы түрлөрүн профессор А. И. Петроянц менен С. Е. Дидеренко модерницазиялашат. Ал эми алиге чейин чоор,

---

[1] Автордун «Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары» деген атайын жазылган эмгегинде аспаптар жөнүндө кең-кесири баяндагандыктан, бул жерде аларды кайталап жазууну ылайык таппадык.

сурнай, керней, темир комуз, жыгач ооз комуздар өркүндөтүлө элек. Ошондуктан алардын ордуна эл аспаптар оркестринде гобой, флейта, фагот жана башка аспаптар пайдаланылат. Ошентип, тунгуч оркестр акырындык менен өнүгүп, жаңы аспаптар менен баюуда.

Азыркы оркестрибиз музыкалык аспаптардын төрт тобунан: кылдуу жаа менен тартма (кыл кыяк-примадан, кыл кыяк-альттан, кыл кыяк-бастан жана кыл кыяк-контрабастан), кылдуу чертме комуз-прима, комуз-секунда, комуз-альт, комуз-бастан), үйлөмө (гобой, флейта, кларнет, фаготон) жана урма аспаптардан (добулбастан) турат.

Комуз-прима жасалышы жагынан кадимки калк арасында чертилип жүргөн комуздун жарымынан кичине. Моюну ладдарга (беренелерге) бөлүнгөн. Ал оркестрдеги негизги баштоочу аспаптын бири. Ага капрондуу лескадан үч кыл тагылат. Комуз-прима квартага күүлөнөт: Ми-ми-ля биринчи октавада. Ал скрипкалык ачкычта жазылат. Диапозону ми биринчи октавдан ре үчүнчү октавага чейин. Аспапта аккорддор да алынат.

Комуз-секунда. Ал комуз-примадан бир аз чоңураак. Моюну ладдарга бөлүнгөн. Аға дагы капрондуу лескадан үч кыл тагылат. Комуз-секунда квартага толгонот: ля-ля кичине, ре биринчи октавага. Скрипкалык ачкычта жазылат да, ошол эле диапазондо угулат. Комуз-секунда ля кичине октавадан соль экинчи октавага чейинки жалпы көлөм жана аккорддор да алынат.

Комуз-альт. Бул дагы оркестрдеги негизги аспаптан. Анын тулкусу (корпусу) прима, секунда комуздарга салыштырганда бир аз чоңураак. Анын моюндары дагы жарым тондогу ладдарга (беренелерге) бөлүнгөн. Ал ми-ми-ля га толгонот. Тембринин добушу коңур, угумдуу. Ага да капрондуу лескадан үч кыл тагылат. Скрипкалык ачкычта жазылат, бирок андан октава төмөн угулат. Аспаптын жалпы көлөмү — ми кичине октавадан тартып экинчи октаванын ре сине чейин.

Комуз-альт да аккорддор алынат.

Комуз-бас көлөмү жагынан комуз-альттан эки эсе чоң. Анын моюндары да ладдарга бөлүнгөн. Ал квартага (ми-ля чоң октавада жана ре кичине октавада) толгонот. Комуз-баска да үч кыл тагылат. Ал бас ачкычында жазылат. Анын диапазону ми чоң октавадан тартып, биринчи октаванын сольнуна чейин.

Комуз-бас оркестрге гармониялык таяныч түзүп, ага өзгөчө угумдуулукту, көркөмдүктү жаратат.

Кыл кыяк оркестрдеги кылдуу жаа менен тартма түркүмүндөгү аспаптардын эң негизгиси. Элде кыяк эки кыл менен тартылса, оркестрде ал төрт кылда тартылат. Анын добушундагы адамды таң калтырган өзгөчө касиет — обондуулугу. Аны жакшы аткаруучу тартса адам үнүндөй ырдайт. Байыркы аспап оркестрге гана катышпастан, жеке өзүнчө концерттерде да тартылат. Анын добушунун тембри обондуу, (ыргактуу) жумшак, назик, коңур келет.

Оркестрде кыяктардын тобу (кыл кыяк-прима, кыл кыяк-альт, кыл кыяк-бас, кыл кыяк-контрабас) деген түркүмдөргө бөлүнүп тартылат.

Кыл кыяк-прима. Буга төрт күмүш кыл тагылат. Ал квинтага (соль кичине октавада, ре-ля биринчи жана ми экинчи октавада) толгонот. Скрипкалык ачкычта жазылат. Кандай жазылса, дал ошондой тартылат. Жалпы диапазону — соль кичине октавадан, ля төртүнчү октавага чейин. Негизги штрихтерден легато, стаккато, пиццикато ж. б. алып ойнолот. Кош ноталар, аккорддор да эркин алынат.

Кыл кыяк-альт көлөмү жагынан кадимки кыяктан саал чоңураак жана добушу бир аз пасыраак. Оркестрде ал башкы аспаптардын бири. Буга да күмүш кылынан төртөө тагылат. Ал альт ачкычында жазылат да, кандай жазылса, ошондой аткарылат. Кыяк-альт да квинтага (до соль кичине октавада жана ре, ля биринчи октавада) күүлөнөт. Жалпы диапазону до кичине октавадан ре үчүнчү октавага чейин.

Кыл кыяк-бастын көлөмү кадимки кыл кыяктан үч-төрт эсе чоң. Күмүш кылдан төртөө тагылат. Кыяк-бастын добушу обондуу, кубаттуу, коңур, бирок ал альттан төмөн. Ага лирикалык же лирико-драматикалык обондорду аткаруу (ойноо) мүнөздүү. Квинтага (до-соль чоң октавага) күүлөнөт. Бас ачкычында жазылат да, кандай жазылса ошондой аткарылат. Жалпы диапазону да чоң октавадан ре экинчи октавага чейин.

Кыл кыяк-контрабас оркестрдеги жаа менен тартма кылдуу аспаптардын эң чоңу. Аны аткаруучу туруп тартат. Кыяк-контрабастын көлөмү адамдын бою менен тең. Ал өз алдынча жеке баштоочу аспап катарында чыгармаларды өтө сейрек аткарат. Аган негизинен гармониялык таяныч жүктөлөт. Бул аспапка да күмүш кылынан төртөө тагылат. Ал квартага (ми-ля контр-октавада, ре-соль чоң октавада) күүлөнөт. Бас ачкычында жазылат да, андан бир октава төмөн тартылат. Жалпы диапазону ми-контр-октавадан соль кичине октавага чейин.

Урма аспаптардын түркүмдөрүнөн оркестрге чоң жана кичине добулбас кирет. Алар оркестрдин ритмин, жалпы добушунун күчүн, ачыктыгын арттырып, кубаттуулугун көтөрөт.

Добулбас — жалпы түзүлүшү жагынан симфониялык оркестрдин литаврасына окшошот. Кай бир убакта оркестрге темир (ооз) комуз да пайдаланылат.

Оркестрде комуз, кыл кыяктардан башка да төрт кылдуу домбратенору, биринчи жана экинчи партиялардагы домбра-прима, гобой, флейта, англиялык рожок, бас-кларнет, флейта-пикколо ж. б. аспаптарда кошулуп ойнолот. Алардын айрымдары үндөргө да бөлүнгөн. Эмне үчүн кыргыздын эл аспаптар оркестри башка калктардын аспаптары менен аралаштырылып түзүлгөн? Анын эң негизги себеби, алиге чейин сурнай, керней, чоор сыяктуу музыкалык аспаптарыбыз өркүндөтүлө элек. Ошол себептен азырынча оркестрге ар түркүн аспаптар пайдаланылууда. Ал эми кыл кыяктар менен комуздар да угуучулардын күткөн талабындагыдай деңгээлде модернизациялана элек. Бул болсо классикалык күүлөрдүн, ырлардын нукура (таза) аткарылышына да өз таасирлерин тийгизүүдө.

Биздин оюбузча республикабызга Алматыдагыдай, Ташкенттегидей музыкалык-эксперименталдык өнөрканасын ачсак, оркестрде чертилип, тартылып жүргөн азыркы аспаптардын айрым кемчиликтерин жоёр элек. Дагы бир айта кетүүчү ой, биздин оркестрге да Казактын Курмангазы атындагы эл аспаптар оркестриндеги өркүндөтүлбөгөн кадимки домбыра-тенорундай комуз-тенорун кошсок жакшы болор эле. Ал эми кыяктарды азыркыдай төрт кылда эмес, казактардын кобызындай үч кылда алсак. Анткени, кыяк менен кобыз бири-бирине жалпы формасы гана эмес, жасалышы, күүлөнүшү, ойнолушу, репертуары, бир сөз менен айтканда бардык жагы менен куюп койгондой окшош. Ошондуктан, кыякты да кобыздын үлгүсүндө өркүндөтүп көрсөк, балким накта кыяктын тембрин таап алышыбыз да мүмкүн. Ушундай эле чоорду казактардын сыбызгысынан, сурнайды өзбектердин сурнайынын үлгүсүндө модернизациялап эксперимент жасап көрсөк жакшы болор эле. Эгерде, элдик музыкалык аспаптарыбызды толугу менен ойдогудай өркүндөтсөк, оркестрибиз азыркыдан дагы атак-даңкы алыска тарап, көп улуттуу советтик угуучуларга мындан да кеңири белгилүү болмок. Ошондуктан эл аспаптарын ар дайым, ар убакта жаңылоону көңүлүбүздөн чыгарбообуз зарыл.

Алгачкы чыгармачылык кадамдар

1930—41-жылдардын аралыгында көп улуттуу өлкөбүз айыл чарбасы, өнөр жайы, маданияты, адабияты боюнча зор ийгиликтерге жетишти. Согушка чейинки беш жылдык кең мекенибиздин тарыхына совет калкынын экономика жана маданият жагынан чоң чыгармачылык менен көтөрүлгөн жылы катары кирди.

Республикабызда айыл чарбасында гана эмес, маданий турмушунда да өмүрүндө болуп көрбөгөндөй зор өсүштөргө жетишти. Кыргызстанда көптөгөн башталгыч жана орто мектептер, ар түрдүү адистерди даярдаган техникумдар, институттар, жүздөгөн китепканалар, клубдар, кинотеатрлар ж. б. ачылды. Бул жылдары кыргыздын элдик жана профессионалдык искусствосу да өнүгүүнүн, гүлдөөнүн айкын жолуна түштү.

Республикабызда кыргыз, орус драма театрлары, музыкалуу драматеатр, филармония уюшулат. Музыкалык-хореографиялык окуу жайы ачылат. Ошону менен бирге борбор шаарыбызда музыкалык жана хор коллективдери, ар түрдүү ыр, бий ансамблдери түзүлөт. Айыл-кыштактарда, шаарларда өздүк көркөм чыгармачылыктын өнүгүшү күч алат. Республикабызда элдик шайырлардын алгачкы кароолору, олимпиадалары өткөрүлө баштайт. Айыл арасында, кай бир окуу жайларынын

алдына комузчулар, кыл кыякчылар ансамблдери, түрдүү курама аспаптардан чакан оркестрлер да түзүлөт.

1936-жылы Карамолдо Орозов комузчулардын триосуна жетекчилик кылат. Бул саамалыкты кийинчерээк Атай Огонбаев өркүндөтөт. Мындай элдик ансамблдердин жана ар кандай чакан оркестрлердин күн санап өсүшү, айрыкча филармониянын уюшулушу, элдик музыканттардын алдыларына чоң чыгармачылык максаттарды, изденүүлөрдү коёт.

1936-жылдын 7-октябрында эл аспаптар оркестри уюшулат. Ал эми Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар советинин алдындагы искусство иштери боюнча башкармасынын 1936-жылдын 29-октябрындагы № 18-приказынын негизинде эл аспаптар оркестри драма театрынан өзүнчө бөлүнөт да, жаңыдан уюшулган филармонияга кошулат.

Кыргыздын эл аспаптар оркестринин алгачкы составы Муратаалы, Карамолдо, Осмонкул, Молдобасан, Атай, Калык, Шаршен, Муса, Адамкалый, Асанаалы, Калмурат, Токтонаалы, Чалагыз өндүү ж. б. атактуу шайырлардан турган. Айрыкча жаңы коллективдин аткаруучуларынын сан жана сапат жагынан өсүшүнө 1936-жылы борбор шаарыбызда өткөн эл чыгармачылыгынын республикалык биринчи олимпиадасы зор көмөк көргөзөт. Дал ушул кароодо Атай, Алымкул, Ыбырай, Шекербек, Бейшенаалы, Актан, Сайид, Ысмайыл ж. б. таланттарыбыздын чеберчиликтери жюри мүчөлөрү тарабынан жогору баалануп, оркестрде иштөөгө калтырылат. Айтылуу шайырлардын ар кимиси оркестрде ар түрдүү аспаптарда ойношкон. Маселен Карамолдо, Молдобасан, Актан, Осмонкул, Ыбырай, Шаршен, Адамкалый, Муса, Шекербек комузда, Муратаалы, Калык, Сайид, Абдылда, Камчыбеков Төлөбектер кыл кыякта, Өскөнбай Сейдалиев — чоордо, Шаймерден Аралбаев, Акмат Туяков комуз-баста, кларнетте ойношкон. Элдик музыканттар бир эле мезгилде оркестрде ойноо менен бирге комузчу, ырчы, кыл кыякчы, куудул, манасчы катарында жеке концерттерге да катышкан. Алар өздөрү менен бирге оркестрге эң эзелки эски классикалык күүлөрдү, ырларды кошо ала келишти. Бул болсо коллективдин репертуарынын байышына, өрчүшүнө баалуу салымдарды кошту.

Жаңы уюшулган оркестрдин дирижерлугуна жана көркөм жетекчилигине Петр Федорович Шубин дайындалат. Ал 1894-жылы Оренбург губерниясынын Ташла селосундагы кедей-дыйкан меш салуучунун үйбүлөсүндө туулат. Ал жетишпеген оор турмуштун кесепетинен он жашынан ылай тебелеп, кирпич куюп ата-энесине жардам берет. Акыры айласы кеткенде күнүмдүк жашоо үчүн 20 тыйын акы алып, помещиктин чарбасында иштейт. Кийинчерээк эки класстуу мектепте окуйт. Помещиктин хорунда жеке ырдап, эл аспаптар оркестрине катышат. Жаш баланын табигый таланттуулугун, өткөрө музыкага шыктуулугун педа-

---

[1] Оркестрдин алгачкы мүүндары жөнүндө атайын эмгек жазылып жаткандыктан, бул очеркте алардын ысымдары жөн гана саналып өттү.

гог жана дирижер М. З. Тюрин өз учурунда байкап, ага музыкалык сабатты окутат, дирижерлукка үйрөтөт. Жаш талант ар түркүн майда жанрдагы алгачкы чыгармаларын да жаза баштайт. Алар өзүнүн кошулуп ойноосу менен оркестрде аткарылат. Бул мезгилди Шубин өзү жазып калтырган өмүр баянында: «Педагог жана дирижерум кеткенден кийин мен оркестрдин кичинекей жетекчиси болуп калдым жана концерт да берип жүрдүм. Ошондуктан помещик Тимашева менин музыкалык жөндөмдүүлүгүмө көңүл буруп, Петербургка ала барып окутмак болду. Ал атама минтип айтты: «Мен сенин уулунду ала кетип, музыкалык билим берем, бирок сен мен жумшаган каражаттын баарын өз эмгегиң менен кайтарып берүүгө тийишсиң».

Ошентип, мен 1908-жылы Петербургка барып, профессор Смолинскийдин музыкалык курсуна кабыл алындым. Аны 1912-жылы бүтүрүп чыктым. Андан кийин жогорку музыкалык курска кирип, 1915-жылы сырттан бүтүрдүм.

Негизинен кыйын шарттарда окудум. Үч жылдан кийин помещик материалдык жардам бербей калды. Ошон үчүн кинемотографта ойноп, тыйын таап, жан багып жүрдүм.

Ошентип өз алдымча эмгектенүүм 1912-жылдан башталды,— деп жазган.

1915-жылы Шубин Петербургдан теория композиция жана фортепиано класстарын бүтүргөндөн кийин музыка сабагынын мугалими болуп иштейт. Ал Улуу Октябрь Социалисттик революциясына да активдүү катышат. Анын жеңиши үчүн граждандык согуштун фронтторунда кызмат өтөйт. Ал бул жылдары «Кызыл атчандардын чабуулу» деген фантазиясын жазат. Шубин граждандык согуштун учурунда Башкирияда жүрүп башкыр эл ырларын нотага түшүрөт. Ал ар кандай шартта жүрсө да, түрдүү жанрдагы чыгармаларды биринен сала бирин жазат. Анын бардыгы Улуу Октябрга, кеменгерибиз В. И. Лениндин образына жана граждандык согушка арналган. Шубиндин ошол кездеги чыгармачылыгы, таланты жөнүндө «Турмуш жана искусство» журналына В. Булах: «Оренбург уездиндеги дыйкандардын арасынан чыккан жолдош Шубин Ленинград консерваториясынын фортепиано, композиция жана теория классын бүтүргөн. Жолдош Шубин Питердеги Октябрь төңкөрүшүнүн катышуучусу. Ал кызыл армиялык бөлүккө командалык кылып, майдандарда болгон. Аскерден кайтып келгенден кийин өзүнүн сүйгөн кесибин улантты. Үч жылдын ичинде 150 гө жакын ар түркүм музыкалык чыгармаларды жаратты.

Ал 1918-жылы эле Ленинградда жүргөндө жазган орус ыры үчүн Пролеткульттун биринчи сыйлыгын алган болучу. Аткаруучу катарында да автордун жакшы техникасын, темпераментин, терең ойлоо жөндөмүн жана сергектигин белгилеп кетүү керек. Ал Анненкова-Бернарддын либреттоосу боюнча «Азаттыкка чыккан Россия» деген үч актылуу балетти жазат. Ошол балеттин актыларынын бири Оренбургда коюлуп, чоң ийгиликке ээ болду. Мындан тышкары композитор «Октябрь төңкөрүшү» аттуу фантазияны, «Кудайлардын өлүмү» деген симфонияны, фортепиа-

нолук үч сонатаны, төрт прелюдияны, үч фантазияны, эки трио-ну, скрипка, виоленчель үчүн бир нече пьесаларды жана бир топ вокалдык чыгармаларды жазды.

В. И. Лениндин дүйнөдөн кайтканын уккандан кийин П. Ф. Шубин өзүнүн «Ильичти эскерүү» аттуу кайгылуу жана ошону менен бирге сыймыктуу да угулган маршын жазат. Ошентип жолдош Шубиндин чыгармаларынын өзөгүн Октябрь, согуш темалары түзөт» — деп жазган.

1922-жылы Шубин армиялык милдетти өтөйт да Оренбургка келип бүткүл убактын чыгармаларды жазууга, педагогдук жана концерттик-аткаруучулук ишке арнайт. Бирок ал бир аз иштегенден кийин Татар педтехникумунда, балдардын көркөм чыгармачылыкка тарбиялоо үйүндө педагог болуп иштөөгө которулат. Ал аны чыгармачылык менен жемиштүү айкалыштырат.

1925-жылы Шубин кайрадан Ленинграддагы музыкалык окуу жайында педагог, ал эми 1926—1928-жылдары Оренбургда концерттик-аткаруучулук ишмерчилигин улантат. Петр Федорович угуучуларга композитор-пианист катары да таанылат. Ал негизинен өзүнүн чыгармаларын аткарат. Ошону менен бирге Чайковскийдин «Бака-шака той ичинде» деген романстарды да мукамдуу баритон үнү менен ырдаган. Шубиндин чыгармалары жалаң гана угуучуларды эмес, белгилүү советтик композиторлорду да кызыктырган. Алсак, анын чыгармачылыгы менен таанышкандан кийин композитор Ипполитов-Иванов, Рахманиновдун мектебиндеги композитор деп атап, Петр Федоровичти консерваториясы бар музыкалык борборго келип иштөөнү өтүнгөн. Бул жөнүндө Веха: ... «Шубиндин нукура музыкалык талант экени шексиз, белгилүү композитор М. М. Ипполитов-Иванов аны Рахманиновдун мектебине таандык шакирт катарында эсептейт, ошондуктан жаш музыкант ошол кишинин тилин алып, музыкалык чыгармачылыктын борборуна жакыныраак, башкача айтканда консерваториясы бар шаарлардын бирине барууга тийиш»,— деп жазган.

1928-жылдын жаз айларында Шубин Фрунзеге иштөөгө келет. Алтач ал музыкалуу-драмалык студиянын музыка боюнча бөлүм башчылыгына дайындалат. Ошол эле мезгилде музыкалык техникумда педагог, кийин театрда дирижер да болуп иштейт. Таланттуу жаштарга музыкалык сабатты окутат. Малдыбаев менен бирдикте «Ажал ордуна», «Карачач» драмаларына музыка жазат. Борбор шаарыбызга өздүк көркөм чыгармачылыктын хор коллективин да уюштурат жана жетектейт.

Көрүнүктүү композитор, тажрыйбалуу педагог, таланттуу дирижер Петр Федорович Кыргызстанга келгендин биринчи күнүнөн баштап, элдик музыканы терең өздөштүрүүгө, жаш профессионалдык музыканы өнүктүрүүгө бүткүл дили менен берилип эмгектенет. Анын элдик музыкабызды чын жүрөктөн кумарлана сүйүшү чыгармачылыгынын дагы бир жаңы баракчасын ачат. Шубинди айрыкча комуз, кыл кыяк, чоор, сурнайды түркүмдөргө бөлүп өркүндөтүү, эл аспаптар оркестрин уюштуруу, классикалык күүлөрдү, ырларды нотага түшүрүү, аларды ар түркүн аспаптарга иштеп чыгуу тынчсыздандырат. Ал өз оюн турмушка

ашырыш үчүн биринчилерден болуп элдик аспаптарды өркүндөтүп, оркестр уюштуруу жөнүндө демилге көтөрөт. Аны коомчулугубуз колдоого алат.

Ошентип тунгуч оркестрди уюштуруу ишине киришет. Ал жаңы коллективди түзүүдө аткаруучулардын катарын толуктоо иштерин бүткөндөн кийин көркөмдүгү, мазмуну жагынан доордун талабына төп келишкен концерттик программаны даярдоого киришет. Бирок, жаңы коллективдин алдында бир топ өтө татаал жана олуттуу кыйынчылыктарды жеңүү милдеттери турду. Алсак, абалтан комузда ж. б. аспаптарда төкмөлүк менен эркин ойногонго, эркин ырдаганга көнүп калган шайырларды дароо бирдиктүү ансамблдешип чертүүгө, башкача айтканда жеке аткаруучулуктан татаал оркестрдик ансамблдин формаларына үйрөтүү, музыкалык сабаттарды окутуу ж. б. Андай кыйынчылыктарды жеңип жана жандуу концерттик ансамблди түзүш үчүн ар бир комузчуга, кыл кыякчыга, ырчыга өтө кылдаттык, билгичтик, терең урматтоо, кадырлоо менен мамиле жасайт. Ал ар түркүн шыктагы, түрдүү аткаруучулук манерадагы шайырлардын чыгармачылыгын бүткүл жан-дили менен кумарлана өздөштүрөт. Алгачкы концертте аткарыла турган элдик ырлар, күүлөр өтө билгичтик менен тандалат. Алар оркесстранттарга угуу боюнча үйрөтүлдү. Ал эми ар бир фразаны, обондук жана ритмикалык кайрыктарды бөтөнчө ыкмаларды, штрихтерди артисттер жекече өздөштүрүштү. Аткарылуучу чыгармалардын бардыгы оркестрге унисон түрүндө өтө эле жөнөкөйлөштүрүлүп аспапташтырылды. Шубин күүлөрдү, ырларды тандоодо, аларды оркестрде так берүүдө, темптерин динамикалык оттенкаларын аныктоодо, бүтүндөй бирдиктүү чыгышына да зор чыгармачылык күч-кубатты, жумшайт.

1936-жылдын 18-майында Кыргыздын Мамлекеттик эл аспаптар оркестринин көрсөтмө-сыноо концерти болот. Ал Кыргыз ССРинин эл артисттери К. Орозовдун, М. Мусулманкуловдун, А. Боталиевдин, А. Малдыбаевдин, М. Баетовдун, А. Огомбаевдин, А. Куттубаеванын жана драма театрынын хорунун катышуусу менен өтөт. Булардын бардыгын оркестр коштойт. Концертте атайын оркестр үчүн аспапташтырылган (күүлөштүрүлгөн) классикалык күүлөр, ырлар да аткарылат. Аларды угуучулар ушунчалык зор кызыгуу, толкундоо менен кабыл алышат. Оркестрдик ансамбль элдик обондорду өтө көркөмдөп, бөтөнчө мүнөздөгү боёкту, ритмди, интонацияны (күчөтүп), күүлөргө чебер пайдалануу менен кубаттуу симфониялык шандуулукту жараткан. Бул концертте өзгөчө Атайдын «Эсимде», «Муратаалынын «Ботой», Малдыбаев менен Ковальевдин «Зулайканын ариясы», Абдыластын «Кызыл атчандар» деген чыгармалары өтө жогорку чеберчиликте аткарылат.

Оркестрдин алгачкы сыноо концерти ар кыл куралтагы жана ар түркүн кесиптеги угуучуларды кубанычтын кучагына бөлөйт. Алар элдик музыкабыздын ойлорунун байлыгы, стилинин өзгөчөлүгү, кооздугу, күүлөрдөгү терең мазмундуулук өркүндөтүлгөн аспаптарда кандайча салынгандыгы, угулушу жөнүндө өз ойлорун газета беттерине да жазы-

шат. Эл акыны Аалы Токомбаев алгачкы концерт жөнүндө: «акыркы мезгилге чейин биз кыргыздын улуттук оркестрин уюштура албадык. Тилекке каршы айрымдар улуттук аспап жалаң гана угуучулары аз боз үйгө ойноого ылайыкталган деп келишкен. Жергиликтүү улутчулдар болсо, кыргыздын улуттук аспаптарынан эчтеке кылууга болбойт деп айтышкан. Ал эми айрымдары оркестр уюштурууга болот, бирок жалаң гана кыргыздын аспаптарынан эмес дешкен. Мындай «теориянын» баарын бүгүнкү кыргыздын элдик оркестри аткарган концерттер таптакыр төгүнгө чыгарды. Мен концертти зор канааттануу менен уктум. Бирок, ошондой болсо да кээ бир кемчиликтерин айта кетейин. Биринчиден, музыкалар элдик аспаптар үчүн жеткиликтүү иштетилбеген, оркестрди дагы кооздой турган доолбас, сурнай негедир кошулбаган. Ал эми оркестрдеги өркүндөтүлгөн кыргыз комузунун үстүндө дагы жакшылап иштөө керек. Ошондой болсо да кыргыз оркестринин уюштурулушун чын жүрөктөн куттуктаймын. Оркестрди уюштурган жана анын жетекчиси Шубинге чоң чыгармачылык ийгиликтерди каалаймын! [1] Чындыгында эле оркестрдин уюшулушу формасы улуттук, мазмуну социалисттик маданиятыбыздагы эң чоң табылга болду. Кыска мөөнөттүн ичинде кызыктуу программадағы концерттин тартууланышы музыкалык коомчулугубуздагы зор окуя болду. Ырас, алгачкы концертте бир кыйла кемчиликтер кеткен. Маселен оркестрде бир кишидей биримдүүлүк (машыккандык) менен аткаргандык жетишпеди. Кай бир артисттердин аткаруусунда коомайсызданууу, чечкиндүүлүк, такшалгандык сезилбеди. Мунун бардыгы оркестранттардын элементардык музыкалык сабатты окубагандыгынан эле. Оркестрдин жетекчиси андай кемчиликтерди жоюш жана коллективге татаал классикалык чыгармаларды аткартыш үчүн артисттердин бардыгына кары, жашына карабай нота үйрөтө баштайт. Аз гана мезгилдин ичинде алар музыкалык сабаттарын жоюуга жетишет. Бул жөнүндө Шубин сыймыктануу менен «Оркестранттардын бардыгы ноталык сабатты өтүшөт, сольфеджиодо ырдашып, нота боюнча ойношот. Кала берсе алды 60 жана 70 дерге барып калган аксакалдарыбыз да кыска мөөнөттүн ичинде нота үйрөнүштү жана татаал музыкалык номерлерди өткөрө чеберчиликте аткарышат»[2],— деп жазган. Күндөн-күнгө артисттердин аткаруучулук чеберчиликтери артып, бирдиктүү ансаблдешип чертүүгө көнүгүшөт, өзгөчө Муратаалы, Карамолдо, Молдобасан, Калык, Атай Муса ж. б. шайырлардын оркестрде иштеши жаш коллективдин ылдам жетилишине, эл урматына тезирээк бөлөнүшүнө зор өбөлгө түзөт.

Келечеги кең жаш коллектив уюшулгандан эки ай өткөндөн кийин Бүткүл союздук радио комитетинин добуш (музыка) жазуучу фабрикасынын чакыруусу боюнча чыгармаларды пластинкаларга жаздырыш

---

[1] *А. Токомбаев,* «Улуттук маданияттагы чоң табылга», «Советская Киргизия» газетасы, 2-июль, 1936-жыл.

[2] *П. Шубин,* «Алма-Атага барууга даярданып жатабыз», «Казакская правда» газетасы, 21-апрель, 1937-жыл.

үчүн Москвага аттанышат. Оркестр менен бирге көрүнүктүү комузчулар, ырчылар, аткаруучулар жана драма театрынын хору да барат.

Кыргыздын искусство чеберлеринин аткаруусундагы чыгармаларды грампластинкага жаздыруу жана тандоо боюнча СССРдин Эл Комиссарлар Советинин алдындагы Бүткүл союздук искусство башкармасы тарабынан атайын комиссия түзүлөт. Анын составына профессор Беляев баштаган пианисттер Мейчик, Каминская, композиторлор Фере, Власов, Яголин, сынчы Подяновский, комуздун конструктору Гребнев ж. б. кирет. Кыргыз Мамлекеттик драма театрынын артисттеринин аткаруусундагы чыгармаларды угуу Союздар үйүнүн октябрь залында өтөт. Комиссия солисттердин, хордун, оркестрдин аткаруусундагы чыгармаларды угушат. Аларды Карамолдонун, Муратаалынын, Молдобасандын, Адамкалыйдын аткаруучулук техникалары таң калтырат. Солисттер Боталиевдин, Малдыбаевдин, Баетовдун өзгөчө Анвар Куттубаеванын чеберчиликтери да жакшы таасирлерди калтырат. Ушундай эле комиссия оркестрдин уюшулганына эки ай болсо да, кыска убакыттын ичинде бирдиктүү коллективге айланганын, зор чыгармачылык ийгиликке жетишкенин белгилешет. Комиссиянын тандоосу, өтүнүчү боюнча оркестр, хор жана атактуу шайырлар 23 чыгарманы грамофонго, он төртүн тонфильмге, жаздырышат. Андан соң, Москвадагы курулушчулардын Борбордук клубунда, эл агартуу кызматкерлеринин Борбордук үйүндө жана «Шарикоподшипник» заводунда, чет өлкөлүк туристтерге концерт берүүгө жана Бүткүл союздук хор олимпиадасына да катышууга чакырылат. Алар кайсыл жерде, кандай аудиторияда концерт беришпесин бардыгы тең зор ийгиликтер менен өтөт. Айрыкча оркестрдин коштоосунда аткарылган хорлор жеткиликтүүлүгү, көркөмдүгү менен угуучуларды өзүнө тартат. Бүткүл союздук хорлордун биринчи олимпиадасына катышып, биринчиликти жеңип алышат. Өзгөчө алар Малдыбаевдин «Кызыл атчандарын», «Забойщигин» жана «Карачач» драмасынан хорду эң бир жагымдуу, уккулуктуу аткарышат.

Кыргыз артисттеринин бөтөнчө эл аспаптар оркестринин кыска убакыттын ичинде эң зор ишти жана улуттук өнөрдүн кооз үлгүлөрүн өздөштүрүүгө, тартуулоого жетишкенин атактуу музыковеддер Затаевич, Беляев ж. б. өтө жогору баалашат. Бул элдик жана профессионалдык музыкабыздын союздук аренадагы алгачкы ийгилиги эле.

Оркестрдин алгачкы концерттик сапарынын москвалык угуучулар тарабынан жогору бааланышы, анын дагы арымдуу өнүгүшүнө жол ачат. Коллективдин чыгармачылык жактан өсүшү ушунчалык таасирлүү жана таалимдүү (маанилүү) болгондуктан анын базасынын негизинде 1936-жылдын 2-октябрында Кыргыз филармониясы уюштурулат. Ал бат эле республикабыздагы музыкалык-концерттик иштин борборуна айланат.

Эл аспаптар оркестринин күн сайын аткаруучулук жактан такшалышы сан жана сапат жагынан өсүшү, айрыкча Ыбырай, Сайид, Алымкул, Асанаалы, Атай, Шекербек сыяктуу ар түрдүү шыктагы чеберлер менен толукталышы, анын калк арасындагы атак-даңкын дагы бийик көтөрөт.

Жаш коллективдин репертуарын байытууда, кадрларды даярдоодо, аткарылуучу чыгармалардын сапатын көтөрүүдө П. Ф. Шубин зор чыгармачылык күч жумшайт. Ал ондогон классикалык күүлөрдү, обондорду оркестр үчүн элдин күткөнүндөй көркөмдүктө иштеп чыгат. Айрыкча, Петр Федорович Муратаалынын «Кер өзөн», «Шыңгырама», «Кер толгоо», деген ж. б. чыгармаларын өтө устаттыкта жаңы ыкмада, жаңы көркөмдүктө күүлөштүрөт. Ал комузчулардын күүлөрүн оркестрге түшүрүүдө өткөрө татаал музыкалык түркүн каражаттарды кошпостон, жөн гана күүнү аспаптык топторго которгон (переложение жасаган). Анткени, Шубин күүлөрдүн улуттук өзгөчөлүктөрүн жоготпоого жана комузда кандай ойнолсо, дал өзүндөй берүүгө аракеттенген. Ал эми айрым күүлөрдү түп тамырынан бери кайрадан иштеп, музыкалык түркүн кооз боёкторду кошкон. Дирижер өзгөчө күүлөрдүн өзүнө таандык улуттук өзгөчөлүктөрүн, стилин жоготпоого аракеттенген. Элдик музыканттардын оркестрде ойношу, алардын чыгармаларынын чоң коллективдин ар түрдүү аспаптарда күүлөштүрүлүшү, оркестранттардын музыкалык сабаттарды үйрөнүшү, өлкөбүздүн борбору Москвада гастролдо болушу, аң-сезимдеринин ар тараптан байышы, түшүнүктөрүнүн кеңейиши, профессионалдык жаш музыкабыздын кеңири канат жайып өсүшүнө, айрыкча комузчулардын, обончулардын чыгармачылыктарында доордун агымына айкалышкан жана жаңы ар кандай кайрыктардын, формалардын жаралышына да зор таасир этет.

Коллективдин чыгармачылык турмушуна күүлөр менен бирге элдик ырлар да зор роль ойноду. Алгач оркестр ырларды элдик салт боюнча бир үндө жөн гана обонду сүрөп аткарат. Бирок көркөмдүк жана чыгармачылык жактан күн санап өсүп жаткан коллективди андай бир үндө ырдаган традиция алымсындырбады. Совет бийлигинин жылдарында кыргыз эли да түздөн-түз орус хорунун жана революциялык ырларынын таасири, карым-катышы, байланышы аркасында көп үндө ырдоонун маданиятына да ээ болушту. Ал эми оркестр болсо эл турмушунан артта калбоону, ар дайым алдыга умтулууну, музыкалык маданияттын татаал формаларын аткарууга аттанышты.

1937-жылдан тартып Шубин оркестрдин репертуарына жөнөкөй гармонизациядагы элдик ырларды, обончулардын, композиторлордун чыгармаларын киргизе баштайт. Маселен, «Ой тобо», «Күңөтай», Атайдын «Эсимде», Шералиевдин «Созулма», Абдыластын «Мына, минтип», «Күн бүгүн», «Гүл турмуш», «Кызыл атчандар» аттуу ырларын көрсөтүүгө болот. Бир эле мезгилде оркестр угуучуларыбызга алгачкы жолу И. Дзержинскийдин «Тынч дон» операсынан «Крайдан крайга чейин», Л. Книппердин «Полюшка» жана «Баатыр Блюхер», «Аба комсомолунун маршы» аттуу калк жүрөгүнөн түнөк тапкан ырлары менен тааныштырат. Мекендештерибиз да аларды терең сүйүү менен өздөрүнүн төл чыгармасындай кабыл алышат.

Музыкалык маданиятыбыздын сыймыгы болгон оркестр убакыт өткөн сайын республикабыздын чегинен тышкаркы угуучуларга да белгилүү боло баштайт.

1936—38-жылдардын аралыгында таланттуу коллектив эки жолу Москвада, Казакстанда, Өзбекстанда гастролдо болот. Бир тууган угуучуларыбызга да ар кандай жанрдагы, түркүн мазмундагы классикалык ырларды, күүлөрдү тартуулап, алардын алкоолоруна арзыйт.

Республикабыздагы бүткүл музыкалык коомчулуктун куштарына бөлөнгөн оркестр барган сайын аткаруучулары нота боюнча ойноону терең өздөштүрө башташат. Аспаптардын улам жаңыланып өркүндөтүлүшү, добуш катарларынын көлөмдөрүнүн кеңейиши жеке гана кыргыз ырлары, күүлөрү эмес, башка бир тууган калктардын (казактардын, өзбектердин, орустардын, украиндыктардын, белорустардын, грузиндердин ж. б.) батыш европалык классик композиторлордун чыгармаларын аткарууга, оркестр үчүн да атайын чыгармаларды жазууга жол ачат.

Москвалык композиторлор С. Н. Василенко, Н. К. Чемберджи кыргыз обондорунун темаларында сюиталарды жазышат. Айрыкча Шубин атайын оркестр үчүн бир топ оригиналдуу чыгармаларды да жазат. Алардын ичинен автордун орус обондорунун нугунда жазылган лирикалуу «Волжскую советскую» деген хору, «Горную колыбельную» аттуу ыры, «Кыргыз темаларына жазган фантазиясы», «Жаш тилек» күүсүнүн увертюрасы бөтөнчө көркөмдүүлүгү менен айырмаланат. Автор фантазиясынын, увертюрасынын эң негизги өзөгүнө элдик күүлөрдү, обондорду алат да, аларды өтө билгичтик, сезгичтик менен оркестрдин аспаптык топторунда эң кылдат устаттыкта өнүктүрөт. Алар не бир ажайып, жан дүйнөдү асылдантат. Ал эми анын күүлөштүргөн чыгармаларынын ичинен Токтогулдун «Миң кыялы», «Токтогулдун кербези» деген классикалык күүлөрү, «Күңөтай», «Бото көз» аттуу элдик ырлары бөтөнчө көркөмдүктө иштелип чыккандыгы, жагымдуулугу менен айырмаланат.

1938-жылдын март айында П. Ф. Шубинге Кыргызстанда музыкалык искусствону өнүктүрүү ишинде он жыл үзгүлтүксүз эмгектенгендиги, улуттук кадрларды даярдап, биринчи жолу эл аспаптар оркестрин уюштургандыгы үчүн Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитети республикабыздын искусствосуна эмгек сиңирген ишмери деген ардактуу наамды берет. Ошол эле жылы Шубин партия менен элдин ишенимине ээ болуп, Өзгөндөгү № 224-шайлоо округу боюнча Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайланат.

1938-жылдын 24-мартында Кыргыз театрында Петр Федоровичтин борбордун угуучуларына арналган чыгармачылык отчет түрүндөгү юбилейлик концерти өтөт. Программада Шубин оркестрге күүлөштүргөн, аспапташтырган, үн жана фортепиано үчүн иштеп чыккан кыргыз, орус, өзбек, казак эл ырлары, күүлөрү, өзүнүн оригиналдуу чыгармалары аткарылат. Аларды аткаруу менен оркестр өзүнүн ушунчалык жакшы түзүлгөндүгүн, өз ара машыккандыгын айкындап, белгилүү маданияттуулукка көтөрүлгөнүн көрсөтөт.

Филармониянын жаш солисттери Рахматов, Шералиев жана белгилүү ырчы Муса Баетов оркестрдин коштоосунда чыгармаларды ишеним-

дүү жана эркин аткарат. Бул концерттеги дагы бир эң зор жетишкендик кыргыз музыкасындагы жаш кадрлардын өскөндүгү, өзгөчө оркестрдин окуучулары Ш. Аралбаев менен Ш. Орозовдун башкаруусунда (дирижерлоосунда) чыгармалардын аткарылышы кубантат.

Адаттагыдай эле отчеттук концертте Петр Федоровичтин канаттуу чыгармалары калк куштарына алынат. Бул болсо аны баштагыдан дагы жаңы чыгармачылык кайрат, жаңы демилгелүүлүк, жаңы шык менен эмгектенүүгө чакырат.

Тунгуч эл аспаптар оркестри өзүнүн уюшулганына эки гана жыл болсо да ар кыл жанрдагы чыгармаларды аткарууда, солисттерди, дирижерлорду ж. б. адистиктеги өнөрпоздорду даярдоодо эң негизги мектеп болду. Ал аспаптык чыгармаларды аткаруу менен бирге хор коллективин, ар түрдүү аткаруучулук манерадагы А. Малдыбаев, А. Боталиев, А. Куттубаева, М. Баетов, С. Кийизбаева, М. Мустаева, М. Махмутова, К. Рахматов, Ж. Шералиев өндүү келечеги кең ырчыларыбызды да коштоого алат. Аларга да алгачкы музыкалык сабатты, артисттик чеберчиликти, аспаптардын коштоосунда кандайча ырдоону репертуар тандоону Шубин үйрөтөт. Баарынан да оркестр тунгуч профессионал ырчыларыбыздын шыктарынын ар тараптуу өнүгүшүндө, дүйнөлүк музыкалык маданияттын кооз үлгүлөрү менен тааныштырууда, өзгөчө алардын атактуу опералык артисттерден болушуна чоң роль ойнойт. Маселен Абдылас, Ашыраалы, Анвардын симфониялык оркестрдин коштоосунда, музыкалык драмаларда, операларда ырларды, арияларды аткаруудан мурда өздөрүнүн чоң коллективдеги алгачкы ырдоо кадамдарын эл аспаптар оркестринен башташкан. Ал эми жөнөкөй колхоз кызы Мариам Махмутова, обончу Муса Баетов оркестрдин катардагы солистигинен опералык ырчылыкка чейин өсүшөт.

Таланттуу коллективдин жетекчиси Шубин ырчыларды тарбиялоо, өстүрүү менен бирге бир топ жаш музыканттарды да өзүнүн сүйгөн кесиби дирижерлукка үйрөтө баштайт. Алардын арасында Ш. Орозов, Ш. Аралбаев, С. Айманбетов, Б. Кулболдиев, А. Аманбаев өндүү шыктуу жаштар бар эле. Булар үчүн музыканын теориясы, фортепиано, дирижерлук өнөр боюнча атайын жеке сабактар өткөрүлөт. Ш. Орозов, А. Аманбаев жана Ш. Аралбаев дирижерлук кесипти өзгөчө кызыгуу менен сүйүшөт. Кыска гана мезгилдин ичинде оркестрдин жаш музыканты Шейше Орозов музыкалуу театрдын дирижер-стажёрлугуна, Ш. Аралбаев өзүнүн окутуучусу Шубиндин жардамчы дирижерлугуна көтөрүлөт. Ш. Орозов дирижерлук өнөрдү өтө терең бериле сүйгөндүгү, нукура табигый шыктуулугу менен айырмаланат. Ал куштарланган кесибине жетүүдө турмуштун түркүн татаал жолдорун басып өтөт.

Шейше ата-энеден эрте жетим калат. Балдар үйүндө тарбияланат. Айыл чарба техникумунда, андан кийин эки жылдык музыкалык мектепте окуйт. Театрдын оркестринде иштейт. Ал бала күнүнөн ырга, күүгө кызыгат. Мандолинде ойноп, өз демилгечилердин ийримдерине катышат. Анын дирижерлук шыгынын ойгонушуна, канат кагып өсүшүнө Шубин менен Целиковский көп көмөк көрсөтүшөт. Театрдын башкы

ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕСПУБЛИКАНСКАЯ МУЗЫКАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА Кирг. ССР
ИНВ. № 5946

дирижеру В. Целиковский өзүнүн окуучусу жөнүндө: «мындан эки жыл мурда Шейше Орозов татаал искусство-симфониялык оркестрди башкарууну үйрөнө баштады. Ал келечекте дирижер болууну чындап чечти. Мени жаш музыканттын иштермандыгы кубантты. Биз аны менен күнүнө 4—5 сааттан иштешебиз. Ошондой болсо да Орозовдун бөлмөсүнөн эртең мененки саат 4 гө чейин шам күйүп турар эле. Ал күзгүнүн алдында оркестрди элестетип дирижёрлукка машыгуучу. Ал «Алтын кыз» музыкалуу драмасынын партитурасын толук өздөштүрдү жана ишенимдүү алып барат»,— деп сыймыктана жазган.[1] Орозов театрдын дирижеру катары пультка алгачкы жолу 1939-жылдын 10-мартында «Алтын кызды» башкаруу менен чыгат. Ырас, ал ага чейин эл аспаптар оркестринде да ырларды, күүлөрдү дирижерлогон.

1936-жылы филармония уюшулганда Ш. Орозов анын тунгуч директору да болуп иштейт. Жаңыдан түзүлгөн концерттик мекеменин ар тараптан канат жайып өнүгүшү үчүн Орозов да көп чыгармачылык күч-кубат жумшайт. 1939-жылы өкмөт менен партиябыз Ш. Орозовдун музыкалык маданиятыбызга сиңирген эмгегин жогору баалап, ага Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери деген ардактуу наамды берет. Бул болсо аны дагы жемиштүү иштөөгө шыктандырат.

1938-жылдын жай айларында оркестр республикабыздын түштүк райондорунда гастролдо болот. Жаш коллектив кайсы гана колхоздо, совхоздо, райондо болбосун зор кызыгуу менен кабыл алынат. Алардын ар бир аткарган ырлары, күүлөрү угуучуларга өтө терең таасирлерди калтырат. Бул жолку гастролдо оркестр элге 200гө жакын концерт берет. Ага 150 миңден ашык угуучу катышат. Бул болсо жаш коллективдин калк арасында чоң кадыр-баркка, зор урматка ээ болуп баратканын ачык-айкын айгинелейт. Андай ийгиликтер күндөн-күнгө арта баштайт. Айрыкча, коллектив аткаруучулук чеберчилик, репертуар, сан жана сапат жагынан чыгармачылык бийиктиктерге көтөрүлөт. Маселен эки жылдын ичинде оркестрдин саны 70 адамга жетет. Булардын көпчүлүгү эл чыгармачылыгынын экинчи жолку өткөн республикалык олимпиадасынын катышуучуларынан тандалып алынган. Алардын ошол кездеги ийгиликтери жана бир тууган союздук республикалардын улуттук оркестринен кандайча өзгөчөлүктөр менен айырмалангандыгы жөнүндө композитор В. Фере: «Оркестрдин аткаруучулуктагы эң бир жетишкен ийгилиги өз репертуарындагы бардык чыгармаларды нота менен аткаргандыгында.

Биздин оркестранттар музыкалык сабатты билишет. Азыр болсо музыканын теориясын өтүшүп, сольфеджио жана классикалык музыкалык адабияттардын үлгүлөрү менен таанышууда. Ошонусу менен биздин улуттук оркестр Казакстандын, Өзбекстандын жана кала берсе алдыңкы республикалар Азербайжан менен Арменияның улуттук ор-

---

[1] *В. Целиковский,* «Кыргыз элинин искусство чеберлери», «Комсомольская правда» газетасы, 16-май, 1939-жыл.

кестрлеринен кескин түрдө айырмаланат. Себеби алар алиге чейин өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө чектелишип, чыгармаларды угуу(нота менен эмес — Б. А.) менен аткарышат»[1],— деп жазган. Ал эми Петр Федоровичтин алгачкы жана кийинки иштери, кыргыз музыкасына кошкон салымы тууралу А. Малдыбаев менен В. Фере: «Жолдош Шубин өз ишин баштаган учурда кыргыз элинин чыгармачылык бай казнасы, бардык ажайып ырлары менен күүлөрү республиканын чегинен тышкары дээрлик эч кимге белгисиз эле. Жалгыз гана А. В. Затаевич күүлөрдү жыйноо жана жазып алуу боюнча чоң иштерди жүргүздү, бирок Затаевич таланттуу жыйноочу жана изилдөөчүнүн гана ролун аткарган. А жолдош Шубин болсо өзүнүн алгачкы кадамдарынан баштап эле кыргыз элинин эң сонун музыкалык маданиятын Европалык маданиятка жакындаштырууну, айылдагы тойлордо ырдалып жүргөн жакшынакай ырларды шаардык концерттик залга да алып келүүнү өз алдына максат кылып койду.

Кыргыздын элдик музыкасы мурда ырдоо боюнча да, аспаптар боюнча да биргелешип аткарылган эмес. Ошондуктан Пётр Федоровичтин кыргыздын улуттук оркестрин түзүшү — республикабыздын музыкалык маданиятынын өнүгүшүндөгү эң маанилүү окуя десек аша чапкандык болбойт.

Петр Федорович сезгич, кылдат жана тажрыйбалуу педагог. Бул устаттын жетекчилиги менен элдин калың катмарынан табылган көптөгөн таланттуу ырчылар жана музыканттар өсүп чыгышты»[2].

Оркестр Фрунзе шаарында өткөн совет, орус музыкаларынын декадаларында, А. Малдыбаевдин жана бир тууган союздук республикалардын чыгармачылыктарына арналган концерттерге да активдүү катышат. Айрыкча жаш коллективдин 1939-жылдын май айынын аягында июндун башында Москвада өткөн кыргыз искусствосунун он күндүгүнө катышканы, анын идеялык жактан өсүшүнө зор таасир этет. Алар борбордун музыкалык коомчулугунун алдында өз өнөрлөрүн тартуулоодон мурда, ага жоопкерчилик менен даярдыктарды көрүшөт. Оркестрдин составын кайрадан карашып, репертуарларын такташат. Аткаруучулар чыгармаларды жакшылап үйрөнүшөт.

Декада күндөрүндө кыргыздын тунгуч операсы «Айчүрөк» жана «Алтын кыз», «Ажал ордуна» аттуу музыкалуу драмалары көрсөтүлөт. Булардан сырткары кыргыздын эл аспаптар оркестринин, филармониясынын артисттеринин Москва, Ленинград шаарларынын музыкалык окуу жайларында окуп жатышкан студенттеринин концерттери да берилет.

СССРдин Чоң театрындагы өткөн декаданын корутунду концертинде эл аспаптар оркестринин аткаруусунда жана коштоосунда ар түркүн жанрдагы чыгармалар аткарылат. Алсак, Муратаалынын «Кер өзөн», Шубиндин «Кыргыз маршын» коштоо менен Шералиевдин «Созулма»,

---

[1] *В. Фере,* «Филармония», «Советская Киргизия» газетасы, 2-ноябрь, 1938-жыл.
[2] *А. Малдыбаев, В. Фере,* «Кызыл кыргызстан» газетасы, 6-июнь 1938-жыл.

Атайдын «Эсимде», Малдыбаевдин «Мына, минтип», «Өз атабыз» (экөө тең балдар ырлары), ж. б. ырларды, элдик бий ансамблинен «Өзбек бийи», Шубиндин «Кыздардын кыялы», Власов менен Ференин «Жаш кербез», «Көптү көрдүк», «Кыздардын тоолук бийи», хордон Фере менен Шубиндин «Гүл турмуш», Шубиндин «Маршал Ворошилов», музыкалуу драмалардан Власов менен Ференин «Алтын кызынан» Чынардын ариозосу, Ажардын ыры аткарылат. Ырларды оркестрдин коштоосу менен Баетов, Шералиев, Махмутова ырдашат.

Чоң театрдын сахнасында биринчи жолу аткарылган кыргыз ырлары менен күүлөрү зор ийгиликтерге ээ болот.

1939-жылдын 8-июндагы «Правда» газетасына басылган «Коруңдуу концерт» деген макалада «Оркестрдин угулушу оригиналдуу жана ар түрдүү. Чертме комуз менен тартма кыяк европалык оркестрлердин үлгүсүндө топторго (пикколо, прима, альт, тенор, бас жана контрабас) бөлүнүп, эң мыкты ансамблди түзгөн.

Оркестрдин жетекчилери алардын составына флейтаны, гобойду, фаготту тартынбастан кошушуп, оркестрдин тембрдик байлыгын кеңейтишкен. Бул аспаптар ошону менен бирге, анын угулушуна кооздукту жана жумшактыкты берген. Оркестр менен аткарылган элдик обондор эң жакшы, Ансамбль кыргыздын элдик музыкасына түбөлүккө тамырын жаят окшойт»[1],— деп бааланган.

Оркестрдин аткаруучуларынан түзүлгөн комузчулар ансамблдеринин (жетекчилери Атай менен Адамкалый) чеберчиликтери да бордук угуучулар тарабынан өтө жогору бааланат.

Оркестрдин декада күндөрүндө Чоң театрда концерт бериши аларга жаңы чыгармачылык кубатты жаратат. Мурункудан дагы зор чыгармачылык эргүү, изденүү менен иштөөгө шыктандырат.

Таланттуу коллектив декададан кайтып келе жатып бир тууган Грузия, Армения, Азербайжан республикаларынын шаарларында гастролдордо болот. Бардык концерттери тең зор ийгилик менен өтөт.

Декададан кийин оркестрдин алдында бир катар жаңы милдеттер турду. Атап айтканда коллективдин жалпы музыкалык маданиятын көтөрүү, ноталык сабатты дагы терендетип үйрөнүү, орустун жана дүйнөлүк музыканын классиктеринин эң мыкты үлгүлөрүн аткаруу, ошолордун негизинде улуттук искусствобузду жогорку бийиктиктерге жеткирүү, алдыңкы маданияттагы советтик калктардын деңгээлине тенелүү ж. б. милдеттери.

1939—40-жылдары оркестрдин репертуары ар кандай жанрдагы чыгармалар менен толукталат. Өзгөчө орус жана батыш классиктеринин чыгармаларын жана элдик ырлар «Ой тообо», «Ой-хой», «Куйгөн», «Көл боюнда», «Турумтай», Шералиевдин «Сүйгөн жарга», «Жаркыным» аттуу ырларынын, эл күүсү «Керме тоонун» оркестрге салынышы коллективдин чеберчиликтеринин көтөрүлүшүнө да өз үлүшүн кошот. Булардын бардыгын оркестр үчүн Шубин иштеп чыккан. Композитор

[1] «Коруңдуу концерт», «Правда» газетасы, 8-июнь, 1939-жыл.

жана дирижёр ар бир ырды кыргыздын музыкалык тилиндеги элдик-интонациялык түзүлүшүн сактап, идеялык жана көркөмдүк мазмунун образдуу түрдө ачкан.

Оркестрде элдик ырлар, күүлөр менен бирге композиторлорубуз Ференин «Кыргыздын эки бийин», Чемберджинин «Кыргыз сюитасынын» экинчи бөлүмүн, Шубиндин «Маршалдар», «Кыргыз бийи», «Увертюра», «Кавалердүү полктун маршы», «Эки кыздын бийи» аттуу чыгармалары да аткарылат.

Адаттагыдай эле оркестр өзүнүн репертуарын СССР элдеринин музыкалары менен байытууга да бөтөнчө көңүл бөлөт. Бул жылдары жаш коллектив казактын эл күүсү «Бурултайды» жана «Өзбек бийин» угуучулардын көңүлдөрүнөн өчкүс көркөмдүктө аткарышат. Ошентип, жаш коллектив күн өткөн сайын аткаруучулук чеберчилиги жетилип, репертуар жагынан өнүгө берет. Алардын катарларынан өздөрүнүн жаш дирижёрлору өсүп чыгат. Бул жылдары оркестрдин башкы дирижёрунун ассистенти болуп музыкант Акмат Аманбаев иштей баштайт. Ал 1938-жылдан 1940-жылга чейин иштейт. Акмат Москвада өткөн декада эл аспаптар оркестринде өзүнүн окутуучусу Шубиндин «Кыргыз маршын», «Кыздардын кыялы» аттуу чыгармаларына дирижёрлук кылат. Алар угуучулар тарабынан жылуу кабыл алынат. Айрыкча анын дирижёрлук шыгы, чеберчилиги элдик ырларды, күүлөрдү оркестрде алып барууда (башкарууда) айкын көрүнгөн. Ал жөнөкөй музыканттан симфониялык оркестрдин дирижёрлугуна белгилүү композиторлукка чейин өсөт. Аманбаев алгач оркестрде дирижёр кийин композитор, филармониянын башкы көркөм жетекчиси катары таланттуу коллектив үчүн көп чыгармачылык күч-кубатты жумшаган. Ал ондогон ырларды, күүлөрдү, сюитаны ж. б. чыгармаларды атайын өзү өсүп-өнгөн оркестрге арнап жазган. Акмат ар дайым, ар качан коллективдин аткаруучулук, репертуар, өзгөчө сапат жагынан өсүшү үчүн бөтөнчө камкордуктарды көргөн.

Эл аспаптар оркестриндеги коомчулуктун колдоосуна алынган саамалыктын бири — комузчулар ансамбли болду. Ал ошол эле оркестрде Атай тарабынан түзүлдү. Анын тунгуч аткаруучулары Огомбаев, Айманбетов, Кулболдиев болушту. Ырас, ага чейин айрым өздүк көркөм чыгармачылыктын кала берсе филармонияда комузчулар ансамбли болгон. Бирок алардын бардыгы тең Атай уюштургандай атак-даңкка, урматка ээ болушкан эмес. Анткени, Атай ансамблде чертиле турган күүлөрдү ар кандай жүрүштө, түркүн курактагы, түрдүү улуттагы угуучулар суктануу менен таңдана уккандай укмуштуу ар кыл ыкмаларды, штрихтерди иштеп чыккан.

Алсак, ансаблдин эң алгачкы репертуары «Маш ботойду» комузчулар аткарганда, а дегенде колдорун ар кандай абалда алчыланта көркөмдөп ойнотуп келишип, анан «оппа» деген сүрөөнүн астында аспаптарын бир эле мезгилде адепки башталышындагы темпти бузушпай эки ийиндерине алмак-салмак коюп, кубултуп чертишкен. Бул болсо ан-

самблге бөтөнчө жаркындыкты жаратып, угуучулардын жүрөгүнө түбөлүккө уюган.

1940-жылдын ноябрь айында республикабыздын коомчулугу улуу демократ, акын жана музыкант Токтогул Сатылгановдун туулган күнүнүн 75 жылдык юбилейин белгилешет. Андай салтанатка карата шайырлар да кызуу даярданышып, атайын Токтогулга арнашып ырларды, күүлөрдү чыгарышат. Ал эми обончулар, композиторлор улуу акындын ырларына обондорду чыгарышып, музыкаларды жазышат. Кай бир классикалык күүлөрүн түрдүү аспаптар, үн жана фортепиано, хор ж. б. үчүн да иштеп чыгышат. Оркестрдин репертуарлары да Токтогулдун канаттуу чыгармалары менен толукталынат. Айрыкча Баетовдун «Туткун ыры», Шералиевдин «Кыздар ай», «Кербез», «Токтогулдун кербези» деген ырлары менен Шубин иштеп чыккан улуу музыканттын «Алайдын миң кыял», «Токтогулдун кербези», «Карылардын мундуу күү» аттуу күүлөрү коллективдин түшпөс репертуарына айланат. Акындын сөзүнө чыгарылган обондордон Токтогулдун жалпы чыгармачылыгына мүнөздүү интонацияларды, кай бир кайрыктарды угабыз. Алар ар бир обончунун, композитордун чыгарган обондоруна далма-дал айкалышып, ажарланып турат. Ал эми Шубин күүлөштүргөн Токтогулдун күүлөрү да угуучуларга күчтүү таасирлерди калтырат. Айрыкча Токтогулдун күүлөрүнүн маңызын терең түшүнгөндүк, стилинин өзгөчөлүгүн кылдаттыкта өздөштүргөндүк ачык-айкын байкалат. Алар аспаптардын ар бир тобунда обондуу, ойлуу жаңырат.

Ар жыл сайын оркестр тынымсыз өнүгүү, аткаруучулук чеберчилигин жетилтүү менен бирге жалпы музыкалык маданиятыбыздын дүркүрөп өсүшүнө да өзүнүн баалуу салымдарын кошот.

Аткаруучулук чеберчиликти жетилтүү

1941-жылы көп улуттуу кең мекенибизде каардуу согуштун алоолонгон оту жанды. Бейпилчиликте жаткан өлкөбүзгө немецтик фашисттер капысынан кол салды. Советтик Армия менен бирге Ата Мекенди коргоо үчүн бүткүл элибиз түп көтөрүлө аттанышты.

Совет калкы согуштун алгачкы күнүнөн тартып, тылда кайраттуулук менен эмгектенишип, согуштун бардык фронтторунда баатырларча салгылашты.

Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдарында бүткүл советтик музыкалык искусствонун, ошонун ичинде кыргыздардын да өнөр чеберлеринин алдында жаңы милдеттер турду. Алардын алдыларында каарман совет калкынын массалык баатырдыгын, жалпы патриоттук сезимин, киндик кан тамган Ата журтту, кең мекенди ач көз душмандарга бастырбоого, алдырбоого түп көтөрүлө күрөшкөн эрдигин, бир ата-эненин балдарындай бир тилекте, бир биримдикте салгылашкан интернационалдык достугун, жеңилбес күчүн, кара ниет душман канча-

лык күчтүү болсо да, жергебизде баары бир улуу жеңиштин желеги түбөлүккө желбиреринчыгармаларында терең чагылдырып турду.

Көп улуттуу, көп тармактуу советтик искусствонун ичинен согуш темасы музыкада өзгөчө кеңири, бөтөнчө эргүү менен даңкталды.

Совет элинин немецтик баскынчылар менен болгон баатырдык күрөшү ырчыларыбыздын, комузчуларыбыздын, аткаруучуларыбыздын, композиторлорубуздун чыгармачылыгына укмуштуудай күчтүү таасир этти. Алар эл, жер, мекен үчүн салгылашып жаткан советтик баатыр жоокерлердин укмуштуу эрдигин, тылдагы күжүрмөндөрдүн эмгегин, болоттой бекем ширелишкен улуу достуктарын даңктаган жана немецтик баскынчыларды тезинен ташын талкан кылууга чакырган түрдүү жанрдагы чыгармаларды жаратышты. Алардын чыгармачылык, аткаруучулук чеберчиликтери да мурдагыдан дагы мазмундуу жогорку көркөмдүүлүккө көтөрүлөт.

Кыргыз музыканттары жана ырчы-аткаруучулары жаңы күч менен Советтик Армиянын жоокерлерине концерттерди беришет. Шефтик топтордун көңүлүнүн борборун биринчи иретте согуштук бөлүктөр, госпиталдар, чакыруу пункттары ээлейт. Өнөр чеберлеринен атайын жети фронттук концерттик бригада уюштурулат. Алар Калинин, Ленинград, Белоруссия, Украина фронтторунун согуштук бөлүктөрүндө болушат. Кыргыз ССРинин эл артисттери А. Үсөнбаев, А. Куттубаева, М. Өмүрканова, С. Кийизбаева, М. Махмутова, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Ш. Шеркулов жана композиторлор В. Власов, В. Фере ж. б. фронттун эң алдыңкы линияларында болушуп, жоокерлерге 2500 дөн ашык концерттерди беришет. Кыргыз артисттери Советтер Союзунун маршалы Рокоссовскийдин солдаттары менен бирге Гомель шаарын бошотууга катышат. Ал эми экинчи бир С. Айманбетов баштаган артисткалар К. Эралиева, А. Исмаилова, К. Алиевалардын концерттик тобу 1942-жылдын июлунан 1944-жылдын сентябрына чейин панфиловдук гвардиянын дивизиясында болушат.

Кыргыз артисттери согуштук бөлүктүн кайсынысында, кандай жерде болбосун өздөрүнүн өнөрлөрү менен жоокерлерибиздин эрдигине-эрдик, кубатына-кубат кошуп, көңүлдөрүн көтөргөн. Фронттук концерттик бригаданын чеберлеринин ийгиликтери жөнүндө Кыргыз ССРнин Эл артисткасы Анвар Куттубаева: «Биздин биринчи концертибиз темир жол станцияларынын биринде токтоп турган чехословакиялык бригадага, ок менен оттун арасында согушуп жаткан советтик жоокерлерге берилди.

Алардын көпчүлүгү биздин тилибизге түшүнбөсө да зор кубаныч менен куттукташып, бизге ыраазы болушту. Согушуп жаткан жоокерлердин кумарын жазып, эрдикке шыктандырган ырлардын бири — Мукаш Абдраевдин «Селкинин саламы» эле. Ата Мекендик согуштун тык өзүнө, родинабыздын коргоочуларына барып кызмат кылуу ардактуу иш эле. Муну фронтко барган ар бир концерттик бригадалардын мүчөлөрү ачык түшүнгөн»,— деп эскерет.

Ошентип эл аспаптар оркестри Советтик Армия үчүн берилген шеф

тик, Республикабыздын завод-фабрикаларына, колхоз, совхоздоруна берилген концерттерге активдүү катышат.

Өлкөбүздөгү абалга карата эл аспаптар оркестри да бүткүл репертуарын кайрадан жаңыртат. Анын негизги концерттик программалары ошол мезгилдин талабына айкашкан «Жеңиш», «Коштошуу», «Узатуу», «Сагынуу» өндүү жаңы элдик ырлардан тартып, советтик композиторлордун согуштук темага арналган ар кандай жанрдагы чыгармалары менен байыйт. Айрыкча, композиторлор В. Власовдун «Күткүн мени», А. Малдыбаевдин согуш темасына арналган «Улуу марш», «Команда бер», «Биз москвичбиз», Шубиндин «Жаңы жеңишке», Ж. Шералиевдин «Белегим», «Узатуу», «Эл үчүн», «Фронттон кат», «Сагынам» өндүү ырлары, Шубиндин «Кызыл армиячылардын кыргыз маршы» оркестрдин ажырагыс репертуарына айланат. Таланттуу коллектив Ж. Шералиевдин «Каналчылардын ыры», «Бактылуу жаштык», Шубиндин «Гүлдөп ал», «Сен тууралу сөз», А. Малдыбаевдин «Тилек», «Кечиргин», «Мен кайрылып келгенче», «Кимге айтам» жана жаш композиторлор А. Аманбаевдин «Жаштык», М. Абдраевдин «Бешик ыры» А. Түлеевдин «Акижан» аттуу ак эмгекти, тунук махаббаты, бактылуу турмушту даңазалаган жаңы лирикалык ырларын, романстарын да аткарышат. Айтылуу Атай менен Мусанын «Гүл», «Ленин жөнүндө ыр» аттуу ырлары да А. Миловидовдун иштеп чыгуусунда оркестрде таңшыйт. Бул чыгармаларды оркестр элге «Бардыгы фронт үчүн», «Бардыгы жеңиш үчүн!» деген ураан астында тартуулайт. Кан майдандагы каармандардын баатырлыктарын даңктоо боюнча элдик оркестрдин алдында дагы зор милдеттер турду. Аларды жүзөгө ашырууда Шубин көп чыгармачылык күч жумшайт. Ал эл арасындагы мекенди коргоого, баатырдыкка чакырган, патриоттук жана күжүрмөн эмгекке үгүттөнгөн чыгармаларды концерттик программаларга тартынбай киргизет. Оркестр Кыргызстандын бардык өзгөчө алыскы кыштактарында, жайдыр-кыштыр гастролдордо болот. Жеңиш үчүн ат салышып жаткандардын кайраттарына карайт кошуп, улам жаңы эрдиктерге чакырат. Оркестрдин репертуары жалаң гана композиторлордун ырлары менен чектелген жок. Анда атайын согуштук темада жазылган кеңири мазмундагы театралдашкан концерттер, композициялар да аткарылат. Айрыкча оркестр, филармониянын хору, солисттери менен бирдикте, А. Токомбаевдин, К. Жантөшевдин «Комуз» аттуу (музыкасы А. Малдыбаев менен Раухвергердики) музыкалуу композициясын эң таасирдүү жана элестүү аткарат.

Оркестрде согуштук темадагы чыгармалар менен бирге дүйнөлүк классикалык чыгармалар да аткарылат. Айрыкча алардын ичинен Чайковскийдин «Ак куу көлү» балетинен фантазияны, увертюраны аткарышы чеберчиликтеринин өскөндүгүн ачык-айкын айгинелейт.

1942-жылдын июнь айында Фрунзе шаары боордоштуктун, достуктун шандуу музыкасына бөлөнөт. Орто Азия жана Казакстан республикаларынын биринчи музыкалык декадасы өтөт. Ошол кездеги шарттын татаалдыгына, согуштун күчөп турганына карабастан, бул декада

көп улуттуу музыкалык маданияттын чоң салтанатына айланат. Шаарыбызда он күн бою бир боордош өзбек, казак, тажик, түркмөн элдеринин музыкалары жаңырат. Негизинен декада композиторлордун Улуу Ата мекендик согушка, советтик жоокерлердин эрдиктерине, жеңиш үчүн күн-түн дебей эмгектенип жаткан тылдагы күжүрмөндөргө арналган чыгармалары аткарылат.

Кыргыздын эл аспаптар оркестри менен комузчулар ансамбли да бул декада да өздөрүнүн аткаруучулук чеберчиликтеринин мыктылыгын, репертуарынын ар түрдүүлүгүн дагы бир жолу салтанатташат. Алар жөнүндө Тажик ССРинин эл артистти А. Муллокандов, композиторлор Ф. Салиев, Ш. Бобокланов, А. Камалов, дирижёр А. Брагинский «Кыргыз музыкасынын концерттеринин ичинен бизге өзгөчө П. Ф. Шубин башкарган эл аспаптардын оркестри менен Атай Огомбаев жетекчилик кылган комузчулар ансамбли жакты, алар эң бир таасирдүү келип, көңүлдөн чыккыс элестерди калтырды.

Байкашыбызга караганда элдик аспаптардын оркестри ар түрдүү репертуарды өтө устаттык менен өздөштүрүп, так аткарууга жетишкен. Атай Огонбаевдин жана анын окуучуларынын комузда түркүн кубултуп кооз ойношу анын узактан берки элдик стиль экенин далилдейт»[1],— деп чын жүрөктөн суктана жана сыймыктана жазышкан.

Орто Азия республикаларынын музыкалык он күндүгүндө ошол кездеги жаш артисттер С. Кийизбаева, М. Махмутова, М. Эркинбаевалар да оркестрдин коштоосунда бир нече жолу отчеттук концерттерди беришет. Алардын аткаруучулук чеберчиликтери да декаданын катышуучулары тарабынан жогору бааланат.

Каардуу согуштун кыйын мезгилинде өткөн декада элдердин ортосундагы достукту, бир туугандыкты чыңдоого мурункудан дагы бирдиктүү болууга чакырды. От аралап, кан кечип жүргөн көп улуттуу советтик жоокерлердин жана жеңиш үчүн ат салыша эмгектенип жаткан тылдагы эпкиндүүлөрдүн эрдиктерин дагы ачык-айкын чагылткан эң жогорку көркөм чеберчиликте жазылган чыгармаларды түзүүгө чакырат.

Ошентип, комуз согуш жылдарында баштагыдан дагы бийик шаңкылдады. Эл аспаптар оркестринин аткаруучулук чеберчилиги дагы өстү. Репертуары да дүйнөлүк музыканын классиктеринин чыгармалары менен байыды. Алсак, П. Чайковскийдин, М. Глинканын, А. Римский-Корсаковдун, Л. Бетховендин, Ж. Бизенин аткарууга оор чыгармалары менен толукталынат. Ал эми композиторлор Власов, Фере, Раухвергер, Малдыбаев «Күткүн мени», «Кыргыздын марш ыры», «Кыргыз дивизиясы», «Кавалерлер ыры» аттуу ырларды, москвалык композиторлор М. Мильман, Казакеевич, Мазаев, Р. Пергамент ж. б. да коргоо темаларына арналган аспаптык ж. б. чыгармаларды жазышат. Оркестрдин

---

[1] *А. Муллакандов, Ф. Салиев, Ш. Бобокманов, А. Камалов, А. Брагинский,* «Жаңы чыгармаларды жаратабыз,» «Совтская Киргизия» газетасы, 19-июнь, 1942-жыл.

составында келечеги кең таланттуу жаштар да кабыл алынат. Алардын арасында Н. Тойгомбаева, А. Алиева, А. Исмаилова, Р. Берикова, Б. Саргасанова, Б. Орозбаева, Б. Какишева, Ж. Сарыкөбөнова, К. Эралиева өндүү жаш ырчылар да бар эле. Буларды оркестрдин коштоосунда ырдатууга, музыкалык сабакты үйрөтүүдө Шубин көп чыгармачылык күч жумшайт.

Согуш жылдарында элибиздин бир тууган союздук республикалардын атактуу шайырлары менен болгон музыкалык-маданий байланыштары да дагы баштагыдан кеңейип, дагы тереңдетилет.

1944-жылдын февраль, март айларында Ташкентте Орто Азия жана Казакстан республикаларынын совет музыкасынын декадасы болот. Анда коңшулаш жана канатташ жашаган бир тууган республикалардын улуттук музыкалык маданияттарынын зор жетишкен ийгиликтери даңазаланат. Бул декадага да эл аспаптар оркестри менен комузчулар ансамбли да катышат. Алар концерттик программаларынын ар түрдүүлүгү, чыгармаларды өтө устаттыкта аткарышы менен миңдеген ташкенттиктердин алышына татыйт. Эл аспаптар оркестри башка өнөр чеберлери менен бирге «Артисттер — фронтко», «Искусство — фронт үчүн кызмат кылат», «Улуу Мекен үчүн» деген ондогон тематикалык концерттерди берет. Комуз үнү согуштун от чачкан жеринде да жаңырды. М. Баетов, Ш. Шеркулов, М. Өмүрканова, А. Үсөнбаев өндүү шайырларыбыздын черткен күүлөрү, аткарган ырлары Калинин, Белоруссия, Ленинград тараптагы согуштук бөлүктөрдө шаңкылдады. Кыргыз күүсү баатыр жоокерлеribиздин эрдигине-эрдик кошуп, улуу жеңишке сүрөдү. Деги, комуз кайсы гана жерде болбосун, мейли кан кечкен кандуу майдандагы жоокерлердин арасындабы, мейли күн-түн дебей жеңиш, эл, жер, бак-таалай үчүн чеке терин агызган эмгек алптарынын ичиндеби, айтор, бардык жерде ушунчалык чоң кастарга, ошончолук чоң урматка ээ болот.

Согуш жылдарында оркестрдин бир топ аткаруучулары өз каалоолору менен Мекенди душмандан коргоого аттанышат. Алардын ордун Калый Молдобасанов, Сейдаалы Медетов өндүү таланттуу жаштар басышат. Адаттагыдай эле Шубин жаңыдан кабыл алынган оркестранттарга ноталык сабатты, ансамблде ойноону үйрөтөт.

1942—44-жылдары оркестр бир катар жаңы программаларды даярдайт. Алардын арасында Моцарттын «Рондосу», Шуберттин «Вальсы», Бизенин «Кармен» операсынан увертюраны, Власов, Ференин, Вепрактин ж. б. аспаптык чыгармалары бар эле. Буларды оркестр өздөрүнүн чыгармачылык күчтөрүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша угуучуларга жеткиликтүү аткарууга умтулушат.

Согуш жылдарында оркестр 140 тан ашык орус классиктеринин, советтик жана батыш европалык композиторлордун чыгармаларын аткарат. Республиканын райондорунан сырткары Ташкентте, Крымда, Түндүк Кавказда, Тажикстанда гастролдордо болот.

Оркестрдин 1944-жылдагы концерттик программаларынын ичинен Шубиндин «Ысык-Көлдүн ыры» аттуу сюитасы көркөмдүгү, мазмуну-

нун тереңдиги жагынан бөтөнчө айырмаланат. Автордун сюитасынын негизине кыргыздын элдик ырлары, күүлөрү алынган. Аларды композитор өтө устаттыкта пайдаланган. Сюитада баатыр совет калкынын фронттогу, тылдагы эрдиктери, эмгектери терең чагылдырылган.

1944-жылы П. Ф. Шубинге Кыргыз ССРинин Эл артисти деген ардактуу наам берилет. Ал Ш. Орозов менен бирдикте коллективдин репертуарын дагы жаңы чыгармалар менен байытуу, чеберчиликтерин көтөрүү үчүн белсемдүү эмгектенишет.

Согуш жылдарында Атай жетектеген комузчулар ансамбли да репертуар жагынан байып, аткаруучулук чеберчилиги артат. «Кара өзгөй», «Чайкама» өндүү күүлөрдү таң калгандай устаттыкта аткарышат.

1945-жылдын 9-майында немецтик фашисттердин таш-талканы чыгып, асманга күлү сапырылды. Өлкөбүздө дүйнө жүзүн дүңгүрөткөн улуу жеңиштин салюттары жаңырды. Мындай зор майрам, улуу салтанатты көп улуттуу совет калкы менен бирге кыргыз эли да кошо бөлүштү.

Белгилүү коллективдин репертуары да улуу жеңишке арналган түркүн чыгармалар менен байыйт. Алсак, обончулар Шералиевдин «Жеңген эл», Эгинчиевдин «Сайран күү», С. Бекмуратовдун «Жеңиш жоргосу» М. Абдраевдин «Ук бүт дүйнө», А. Аманбаевдин «Сайранда өмүр, сайранда», А. Малдыбаевдин «Жеңгендердин балдары» деген ырлары менен толукталынат. Оркестрге Муратаалынын «Ботой», «Тай бала», «Шыңгырама» (иштеп чыккан П. Шубин), «Камбаркан», «Токтогулдун кербези» (күүлөштүргөн С. Ряузов) деген күүлөрү да салынат. Композиторлорубуз оркестрдин репертуарын байыта, аткаруучулук чеберчилигин көтөрө турган симфониялык пландагы оригиналдуу чоң чыгармаларды да жазышат. Алсак, алардын арасында В. Фере, П. Шубин, С. Ряузов, М. Абдраевдин атайын оркестр үчүн жазган «Муратаалиана», «Колхоз кызы», «Комузчу», «Марш», «Кара теке», «Актандын обону», «Койчулардын коңур күү», «Комуз-кыяк күүлөрү», «БЧКка» (Чоң Чүй каналы) деген сюиталары, марштары, күүлөрү бар эле. Булардын ичинен, айрыкча, Ференин «Муратаалиана» аттуу төрт бөлүмдүү сюитасы бөтөнчө өзгөчөлөнөт. Анын негизин Күрөңкевдин «Көк сандал», «Ботой» «Кырыштырма», «Чоң шыңгырама» өндүү классикалык күүлөрү түзөт. Фере комузчунун ар бир залкар кайрыктагы күүлөрүнүн мүнөзүнө, маңызына жараша түркүн көркөм музыкалык боёкторду кылдат тапкан. Аларды автор билгичтик, сезгичтик менен пайдаланган. Ошондой эле, Шубиндин элдик обондун негизинде бий үчүн жазган «Комузчу» чыгармасы да назиктиги, бийлөөгө ийкемдүүлүгү, тилинин мукамдыгы, шайырдуулугу менен элге кеңири тарайт.

Оркестр, булардан башка да дүйнөлүк классик композиторлор Глинканын «Вальс-фантазиясын», П. Чайковскийдин «Ак куу көлү» балетиндеги «Кичинекей ак куулардын бийин», «Уйкудагы сулуудан», «Вальсты» жана казактын «Сары арка» деген күүлөрүн, молдовандыктардын, өзбектердин бийлерин, ырларынын маңыздарын ача, угуучуларга жеткире аткарат. Булардын ичинен айрыкча орустун улуу ком-

позитору М. И. Глинканын «Вальс-фантазиясы» оркестрдин мындан аркы чыгармачылыгынын өсүшүнө күчтүү таасир этти.

«Вальс-фантазияны» эл аспаптар оркестрине салууда (которууда) П. Шубин гармониянын фактурасынын эң бир назик деталдарын, динамикалык өсүштөрдүн бүтүндүгүн өтө устаттыкта сактаган.

Оркестрдин аткаруусунда «Вальс-фантазия» да орустун лирикалык обонунун кеңири симфониялык өсүшү ачык-айкын жаңырат. В. Власовдун «Элдердин достугу» аттуу композициясы да коллективдин сүйүктүү репертуарына айланат. Анын өзөгүнө бир топ элге кеңири белгилүү фронттук ырлар алынган. Алардын көпүчүлгүн обончу жана ырчы Ж. Шералиевдин ырлары түзгөн. Автордун композициясы да оригиналдуулугу, мазмундуулугу менен угуучулардын алкоосуна алынат.

Оркестрдин репертуарындагы дагы бир бөтөнчө саамалыктын жана жаңылыктын бири — жаш композитор С. Медетовдун «Пахтачы кыздын бийи» деген бийдин аткарылышы болду. Катардагы оркестранттын үч жылдын ичинде ноталык сабатты өздөштүрүп, музыка жазууга жетиши кимди болбосун кубантпай койбойт. Жайдары, жаркын сезимге жык толгон бий да угуучуларга терең таасир калтырат.

Белгилүү коллектив ырларды, күүлөрдү, сюиталарды, бийлерди ж. б. чыгармаларды аткаруу менен бирге филармониянын мамлекеттик хорун, бий ансамблин да коштоого алат. Аларды да мезгилдин жана музыканы сүйүүчүлөрдүн талабына ылайык аткарууга умтулушат.

1948-жылы профессионалдык музыкабыздын түзүүчүлөрүнүн бири, таланттуу дирижёр, педагог жана композитор П. Ф. Шубин, дүйнөдөн кайтат. Кыргыздын музыкалык искусствосунун өнүгүшүнө сиңирген зор эмгегин эске алып жана анын ысмын түбөлүккө калтырыш үчүн Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин токтому боюнча борбор шаарыбыздагы музыкалык мектепке анын ысымы берилет. Бир жылдан кийин Муса Баетов, Атай Огонбаев, Муратаалы Күрөнкөев өндүү залкар музыканттарыбыз да дүйнөдөн кайтат. Оркестрдин алгачкы аткаруучуларынын көпчүлүгү да ар түркүн себептер менен иштебей калышат. Мындай абал комузчулар ансамбли менен эл аспаптар оркестринин репертуарынын бир кыйла төмөндөшүнө, айрыкча аткаруучулук жагынан начардашына алып келет. Оркестрдин андай начар абалда калышынын башкы себеби, Шубиндей таланттуу өз ишин сүйгөн эркин күчтүү жетекчинин жоктугунан болду. Алсак, 1948—51-жылдардын аралыгында оркестрде дирижёр болушуп Ш. Орозов, А. Аманбаев, Ф. Назаров, А. Степанов, С. Германов, А. Каханов, Л. Израилович, Б. Кулболдиевдер иштешет. Ырас, булар өздөрүнүн чыгармачылык күчтөрүнө, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрүнө жараша оркестрди ондоого, кайра калыбына келтирүүгө аракеттеништи. Аманбаев, Германов, Израилович оркестр үчүн атайын чыгармаларды да жазышты. Алардын ичинен Израиловичтин «Кыргыз увертюрасы», жазылышы, жалпы маңызы, көркөмдүгү жагынан бөтөнчө өзгөчөлөндү. Бирок, бул жылдары оркестрди калк алдында жүзүн көргөзүү, жалпы аткаруучулук маданиятын көтөрүү үчүн дирижёрлорубуз канчалык күч-аракеттерди жумшашса да, угуучулардын

күткөнүндөй, башкача айтканда Шубиндин көзүнүн тирүү кезиндегидей деңгээлге, атак-даңкка жеткире алышпады. Филармониянын жетекчилери кетирилип жаткан кемчиликтерди ондоо жана оркестрди кайра калыбына келтүрүү үчүн көп аракеттерди жасашты.

Оркестрдин кайрадан төрөлүшү

Баатыр совет калкы бир тууган коммунисттик партиянын жетекчилиги астында кыска мөөнөттүн ичинде согуштан бүлгүн болгон чарбаны кайра калыбына келтирет. Социализмден коммунизмге өтүүнүн арымдуу кадамдары башталат. Кыргызстандын да экономикасы, маданияты дүркүрөп өсөт. Республикабыздагы тунгуч көркөм коллективдердин бири — эл аспаптар оркестри да кайрадан жаңы чыгармачылык, жаңы демилгелүүлүк менен өнүгө баштайт.

1951-жылдан тартып, эл аспаптар оркестри кайра жандана баштады. Дал ошол жылы оркестрдин башкы дирижёрлугуна Борис Виниаминович Феферман дайындалат. Ал 1920-жылы Украинанын Кривоград областындагы Александров шаарында туулат. 9 жашынан скрипкада ойнойт. 1946-жылы Харьков консерваториясынын дирижёрлук факультетин профессор Пирадовдун классынан бүтүрөт. Өз кесибин сүйгөн дирижёр алгачкы ишти оркестрдин аспаптарын өркүндөтүүдөн баштады. Анын сунушу жана демилгеси боюнча комуз менен кыл кыяктын түрлөрү Өзбекстандын искусство таануу институту тарабынан кайрадан өркүндөтүлдү. Дирижёр аспаптардын маселелерин чечип алган соң оркестрге атайын музыкалык билимдери бар кадрларды тартууга, тарбиялоого бөтөнчө көңүл бөлөт. Анын демилгеси боюнча Муратаалы Күрөнкөев атындагы музыкалык окуу жайынын алдына атайын элдик аспаптар бөлүмү ачылат. Буга таланттуу жаштар тартылат. Алар бир эле мезгилде окуп да, оркестрде иштеп да жүрүшөт. Феферман, Б. Кулболдиев, Д. Борбодоевдер менен бирдикте «Комуз чертүүнүн практикалык окуу китеби» деген музыкалык окуу китебин жазат. Бул болсо оркестрдеги башкы аспап — өркүндөтүлгөн комуздарды тез үйрөнүүгө чоң жардам берет. Феферман алгачкы мезгилде аткаруучуларынын жаштыгына, жаңы үйрөнчүктөрдүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша татаал кайрыктагы залкар күүлөрдү иштеп чыкпастан жөнөкөй обондорду, ырларды күүлөштүрөт. Алсак, Атайдын «Ой булбулун», «Гүлүн» баш кылган бир катар классикалык обондорду, элдик ырларды күүлөштүрөт. Анан бара-бара оркестрде ойноочулардын музыкалык сабаты өркүндөп, аткаруучулук чеберчиликтери төшөлгөн сайын улам татаал кайрыктагы күүлөрдү иштөөгө өтөт. Алсак, ал С. Бекмуратовдун «Эки дос», Атайдын «Кыз кербез», Ыбырайдын «Жаш тилек», «Боз салкын» деген күү-

лөрүн иштеп чыгат. Борис Виниаминович бул чыгармаларды жөн гана оркестрге которуп койбостон, алардын ар биринин өзөгүн алат да, алардын маңызына, жүрүшүнө жараша европалык музыканын гармониясын жана полифониялык элементтерин пайдаланат. Күүлөрдүн комуз айта албаган айрым кайрыктарына ой кошуп кооздоп, ырааттуу өнүктүрөт.

Айрыкча, Феферман Ыбырайдын «Боз салкын» күүсүн күүлөштүрүүдө жаңы ыкманы, жаңы көркөм боёкту тапкан, комузчунун бул күүсүндө касиеттүү түндүн кучагында көшүлүп жаткан бейпил дүйнөнүн сулуулугу, таңдын атышы менен жаратылыштын ойгонушу, эмгек шаңынын салтанаты баяндалат. Ал эртең мененки кооздукту темир комуздун жумшак, назик үнү менен созолонтот (коштойт). Мындай күүнүн маңызына — маңыз кошо иштеп чыгуу чыгарманын ажарын ачкан. Өзгөчө Фефермандын темир комузду алгачкы жолу оркестрге кошушу коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынат.

Оркестрде Ныязаалынын «Арсар күүсүнө» жазылган концертинонун аткарылышы өзүнчө бир чоң табылга болду. Аны алгачкы жолу Б. Кулболдиев, Р. Миронович комуз менен оркестрдин коштоосунда аткарылуучу концерттик пьеса деп жазышат. Бул саамалык да музыка сүйүүчүлөр тарабынан колдоого алынат. Эки музыкант классик комузчунун күүсүнүн жүрүшүнө айкалыштыра түркүн көркөм боёкторду тапкан. Комуз менен оркестр бири-бирин коштоого сүрөөгө алып, биринин оюн экинчиси толуктайт, өнүктүрөт. Улам жаңы жүрүшкө өткөн сайын, өөрчүп өнүгө берет да, күүнүн угумдуулугу артат. Авторлор бул чыгарма аркылуу элдик музыкабызда да мурда такыр болбогон жаңы түрдү киргизет. Оркестр андай жаркын чыгарманы аткаруу менен бирге, «Чолпон», «Анар» балеттеринен, «Айчүрөк» операсынан бийлерди, вальстарды «Иван Сусанинден» Краковякты, Қимир-Сен жөнүндөгү корея ыры ж. б. чыгармаларды аткарат. Ошону менен бирге оркестр Жумакановдун «Даңктан, Кыргызстан», Макаровдун «Кудум Волга боюнда» деген хордук сюитасынан үзүндүнү, орустун элдик ыры «Коробейники» (иштеп чыккан Александров) деген хорлорду да коштоого алат. Кыйла жыл (Шубинден кийин) аткаруучулук репертуар жагынан төмөндөп кеткен бул оркестрдин кайрадан жанданышы, аткаруучулук чеберчилигинин өсүшү 1956-жылы өткөн Кыргызстан Композиторлор Союзунун II съездинде жогору бааланат. Ал эми оркестрдин мындай ийгиликтери тууралу композитор, РСФСРдин жана Литва ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери Мариан Коваль «Б. Феферман эл аспаптар оркестринде мерчемдүү иш кылган. Анын иштеп чыккан көптөгөн элдик чыгармалары менен Атай Огомбаевдин күүсү көркөмдүк жактан кызыгууну туудурат. Аларда элдик аспаптык-музыкага таандык виртуоздук башталыш ойдогудай өнүгөт. Акыркы жылдарда элдик оркестрдин техникалык мүмкүнчүлүктөрү да бир кыйла өскөн, ошондой болсо да сөзсүз аспаптарды өркүндөтүү талапка ылайыктуу»[1],— деп

[1] *М. Коваль,* «Чоң чыгармачылык милдеттер». «Советская Киргизия», газетасы, 4-январь, 1956-жыл.

жазган. Мындай баалуу ойлор оркестрдин дагы өнүгүп, өсүшүнө жана көз жаздымында калган кемчиликтерди жоюуга чоң таасир этет.

Таланттуу коллектив барган сайын жаңы чыгармачылык изденүүнүн сапарына чыгат. Анын репертуарлары жалаң гана элдик ырлар, күүлөр менен арбыбастан, кыргыз композиторлорунун ар кыл мазмундагы чыгармалары менен да байыйт. Маселен М. Абдраевдин гүлдөгөн Кыргызстанга жана «ак алтындын» устаттарына арналган «Республикам», «Пахтачылардын ыры», жаштардын тунук махаббатын даңктаган «Студенткага», «Жалыныңа күйгөмүн», А. Малдыбаевдин «Дүрдана», А. Түлеевдин «Жаштар вальсы», А. Аманбаевдин «Күтүү», С. Медетовдун «Чабандын ыры» аттуу ырлары угуучулардын сүйгөн чыгармаларына айланат. Буларды оркестрдин коштоосунда Кыргыз ССРинин эл артисткасы С. Кийизбаева баш болгон ошол кездеги жаш солисттер С. Токтоналиев, А. Мырзабаев, С. Бекмуратова, Г. Валиулина, Н. Пак ж. б. аткарышкан. Опералык ырчылардын эл аспаптар оркестри менен бирге отчеттук концерттерди бериши, айыл-кыштактарда, шаарларда гастролдордо болушу коллективдин эл арасындагы баркын дагы бийик көтөрөт. Композиторлор М. Абдраев, А. Малдыбаев, А. Аманбаев, С. Медетов эл аспаптар-оркестрине ылайыктуу кеңири полотнодогу сюиталарды, увертюраларды да жазышат. Алардын айрым бөлүктөрү оркестрдин өздүк репертуарынан орун алат. Мисалы А. Аманбаевдин «Бий сюитасынан» бийлерди, С. Медетовдун төрт бөлүмдүү сюитасынан «Пахтачы кыздын бийин», А. Малдыбаев, М. Абдраевдин, «Майрам күүсүнөн» үзүндүлөрдү эң таасирдүү, бирдиктүү жана чебер аткарууга жетишет. Бул жылдары оркестрдин репертуары жалаң кыргыз ырлары, күүлөрү эмес, дүйнөлүк жана советтик композиторлордун ар кыл жанрдагы чыгармалары менен байыйт. Алсак, Бетховендин «Эгмонт» увертюрасы, Бизенин «Карменинен» Хабанераны, Глинканын «Руслан менен Людмиласынан» увертюраны, Будашкиндин «Домбура менен оркестр үчүн жазылган концертинасын» «орус увертюрасын» жана Глиэр, Гаджибеков, Брусиловский, Бабажанян өндүү композиторлордун чыгармалары менен толукталат. Буларды оркестрге Б. Феферман аспапташтырат. Алар дирижёрдун шыгына жараша угуучуларга жеткиликтүү, жогорку чеберчиликте которулган.

1956-жылдан тартып, эл аспаптар оркестрине дирижёр болуп Насыр Давлесов иштей баштайт. Ал 1929-жылы Кеминдин Кара-Булак кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулат. Насыр айылдагы толук эмес орто мектептин 7-классын бүтүргөндөн кийин Фрунзедеги финансы-кредит техникумуна келип кирет. Бирок, ал өткөн окуу жайынан окубастан, Шубин жетектеген эл аспаптар оркестринде иштейт. Ал бир аз оркестрде иштегенден кийин өзүнүн замандаштары Калый, Сейдаалы ж. б. менен Муратаалы Күрөнкөев атындагы музыкалык окуу жайынын дирижёрлук классына кабыл алынат. Насыр Р. Г. Мироновичтен сабак алат. Бир эле мезгилде окуу менен бирге эл аспаптар оркестринде да иштейт.

1949-жылы Давлесов Москвадагы П. И. Чайковский атындагы консерваториянын улуттук студиясына кабыл алынат. Насыр дирижёрлук сабакты А. И. Чугуновдон, гармонияны профессор И. Способинден, полифонияны профессор С. Евсеевден алат. Ал окуп жүргөндө эле конкурстарга катышат. Бетховендин 1, 2, 5, Чайковскийдин 4, 5 симфонияларын жана «Евгений Онегин» операсын дирижёрлойт. Атактуу композиторлор Шостакович, Хачатурян, Соловьев-Седой, Мурадели, Кабалевский, азыркы кең мекенибизге белгилүү дирижёрлор Е. Светланов, Г. Провоторов, В. Катаев, румыниялык Л. Бач ж. б. менен таанышат. Алардан таалим-тарбия алат.

1956-жылы Давлесов консерваториянын опера-симфониялык дирижёр факультетин ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин өзү өсүп өнгөн эл аспаптар оркестринде дирижёр болуп иштей баштайт. Жаш дирижёр оркестрдин репертуарын байытууда, аткаруучулук чеберчиликтерин көтөрүүдө, өзгөчө кадрларды тарбиялоодо зор чыгармачылык күч жумшайт. Оркестрдин азыркы аткаруучуларынын көпчүлүгү Насырдын окуучулары. Алардын ичинен Э. Жумабаевдин, Ч. Кожомжаровдун, Т. Томотоевдин, Ж. Султанмамытовдун ысымдары көптөгөн музыканы сүйүүчүлөргө белгилүү.

Дирижёр Давлесовдун композитордук шыгы айрыкча оркестрде иштей баштагандан күч алат. Ал эми сүйкүмүнө татыган алгачкы ырларын, аспаптык чыгармаларын да дал ошол мезгилдерде жазат.

1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасында Давлесовдун эмгеги өкмөт менен партиябыз тарабынан жогору бааланып, Ардак белгиси ордени менен сыйланат.

Дирижёр жана композитор эл аспаптар оркестринде төрт жыл иштеди. Ал бул жылдардын аралыгында оркестр менен Кыргызстандын бүткүл райондорунда, Советтер Союзунун ири өнөр жайлуу чоң шаарларында, бир тууган союздук республикалардын борборлорунда гастролдордо болот. Анын дирижёрлук чеберчилигине, чыгармаларынын жаркындыгына жүздөгөн музыка сүйүүчүлөр терең урматтоо, алкоо менен алакан чабышат.

Кыргыз ССРинин Эл артисти Н. Давлесов опера жана балет театрында ондогон классикалык балеттерди, операларды дирижёрлоду. Анын өнөрү жазган жаркын чыгармалары менен жеке гана советтик эмес, Канаданын (1967-ж.), Сириянын (1974-ж.) угуучулары да таанышты.

50-жылдардын аягында кыргыз совет музыкасында Насыр менен бирге К. Молдобасановдун ысымы да сыймыктануу менен айтылат. Калый менен Насыр өздөрүн коомчулукка таланттуу дирижёр гана эмес, композитор катары да көрсөтүштү. Калый «Вальс», «Жайлоодо», «Өрттөнсүн бозой жалынга», «Паризат» (иштеп чыккан), «Бешик ыры», «Комсомол», Насыр «Вальс», «Жылкычы», «Сагыныч» өндүү жаңы ыргактагы, жаркын обондуу ырларды жазышат. Алар бат эле калк арасына элдик ырлар шекилдүү тарайт. Аталган чыгармаларда башка композиторлорубуздун ырларынан бөтөнчөлөнгөн көркөмдүүлүк, ма-

ңыздуулук, обондуулук, жаңы ыкма, жаңы стил айкын сезилди. Бул жылдары композиторлор А. Малдыбаев, А. Аманбаев, М. Абдраев, А. Түлеевдер да «Мекеним тынчтык тиреги», «Күткөндө», «Эмне үчүн», «Пахтачылардын ыры», «Кремлди ойлосом», «Турумтай», «Гүлдө, тынчтык», «Жаштар вальсы» сыяктуу ондогон ырларды да жаратышат. Алардын көбү артисттер А. Мырзабаев, С. Бекмуратова, С. Токтоналиевдер тарабынан эл аспаптар оркестринде аткарылат. СССРдин Эл артисти А. Малдыбаев да өзүнүн «Дүрдана», «Алымкан» аттуу элге белгилүү ырларын оркестрдин коштоосунда эң ыраттуу, угумду аткарат. Элдик ырчы Асек Жумабаев да Мусанын «Туткун ырын», Атайдын «Эсимдесин», Шералиевдин «Жаштык» өндүү ырларын да оркестрдин коштоосунда калк алдына ийгиликтүү ырдап чыгат. Ушинтип, угуучулардын оркестрге болгон кызыгуулары да күндөн күнүгө арта берет.

Оркестр аспаптык чыгармаларды аткаруу, жеке ырчыларды жетектөө менен бирге хорлорду, сюиталарды, поэмаларды да коштоого алат. Алсак, Ч. Жумакановдун «Советтик армия жөнүндө ыр», Н. Давлесовдун «Жаштар ыры» деген хорлорун, А. Малдыбаев, Ч. Жумакановдун эки бөлүмдүү «Лирикалык сюитасын», Б. Фермандын «Токтогулдун кайтып келиши» аттуу поэмаларын угуучулардын сезимине жеткире аткарат. Коллективдин көлөмдүү жанрдагы чыгармаларды аткарышы биринчиден, репертуарларын байытса, экинчиден, чеберчиликтерин төшөлткөн. Оркестр нукура күүлөрдүн негизинде жаңыча формада, жаңыча ыкмада жазылган увертюраларды, сюиталарды да аткарат. Өзгөчө Фермандын Атайдын «Маш ботой» күүсүнө жазган салтанатуу увертюрасы, Давлесовдун «Токтогулдун күүлөрү» деген сюитасы оркестрде таланттуу аткарылышы коллективдин угуучулар арасындагы кадыр-баркын ого бетер көтөрөт. Анткени алардын ар бири ар кандай изденүүдөн жаралып ар кандай формада, түркүн жүрүштө өнүгүп-өсөт. Алсак, Феферман увертюранын негизине Атайдын «Маш ботоюн» алат. Аны автор не бир билгичтик, не бир сезгичтик менен оркестрге жана ансамблге ажарланта иштеп чыгат. Абалы оркестрде айтылуу «Маш ботойдун» темасы жаңырат. Ал бара-бара ансамбль менен алым сабак айтышкандай кайымдашат. Комузчулар ансамбли солист катарында жаңырат. Бирок аны кайрадан оркестр сүрөөгө алат, күү баштагысынан да шаңдуу, мурдагысынан кубаттуу угулат. Ошентип, Атайдын «Маш ботою» коммунизмди салтанаттаган жаңы «Маш ботойго» айланган. Ал эми, композитор Н. Давлесов Токтогулдун «Тогуз кайрык», «Карылык», «Чоң кербез» деген күүлөрүн бир жикте, бир маңызда өнүктүрөт. Мындай бир өзөктөгү чыгарманын башкы киришүүсүнө композитор «Тогуз кайрыкты», экинчи, үчүнчү бөлүмдөрүнө «Карылык», «Чоң кербез» деген күүлөрдү алат. Акыркы эки бөлүм бири-бирин жетектеп, биринин темасын экинчиси өстүрүп, өөрчүтүп отурат. Андай жиктешүү, жетектешүү эң бир угумдуу «Токтогулдун күүлөрү» аттуу өзүнчө бир жаңы формадагы сюитанын жаралышына жол ачкан. Жаш композитордун бул сюитаны жазуудагы артыкчылыгы — ал улуу музыканттын күүлөрүн жөн гана көркөмдүк жактан оркестрге ылайыктап иштеп

чыкпастан, күүлөрдүн ажарын ачып, маңызына маңыз кошкон симфониялык табылгаларды тартынбай пайдалангандыгында.

Белгилүү дирижёрлор Феферман менен Давлесов увертюраны, сюитаны иштеп чыгууда нагыз чыгармачылыкта эмгектенишкен жана өздөрүнчө үн катышкан. Композиторлордун атайын оркестр үчүн жазган кеңири полотнодогу чыгармаларынын ичинен Фермандын «Токтогулдун кайтып келиши» деген поэмасы, Власов, Ферениң «Кыргыз кайрыктары», Окуневдин «Кыргыз акварелдери» аттуу сюиталары оригиналдуу жазылышы менен айырмаланат. Айрыкча, Власов, Ферениң «Кыргыз кайрыктары» менен Окуневдин «Кыргыз акварелдери» деген сюиталары жаңы формада, жаңы мазмунда жазылган. Баарынан да авторлордун элдик музыкалык фольклорго өтө устаттык менен кылдат мамиле жасашы угуучуларды өзүнө тартат. Власов менен Ферениң сюитасы «Аялдардын бийи», «Шайыр ыр», «Жаштар бийи», өндүү үч бөлүмдөн турат. Буларда бүгүнкү күндүн бактылуу жаштарынын бейпил турмушу, күжүрмөн эмгектен кийинки шаттуу, шайыр сейил куруулары баяндалат. Ал эми Г. Окуневдин «Кыргыз акварелдери» аттуу сюитасында Кыргызстандын кооз жаратылышы, анын койнунда алдейленген күжүрмөн эмгектеги эрдиктери, таң-тамашалары даңкталат. Ал «Гүлдөөдө», «Талаа гүлү», «Арыкта», «Ак кардуу өрөөндөр», «Колхоз талаасында», «Элдик майрам» өндүү бөлүмдөрдөн турат. Булар бири-бирин жетектеп, айтайын деген оюн бир нукта өөрчүтүп, кеңири полотнодогу чыгарманы түзөт. Бул эки сюитанын башкалардан айырмаланган өзгөчөлүгү авторлор элдик музыкага бөтөнчө жаңыча мамиле жасашкандыгында. Ачык айтканда композиторлор аларга элдик обондорду, күүлөрдү толугу менен пайдаланбастан, негизги данын алышат да, аны улуттук колоритте өткөрө устаттыкта чечишет. Жаш композитор С. Медетовдун «Пахтачы кыздын бийи», «Андантино», «Аллегро», «Кыргыз маршы» деген төрт бөлүмдөн турган сюитасы да оркестрдин репертуарын байытууга өз үлүшүн кошту. Айрыкча, анын «Пахтачы кыздын бийи» деген бөлүмү оркестрдин негизги репертуарына айланат. Андагы эмгек селкисинин эпкиндүү эрдигин баяндаган жайдары, мээримдүү музыкасы угуучулардын көңүлүн толкутуп, шаттыкка бөлөйт.

Оркестрдин кайрадан жанданышы менен комузчулар ансамбли да чыгармачылыктын айкын сапарына чыгат. Атайдын окуучусу аталган Б. Кулболдиевдин К. Үкүбаевдин жетекчилиги астында ансамбль аткарууга оор «Айдараалынын көйрөң күү», «Чайкама», «Кызкербез», «Маш ботой», деген күүлөрдү өздөштүрүшөт.

Ансамблдин аткаруучулук чеберчилиги 1957-жылы Москвада өткөн Бүткүл дүйнөлүк студенттер менен Жаштардын VI фестивалында лауреат деген ардактуу наамды жеңип алат. Бул болсо аларды баштагыдан да жемиштүү эмгектенүүгө шыктандырат.

1958-жылдын октябрь айында Москвада өткөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасы да улуу шайырлардын эл аспаптар оркестринин, комузчулар ансамблинин алдыларына да зор чыгармачылык милдеттерди коёт. Андай жооптуу чоң сыноодон элдик музыканын негиз

салуучулары зор ийгилик менен өтөт. Оркестр да программаларынын ар түрдүүлүгү, аткаруучуларынын чеберчилигинин молдугу менен эң жогорку бааларды алат. Буга музыковед Г. Поляновскийдин «Концертте оркестр эң кызыктуу күүлөштүрүлгөн А. Огомбаевдин «Кыз кербез», Ы. Тумановдун «Боз салкын» деген күүлөрүн аткарды. Булар оркестрдин башкы дирижёру Б. Феферман тарабынан иштелип чыккан. Алар оркестрде эң бир көркөмдүү, мукамдуу уккулуктуу. Ушундай эле С. Медетовдун «Пахтачы кыздын бийи» да, өзгөчө таланттуу байыркы аспапты кубулта өтө устаттыкта черткен он комузчунун ансамбли зор ийгиликке жетишти. Алардын чертүү өзгөчөлүктөрүн дагы ачыгыраак көрсөтүш үчүн жана угуучуларды дүркүрөгөн кол чабууларга чакырган эффективдүү «Маш ботой» күүсүн А. Огомбаев менен Б. Феферман жазышкан» [1],— десе, Л. Орлова: «Кыргыз филармониясынын эл аспаптар оркестри (дирижёру Б. Феферман) эң мыкты. Б. Феферман менен А. Огомбаев тарабынан иштетилип чыккан (күүлөштүрүлгөн) кыргыздын элдик күүлөрү, С. Медетовдун «Пахтачы кыздын бийи» деген музыкалык сүрөттөмөсү, Чайковскийдин «Уйкудагы сулуу» балетиндеги классикалык бийи менен айкалышкан. Качан оркестрге комузчулар ансамбли кошулганда жана эски виртуоздуу күү-картина «Маш ботой» кошулганда, контраст баштагыдан да ачык болду»,— «Советская культура» газетасы, 21-октябрь, 1958-ж.) деп жазган.

Декада күндөрүндө оркестрдин коштоосунда көрүнүктүү артисттер С. Кийизбаева, С. Бекмуратова, А. Мырзабаев, И. Деркембаева, С. Токтоналиев, Г. Валиулина, жаш артист К. Тентимишев ж. б. ырдашты. Булардын музыкалуулугу, жеңил, ээн-эркин кармаган ырдоо манералары, кызыктуу репертуарларды, тандоолору, көркөм образдарды чын жүрөктөн ишке ашыруусу менен борбордун угуучуларын өздөрүнө тартышат. Айрыкча, кыргыз авторлорунун чыгармаларын, элдик ырлардын жана батыш классиктеринин операларынан арияларды аткарышкан И. Деркембаеванын, А. Мырзабаевдин, С. Бекмуратованын, С. Токтоналиевдин вокалдык устаттыгы угуучуларды таң калтырат.

Оркестрдин коштоосунда ырдашкан Кыргыз филармониясынын хору да өздөрүнүн репертуарларынын байлыгы, кызыктыгы, ар түрдүүлүгү менен москвалыктардын алкоосуна татыйт. Бул он күндүктө айтылуу комузчулар ансамбли да өздөрүнүн аткаруучулук чеберчиликтеринин молдугу менен дагы бир жолу москвалыктарды таң калтырат. Алардын андай урматка бөлөнүшүнө Ш. Шеркулов, Б. Кулболдиев, Т. Карымшаков, Б. Эгинчиев, А. Эшмамбетов, М. Козубекова, К. Үкүбаев ж. б. шайырлар көп чыгармачылык күч жумшашкан. «Концертте эң зор ийгилик,— деп жазган композитор В. Фере — өзүнүн укмуштай аткаруусу менен Бүткүл дүйнөлүк жаштардын VI фестивалында жана Брюсселдеги көргөзмөдө атак алган комузчулар ансамблинин чертүүсүндөгү элдик музыкант А. Огомбаевдин «Маш ботой» чыгармасынын үлүшүнө

[1] Г. Поляновский, «Кыргыз искусство чеберлеринин концерттери», «Труд» газетасы, 21-октябрь, 1958-жыл.

түштү»[1]. Декададан кийин комузчулар ансамбли да, эл аспаптар оркестри да жаңы репертуарлар менен байыйт. Ошондой эле алардын катары да жаңы таланттуу аткаруучулар менен толукталат. Оркестрдин андай сан жана сапат жагынан өсүшү анын даңкын алыска чыгарат. 1960-жылдын башынан тартып элдик оркестр өлкөбүздүн бир катар шаарларына гастролго чыгат. Алсак, 1960-жылдын 7-январынан 29-февралына чейин Казакстандын Алма-Ата, Караганда, Көкчө-Тоо, Украинанын Запорожье, Днепропетровский, Луганск, Харьков, Полтава өндүү өнөр жайлуу ири шаарларында гастролдордо болот. Кайсы гана шаарга барбасын оркестрдин аткарган чыгармалары угуучулардын кастарына татыйт. Ошону менен бирге алар биринчиден, кыргыз музыкасын бир тууган элдерге тааныштырса, экинчиден, аткаруучулук чеберчиликтеринин өсүшүнө, репертуарларынын байышына да зор таасир этет.

Оркестр узакка созулган гастролдон кайтып келгенден кийин Фрунзе шаарынын угуучуларына чоң отчеттук концерт берет». ...Ошол күнкү кечеде театрдын чоң залы музыка сүйүүчүлөргө жык-жыйма толду. Концерт өтө зор ийгиликтер менен өттү. Бир гана тилек ушундай угуучулар менен көрүүчүлөргө жаркын эстетикалык таасирлерди берүүчү музыкалык кечелер көбүрөөк өткөрүлүп турса жакшы болор эле.

Концерттин программасы бай жана ар түрдүү болду. Дирижёрлор Насыр Давлесов менен Борис Феферман оркестрди ишенимдүү башкарышып, эң жогорку профессионалдык деңгээлде алып барышты»[2].

Ошентип, күн өткөн сайын таланттуу коллективдин аткаруучулук чеберчилиги жетиле, өнүгө берди. Алардын андай алгалап өсүшүнө Б. Феферман менен Н. Давлесов баалуу салымдарды кошту. Тек гана эки дирижёрдун талыкпаган эмгегинин аркасында эл аспаптар оркестринин зоболосу көтөрүлүп, угуучулар арасында кадыр-баркы артты.

1961-жылдын 25-февралында Кыргыз ССРинин Министрлер Совети улуу комузчу, Кыргыз ССРинин эл артисти Карамолдо Орозовдун ысымын түбөлүккө калтыруу үчүн төмөнкүдөй токтом кабыл алат:

«Кыргыз ССРинин эл артисти Карамолдо Орозовдун ысмын түбөлүккө калтыруу максатында Кыргызстан мамлекеттик филармониясынын эл аспаптар оркестрине Карамолдо Орозовдун ысмын берүү менен бирге Кыргызстан Мамлекеттик Филармониясынын эл аспаптар оркестри Карамолдо Орозовдун ысмында аталсын»[3]. Оркестрдин улуу комузчунун ысымын алышы алардын аткаруучулук чеберчилигинин баштагыдан да эки эсе көтөрүлүшүнө, репертуарларды жоопкерчилик менен тандоого милдеттендирет. Күн өткөн сайын таланттуу коллектив республиканын чегинен чыгып, кеңири аймакка белгилүү боло баштайт. Өзгөчө оркестрге Кыргыз ССРинин эл артисти Асаңкан Жумакматов башкы


---

[1] *В. Фере,* «Жогорку музыкалык маданият», «Известия» газетасы, 22-октябрь, 1958-жыл.


[2] «Эл аспаптар оркестри аткарат», «Советская Киргизия» газетасы, 26-март, 1960-жыл.


[3] Эскертүү: К. Орозов жөнүндө көлөмдүү эмгек жазылып жаткандыктан, улуу комузчунун өмүр баяны, чыгармачылык жолу берилген жок.

Өркүндөтүлгөн комуздардын түркүмдөрү. (Солдон оңго карай) комуз-прима, комуз секунда, комуз-альт, комуз-бас.



Өркүндөтүлгөн кыл кыяктын түркүмдөрү (солдон оңго карай) кыл кыяк-прима, кыл кыяк-альт, кыл кыяк-бас, кыл кыяк-контрабас.








Оркестрдин алгачкы аткаруучулары.



Оркестрдин тунгуч дирижеру, Кыргыз ССРинин эл артисти
П. Ф. Шубин.



Кыргыз ССРинин эл артисти Карамолдо Орозов.



Кыргыз ССРнин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери, дирижер Шейше Орозов.



Кыргыз ССРнин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери, дирижер, композитор Акмат Аманбаев.




Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисткасы Г. Валиулина.



Оркестрдин 50-жылдардагы аткаруучулары. Ортодо дирижер Б. В. Феферман.



Кыргыз ССРинин эл артисти, дирижер, композитор Насыр Давлесов.



Кыргыз ССРнин эл артисти, Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты, дирижер Асанкан Жумакматов.



Комузчулар ансамбли.




Темир комузчулардын ансамбли.




Оркестрдин коштоосунда Г. Момушеванын ырдап жаткан кези.




Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисткасы, комузчу Самарбүбү Токтахунова.




Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисти, оркестрдин инспектору, Жумабай Кыпчаков.



Кыргыз ССРнин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери, оркестрдин башкы дирижеру жана көркөм жетекчиси Эсенгул Жумабаев.




Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисти, оркестрдеги комуз түркүмдөрүнүн концертмейстери Бейшеке Жандаров.



Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисти, комузчулар ансамблинин жетекчиси Чалагыз Исабаев.





Оркестрдин ырчысы Зейнеп Шаакеева.

Оркестрдин ырчысы Эрмек Мойдунов.

дирижерлукка, көркөм жетекчиликке дайындалгандан чыгармачылык өсүштүн жаңы жолуна түшөт.

Кыргыз музыкасын сүйүүчүлөргө ысмы кеңири белгилүү Асанкан Жумакматов 1923-жылы мурдагы Фрунзе областынын Арашан (Ысык-Ата) курортунда туулат. Ал 1938-жылга чейин Украина ССРинин Одесса областынын Скадовская районунун Чалбасса селосундагы балдар үйүндө тарбияланат. Ал 1938-жылы Кыргызстанга келет. Мына ошондон Асанкан бүткүл өмүрүн музыка дүйнөсүнө багыттайт. Ал алгач урма аспаптарда ойноону Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Д. Я. Соколовдон үйрөнөт. Музыкалуу драма театрынын оркестринде ойнойт. Жөнөкөй оркестрант 1939-жылы кыргыз искусствосунун Москвада өткөн биринчи декадасына катышат. Бул болсо анын музыкага болгон кумарлануусун, кызыгуусун ого бетер арттырат. Асанкан театрда жана П. Ф. Шубин жетектеген оркестрде да иштейт. Бирок, аны бүткүл коллективди «тилге келтирген» дирежёрлук кесип өтө кызыктырат. Ага дирижёрлор В. В. Целиковский, П. Ф. Шубин, В. И. Чернов оркестрди башкаруудагы ар бир кыймылы, кол сермөөлөрү, ага кандайдыр сыйкырчыдай сезилет. Анын мындай терең берилүүсү дирежёрлук кесипти үйрөнүүгө, сүйүүгө куштарлантат. Жаңыдан гана өз кесибине канат күүлөгөн Жумакматов кыргыз уландары менен бирге 1942-жылы Улуу Ата мекендик согушка аттанат. Ал фронттун алдыңкы чектеринде, Сталинграддын алдындагы согушка катышып, душмандар менен баатырларча салгылашат да, оор жарадар болот. 1944-жылы Советтик Армиянын катарынан бошотулат. Ал келгенден кыргыздын опера жана балет театрында дирижёр болуп иштейт. Е. Брусловскийдин «Кыз жибеги» менен У. Гаджибековдун «Аршин-мал-алан» аттуу спектаклдерин дирижёрлойт. Бирок, дирижёрлук чеберчилик жетишпеди. Ошондуктан ал 1945-жылы Москвадагы Чайковский атындагы консерваториянын улуттук студиясынын дирижёрлук классынан окуйт. Сабакты РСФСРдин эмгек сиңирген артисти, дирижёр Виктор Сергеевич Смирновдон алат. 1948-жылы ал консерваториянын улуттук студиясын «эң жакшы» деген баалар менен бүтүрөт. Асанкандын өмүрүндөгү эң унутулгус учурдун бири — 1948-жылдын июнь айы. Ал ошол жылы Москва филармониясынын оркестри менен консерваториянын Чоң залында П. Чайковскийдин «Италиян каприччиосун» дирижёрлойт. Бул аткаруугa оор чыгарманы жаш дирижёр өтө кылдат, так жана жеткире көркөмдүктө алып барат. Ал андай чыгарманы жогорку чеберчиликте башкарып, борбордук (москвалык) угуучуларга жакшынакай таасир калтырат. Айрыкча, Асанкан кыргыз операларынын балеттеринин үзүндүлөрүнөн, дүйнөлүк классик композиторлордун чыгармаларынан турган симфониялык концертти дирижёрлошу фрунзелик угуучуларга да көңүлдөн өчкүс элестерди калтырат. Өзгөчө жаш дирижёр П. И. Чайковскийдин «Бешинчи» симфониясын өткөрө кумарлана, бериле аткарып, ар бир угуучуну укмуштуу музыканын сырдуу кайрыктарына бөлөйт.

Асанкан окууну бүтүп келери менен кыргыздын опера жана балет театрында башкы дирижёрлукка дайындалат. Ал театрдын пультуна

чыккандын адепки күнүнөн эле аткарууга оор классикалык спектаклдерди дирижёрлойт. Алсак, Бизенин «Кармен», Чайковскийдин «Пиковая дама», Даргомыжскийдин «Русалка», Власов, Малдыбаев, Ферениң «Көл боюнда», Гулак-Артемовскийдин «Запорожец за Дунаем» деген спектаклдерин башкарат. Ал бул чыгармаларды алып барууда калың көрүүчүлөргө, угуучуларга келечеги кең таланттуу дирижёр катары таанытат.

Ар дайым изденүүнүн, талыкпай эмгектенүүнүн жолуна түшкөн жаш дирижёр дагы билимин тереңдеткиси, өнөрүн дагы өөрчүткүсү келет. 1952-жылы Асанкан Москвадагы Чайковский атындагы консерваториянын опера-симфониялык дирижёрлук бөлүмүнө кирет. Алгач ал Л. Гинзбургдан андан кийин профессор Борис Хайкиндин классынан окуйт. Жаш дирижёр консерваторияда окуу менен бирге Моссовет атындагы академиялык театрда музыкалык дирижёр да болуп иштейт. Ал эң татаал Ю. Лермонтовдун «Маскарад» (музыкасын жазган А. Хачатурян) спектаклин дирижерлойт. Бул театрда иштегендердин ичинен Асанканга чыгармачылык шыгын, музыкалык зээндүүлүгүнүн өсүшүнө Станиславскийдин окуучусу, СССРдин эл артисти, режиссер Ю. А. Завадский зор таасир этет. Атактуу режиссердон ал көптү үйрөнүп, көзү ачылат. Асанкандын консерваторияны бүтөөр алдындагы (1958-жылдын март айындагы) консерваториянын Чоң залында Москва филармониясынын оркестри менен Бетховендин жетинчи симфониясын, Рахманиновдун Поганин темасын жазган рапсодиясын, Чайковскийдин «Ромео менен Жульетта» аттуу симфониялык поэмасын башкарышы анын келечеги кең, таланттуу дирижёр экенин айгинелейт. Москвалык көрүнүктүү искусство чеберлеринен адилеттүү бааларды алат. Асанкан консерваторияны бүтөрү менен өзү өсүп-өнгөн Кыргызстандын опера жана балет театрында жөн (катардагы) андан кийин башкы дирижёрлукка көтөрүлөт. Ал кыска гана мөөнөттүн ичинде ар кандай мазмундагы ондогон чыгармаларды сахнага алып чыгат. Өзгөчө Асанкан, С. Ряузовдун «Ак шумкар», В. Власовдун, А. Малдыбаевдин, В. Ферениң «Токтогул» аттуу операларын сахнага алып чыгат. Бул эки жаңы операны элге тартуулоодо Асанкан зор чыгармачылык күч жумшайт. Белгилүү дирижёрдун чеберчилиги 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасында жогору бааланып Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланат. «Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери» деген ардактуу наам берилет. Мындай сый аны дагы өз кесибин бериле сүйүп иштөөгө шыктандырат. Декададан кийинки жылдары Жумакматов, аткарууга оор Вердинин «Аида», Мусоргскийдин «Борис Годунов», Пуччинин «Тоска» өңдүү классикалык операларын башкарат. Булар менен бирге ал Книппердин «Мурат», Власов, Малдыбаев, Ферениң «Айчүрөгүнүн» жаңы редакциясын, М. Раухвергердин «Жамыйласын», С. Прокофьевдин «Ромео менен Жульеттасын», «Петя менен карышкыр» деген балеттерин, С. Юдаковдун «Майсарынын амалдары» аттуу музыкалуу комедиясын дирижёрлойт. Булардан тышкары Ташкентте өткөн кыргыз искусствосунун дека-

дасында, Казакстандагы театрдын эки айлык гастролунда бүткүл спектаклдерди дирижёрлойт. Ал кайсы жерде, кайсы гана чыгарманы башкарбасын өзүнүн дирижёрлук табигый шыгын кеңири салтанаттайт. Алсак ал тигил же бул чыгарманы башкарганда оркестрдин муыканттары менен бирдикте ритмди, темпти, фразировканы, акценттерди иштеп чыгып, акырындан кульминациялык чектерге жеткирет да, бардык ар түркүн музыкалык түзүлүштөрдүн бирдейлигин, стилинин эмоционалдуулугун сактап, көркөмдүгүн эң угумдуу түзөт. Баарынан да андагы дирижёрлук жакшы сапат ал чыгарманын кичинелигине, же чондугуна карабай партитурасын жөн гана окуу менен эске тутуп алып барат (дирижёрлойт).

1962-жылдан тартып Жумакматов Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин көркөм жетекчиси жана башкы дирижёру болуп иштей баштайт. Ал адепки эле күндөн оркестрди өз колуна алат. Анын репертуарын түп тамырынан бери жакшыртууга, оркестранттардын аткаруучулук чеберчиликтерин көтөрүүгө бөтөнчө көңүл бөлөт. Алсак, Асанкан дасыккан дирижёр катары оркестрдин жүзүн элге көрсөтүүдөн мурда, ар бир артисттин аткаруучулук чеберчилигин, башка музыканттар менен кошулуп ойноосун, анын аспабынын тембринин угумдуулугун жалпы музыкалык маданиятын, жекече жөндөмдүүлүгүн, эмоционалдык сапатын, чыгармачылык фантазиясын үйрөнүп, толук өздөштүрөт. Оркестрдин уюткусун түзгөн комуз, кыл кыяк өндүү элдик аспаптардын өзгөчөлүктөрүн жакшылап үйрөнөт. Оркестрдин негизги аткаруучуларын музыкалык окуу жайын бүткөн таланттуу жаштар менен толуктайт. Баарынан да, өркүндөтүлгөн аспаптардын ордуна кадимки эле комуздарды кошот. Мына ушундай уюштуруу, таанышуу иштерин бүтүргөндөн кийин Жумакматов оркестрдин репертуарын жаңы классикалык күүлөр, обондор менен байытууну колго алат. Ал эл алдына оркестрдин жүзүн, өзүнүн дирижёрлук тубаса шыгын көрсөтүш үчүн классик музыканттар Токтогул, Карамолдо, Муратаалы, Атайдын кол тие элек канаттуу күүлөрүн, обондорун оркестрге салууну алдына максат кылат. Ал тунук ойлуу күүлөрдү оркестрге түшүрүүдө композиторлор Власов, Фере, Ряузов, Давлесов, Феферман сыяктуу көркөмдүк жактан иштеп чыкпастан, Казактын Курмангазы атындагы эл аспаптар окрестриникиндей тигил же бул күүнү турган турпаты менен оркестрге көчүрөт (переложение жасайт). Ал а дегенде эле жеңил обондуу ырларды күүлөштүрбөстөн Карамолдонун «Ибаратын», «Сынган бугусун», Атайдын «Ой, булбулу» өндүү классикалык күүлөрдү, обондорду оркестрге түшүрөт. Асанкан мындай элдик музыканын башаты аталган укмуштуу күүлөргө өмүр жаратууда ар бирине өзүнчө чыгармачылык ыкма жасап, талбай изденген. Алсак, ал чыгармалардын негизги маңызын мүнөздөрүн, духун музыкалык терең сезим менен эң бир кылдат, ойдогудай чечкен. Андай чыгармалардын тагдырын угуучулардын самаганындай аларга жаңы өмүрдү жараткан. Айрыкча Жумакматов Карамолдонун «Ибаратын» оркестрге не бир устаттыкта уккулуктуу, жагымдуу, кызыктуу көчүргөн.

Өзгөчө Жумакматов күүдөгү азыркы доорубуздун бейпил турмушунун берекелүү шаттыгын абдан кеңири салтанаттайт. Ал бир тууган угуучулардын арасында «Майрам күүсү» деген экинчи наам менен урматтоо менен, айтылат. Мына ушунун өзү анын калк кастарына алынышы, аспаптык топтордо өтө күчтүү, жагымдуу берилгендиги менен түшүндүрүлөт. Асанкан Карамолдонун күүлөрүнүн «Симфониясы» деп аталган «Сынган бугусун» да чыгармачылык күчүнүн жетишинче оркестрге ыраттуу, угумдуу түшүрөт. Бирок, «Сынган бугу» «Ибараттай» ийгиликке жетпей калган. Баягы комуздун сүрөөсүндө кош дооштоно бирде күргүчтөп, бирде өксүп, бирде жүрөктү назанта тула бойду эриткен «Сынган бугунун» сырдуу кайрыктары оркестрде миң кулпунта салынбаган. Ырас, оркестрде «Сынган бугунун» жалпы өзөгү сакталган. Бирок алар дагы толук өнүкпөй, өксүп калгансыйт. Анын негизги себептеринин бири «Сынган бугу» аткарууга өтө оор. Ушул убакка чейин аны Карамолдодой эч бир чебер черте элек. Мындай татаал кайрыктагы күүнү толук өздөштүрүү Жумакматов жана оркестрдин аткаруучулары үчүн кыйын болгон. Ошондой болсо да «Сынган бугунун» оркестрге көчүрүлүшү музыкалык маданиятыбыздагы чоң табылга. Классикалык обондордун ичинен Жумакматов Атайдын «Ой, булбулун» оркестрлештирет. Аны ал кандайдыр аспаптык чыгарма катарында карандай гана обондун өзүн түркүн аспаптардын тобунда өнүктүрөт.

Жалбырттаган махаббат илебинде термелген «Ой, булбул» да түзүк иштелген. Айрыкча, жүрөк черин жазган обондун башталышы, эң бир чоң чыгармачылык эргүү менен иштелген. Бирок да анын калган бөлүктөрү Атай созолонткондой көңүлдү эргитпестен солгунураак чыгып калган. Бул оюбузду А. Салиев төмөнкүчө бышыктайт. «А. Жумакматов ырдын башындагы күңгүрөнүүнү бастар аркылуу жакшы кармаган. Ошол жоон «коюу» үндөр жогорулап кетүүчү кресчендону, албетте, кубаттуу, мол үндөр менен гана алып барууга болот да! Бирок А. Жумакматов бастардан кийин «Ой, булбул, ой, булбул» деген көтөрүңкү кетчү жерди чертмек (шипковый струнный) аспаптардын басыңкы чыккан үнүнө салган. Бул музыкалык логикага каршы, кресчендо жок. Ошондуктан үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, куплеттердин аягындагы жүрөк түтөгөн кулминация оркестрдин бүт кубаты менен берилбей, тек гана жеңил лирикалык, кайрыктарга айланып калган»[1]. Ошондой болсо да «Ой, булбул» чебер көркөмдүктө иштелген жана угуучуларды эстетикалык жактан тарбиялоодо өз үлүшүн кошкон чыгармалардан.

1963-жылы элибиз үчүн зор салтанаттын жылы болду. Ачык айтканда кыргыздардын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгынын даңктуу жүз жылдык юбилейи белгиленет. Мындай тарыхый датага карата республикабызда советтик орус музыкасынын декадасы өтөт. Бул он күндүккө улуу композитор, Лениндик сыйлыктын лауреаты Д. Д. Шостакович башчылык кылган москвалык композиторлор, атактуу

[1] *А. Салиев,* «Кыргыз эл музыкасы жөнүндө ой-пикирлер», «Советтик Кыргызстан» газетасы, 6-июнь, 1963-жыл.

музыкалык коллективдер, аткаруучулар катышат. Жалпы коомчулугубуз менен бирге андай кубанычтуу майрамды оркестрдин коллективи да жакшы даярдыктар менен тосушат. Юбилейге карата атайын эки элдин улуу достугун даңктаган чоң программада концертти даярдашат. Орус музыкасынын он күндүгү жүрүп жаткан учурда атагы ааламга тараган коллективдер менен бирге оркестр да Кыргызстандын эмгекчилерине өз өнөрлөрүн тартуулашат. Мындай санжыргалуу сайран бүткүл көп улуттуу совет калкынын чоң майрамына айланат. Ала-Тоо койну орус, казак, грузин, өзбек, латыш, молдован ж. б. бир тууган элдердин шайырларынын шаңына бөлөнөт.

Кыргыздын эл аспаптар оркестринин аткарган чыгармалары менен Д. Шостакович, В. Мурадели, М. Чулаки, Е. Родыгин өндүү композиторлорубуз ж. б. өнөр чеберлери таанышат. Айрыкча, аларга «Ибарат», «Төтөп шыңгырама», «Тогуз кайрык», «Миң кыял» шекилдүү классикалык күүлөрдү, кайрадан оркестрге салынган дүйнөлүк классиктер Моцарттын Рондосу, Глинканын «Руслан менен Людмиласынын» увертюрасы, «Иван Сусанинден» Краковяк, Хачатуряндын «Гянэ» балетинен «Кылыч бийи» сыяктуу ж. б. чыгармалар зор кызыгууну туудурат. Мындай ар кыл мүнөздөгү чыгармалар оркестрге профессионалдык чеберчиликте ойдогудай салынган оркестрдин коштоосу менен үч солист аспапчынын Будашкиндин концертинде — Ч. Кожомжаровдун «Ай тиеттин» темасындагы вариацияда—С. Жумалиевдин, Ныязаалы-Мироновичтин концертиносунда — К. Үкүбаевдин кубултуп ойношу да коллективдин ар тараптуу өнүгүшүнө өбөлгө болгон.

1963-жылы Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестри сүйүктүү Москвада гастролдо болот. Алар Чайковский атындагы консерваториянын жана борбор шаардын башка залдарында концерттерди беришет.

Таланттуу коллектив бул жолу да москвалыктарга репертуарларынын байлыгы, ар түрдүүлүгү, аткаруучулук чеберчиликтеринин өскөндүгү менен жагымдуу таасирлерди калтырат. Композитор В. Фере «Кыргыз музыканттары» аттуу макаласында оркестрдин акыркы беш жыл ичинде аткаруучулук устаттыгы, техникалык жана көркөмдүк жагынан кандайча өскөндүгүн, жаш аткаруучулардын бардыгынын атайын музыкалык орто билимдери бардыгын, комуз, кыяк жана үйлөмө жыгач аспаптарынын топторунун белгилүү бир жандуулукту, маштыкты, жеңилдикти, таптак интернировать этүүгө ийкемдүү таамай аткарууга жетишкендигин, өлкөбүздөгү мыкты улуттук оркестрлердин катарына өсүп жеткен профессионалдуу коллектив экенин, оркестрдин жетекчиси жана башкы дирижёру А. Жумакматовдун уюштургуч жөндөмдүүлүгүн коллективди, кармай билген талапкер дирижёрлугун белгилейт да «Ибарат», «Сынган бугу» жана «Миң кыял» күүлөрү өтө зор ийгилик менен аткарылды...

Оркестрдеги аткарылышына караганда бул үч күү тең өздөрүнүн алгачкы түп нускасына өтө жакын, аларды күүлөштүрбөстөн, аспаптын оригиналын оркестр үчүн которгон (переложение жасаган). Ушундайча

иштеп чыгуунун жөнү барбы? Аталган күүлөр үчүн андай которуу акталган дейт да, андан ары автор оркестр тек гана кыргыз күүлөрү менен ырларын ойдогудай аткарбастан, Моцарттын «Рондосунда», Глинканын «Иван Сусанин» операсынан «Краковякты», өзгөчө А. Хачатуряндын «Кылыч бийин» да өтө чеберчиликте аткарганын белгилейт.

Адаттагыдай эле москвалык угуучуларды комузчулар ансамблинин аткарган күүлөрү, чеберчиликтери таңдантат. Бул жөнүндө В. Фере жогорудагы аталган макаласында: «Кыпындай кынтыксыз так чертүү, таң каларлыктай уюшкандык жана биримдүүлүк, комуздагы ар түрдүү (калк арасында жашаган) штрихтерди жана ыкмаларды алуу, чыныгы эстрадалык ыкчамдыкта жана натыйжалуу бере билүү — бул сапаттын бардыгы дайыма угуучулардан кызуу колдоону чакырат»[1],— деп жыйынтыктаган. Бул концертте солисттер Н. Пактын, Г. Валиулинанын, Г. Сатаева, С. Суранчиева, А. Тентимишев, А. Зайцевдер да өз өнөрлөрүн тартуулашат. Алардын аткарган ырлары да программаны көркөмдөп, концерттин маңызын байытат.

Таланттуу коллектив 1964-жылдын жай айларында Кавказдын, Украинанын, Сочи, Краснодар, Кисловодск, Ростов, Керчь, Севастополь, Харьков, Запорожье өндүү шаарларында гастролдо болот. Бул жолу оркестр менен бирге СССРдин эл артисти А. Мырзабаев, Г. Валиулина, С. Шералиев, А. Тентимишев, М. Муратовалар да болушат. Адаттагыдай, оркестрдин аткарган чыгармалары, солисттердин ырдаган ырлары бейтааныш угуучулардын көңүлдөрүнө өчкүс элестерди калтырат. Бул жөнүндө музыковед Е. Дроздовский: «Таланттуу жана жогорку билимдүү музыкант, дирижёр, Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери Асанкан Жумакматов жетектеген мамлекеттик эл аспаптар оркестринин концерти севастополдуктарга нагыз ырахатта-нууну алып келди.

Жалпысынан коллективдин аткаруучулук маданияты бийик. Өзгөчө оркестрдин жетишкен ийгилиги программадагы негизги орунду ээлеген ырчыларды жумшак, жагымдуу жана көркөм коштоого алгандыгында»[2],— деп сыймыктана жазганы далил. Бул концертте С. Шералиев Калмановскийдин «Бирюссен», Долуханяндын «Морская душа», Г. Валиулина арабча, өзбекче, кыргызча, казакча, орусча ырлары, А. Тентимишев В. Мураделинин «Бухенвалд жаңырыгы», А. Мырзабаев «Россия менин мекеним», «Ассуана оттору» аттуу ырларды аткарышы севастополдуктарга аябай жагат. Ошондой эле комузчулардын ансамблинин черткен күүлөрү да жагымдуу таасирлерди калтырат.

Адаттагыдай эле убакыт өткөн сайын оркестр жаңы чыгармалар менен байый берди. Баштагыдай эле коллективдин негизги репертуары элдик ырларды, күүлөрдү калк арасына кеңири пропагандалоо болду, классик комузчулар Токтогулдун «Миң кыял», Карамолдонун «Көкөй кести», «Терме камбаркан», Муратаалынын «Төтөп шыңгырама» аттуу

[1] *В. Фере,* «Кыргыз музыканттары» «Советская музыка» журналы, № 3, 1964-жыл.
[2] *Е. Дроздовский* «Гүлдөгөн Кыргызстандын өкүлдөрү», «Слава Севастополя» газетасы, 7-июль, 1964-жыл.

ж. б. залкар күүлөрү Асанкан тарабынан оркестрге салынат. Белгилүү дирижёр аларды оркестрге түшүрүүдө да көп чыгармачылык күч жумшаган. Алсак, ал ар бир күүнүн драмалык жана граждандык маңызын ачып, оркестрдик боёкторго терең бөлөп жана жеткире көркөм берүүгө жетишкен.

Адатта, биз Токтогулдун «Миң кыялы» — махаббат дастаны дейбиз. Мындай наристе тунук сүйүүнү камтыган «Миң кыял» оркестрде өтө мукамдуу, өтө уккулуктуу салынган. Күүдөгү махаббат баяны, жаркын ойлор, оркестрдин аспаптык топторунда ажарлуу симфониялык өсүштөргө жеткен, күүнү уккан сайын ага болгон куштарың артып, асылдуулукка бөлөнөсүң. Ал эми Асанкан Қарамолдонун армандуу ашыктар баянын камтыган «Көкөй кестисин» башка чыгармаларга караганда оркестрге жаңы түр менен түшүрөт. Ал күүнүн турпатын аспапта кайрылгандай элге жеткиликтүү болуш үчүн комузду жеке жана оркестрдин коштоосунда берет. Ошентип, залкар күү күйүт отун бирде комузда, бирде оркестрде боздотот. Комузда кайрылган күүнүн темасын оркестр андан ары өөрчүтүп, жаңы өсүштөрдү, жаңы кайрыктарды жараткан. «Көкөй кестинин» оркестрге салынышы да, коллективдин аткаруучулук чеберчиликтеринин көтөрүлүшүнө да өзүнүн салымын кошкон.

Муратаалынын «Төтөп шыңгырамасы» менен Қара Молдонун «Терме камбарканы» да Асанкан тарабынан көркөө кирген. Алардын тула бойду эриткен кайрыктары аспаптык топтордо бири-бирин сүрөп, айкалыша үндөшүп, эң бир угумдуу жаңырат. Жумакматов бул күүлөрдүн мазмунун эң сонун таап, аларды бай, жаркын оркестрдик боёктордо берген. Оркестрдин репертуарынын мындай улуу музыканттардын ар кыл стилдеги, түркүн мазмундагы залкар күүлөрү менен байышы дүйнөлүк классик композиторлордун татаал чыгармаларынын аткарылышына негиз түзөт. Алсак, кийинки гана мезгилдердин ичинде Россинин «Чач тарачынан» увертюраны, Чайковскийдин «Уйкудагы сулуусунан» вальсты, Листин «Экинчи рапсодиясын», Дворжактын «Славян бийи» өндүү ж. б. чыгармаларды аткарууга жетишет. Оркестрде залкар күүлөр кандай угумдуу жана кандай көркөмдүктө, кооздукта ойнолсо, алар да дал ошондой устаттыкта аткарылат. Аларды угуучулары бызда чын жүрөктөн бериле сүйүп кабыл алышат. Оркестрдин солисттери Г. Валиулинанын, А. Зайцевдин, С. Суранчиеванын, Қ. Кожомкуловдун өздүк репертуарлары да элдик жана советтик композиторлордун, жаш обончулардын жаңы чыгармалары менен байыйт.

1965-жыл таланттуу коллективге чыгармачылыктын зор ийгилигин ала келди. Жаңы жылдын алгачкы күнүнөн (январдан тартып августка чейин) оркестр өлкөбүздүн атактуу шаарлары Москвада, Ленинградда, Горькийде, Ригада, Таллинде, Минскиде, Свердловскиде, Челябинскиде, Харьковдо, Бакуда, Ереванда, Ашхабадда гастролдо болот. Өзгөчө, оркестрдин Кремлдеги съезддер Дворецинде, Союздар Үйүнүн колонналык залында, Кремль театрында, СССРдин композиторлор Союзунун Үйүндө концерт бериши музыканттардын көңүлдөрүнөн өчкүс

элестерди калтырат. Баарынан да, оркестрдин Горький шаарындагы Кыргыз искусствосунун жумалыгын өткөрүүгө катышы чоң майрамга айланат. Жумалык 15-февралдан 21-февралга чейин болот. Ал жумалык оркестрдин концерти менен ачылат. Сүйүктүү коллектив алгачкы концертинде эле горькийлик угуучуларды эстетикалык ыракатка бөлөйт. Бул күнкү концерт жөнүндө И. Горин «Горьковский рабочий» газетасына: «Кыргыздардын элдик музыкасынын классиги Карамолдо Орозовдун «Майрам күүсүнүн» (Б. А. «Ибараттын») шаңдуу кайрыгы менен кыргыздын музыкалык искусствосунун Горький шаарындагы жумалыгынын алгачкы концерти башталды. Бул кечтин программасы эң ар түрдүү, угумдуу, кызыктуу болду. Жагымдуу ырлардын обондору назик, аспаптык пьесалардын (күүлөрдүн) кайрыктары менен алмашты. Ар бир аткарылган чыгармаларда элдик турмуштун жандуу кыймылы кеңири салтанаттады.

Бул концерттеги биздин сезимибизге өчпөс таасир калтыргандын баарын саноо да мүмкүн эмес. Анын программасы ушунчалык кеңири кыргыздын азыркы композиторлору Абдраев, Молдобасанов, Давлесов, Жаныбековдордун ж. б. музыкалары, элдик музыканы жаратуучулардын обондору менен күүлөрүнүн катары, Глинка, Моцарт, Бизе менен да алмашылды. Мына, ушунун баары оркестр, ырчылар, аспапчылар тарабынан эң жогорку көркөм чеберчиликте аткарылды»[1],— дейт.

Россиянын мелмилдеген кең мейкиндигинде жети күн бою кыргыз музыкасы жаңырды. Аны Горькийдин № 117-мектебиндеги Д. Шостакович атындагы музыкалык клубдун эң кичинекей мүчөлөрүнөн тартып, өнөр жайдын борбору аталган Горький, Дзержинский, Павлов шаарларынын түркүн кесиптеги, ар кыл жаштагы адамдарына чейин ыракаттана угушту. Жердештерибиз атактуу Горький автозаводунун, «Красное Сормовонун» жумушчулары, Советтик Армиянын жоокерлери менен жолугушту. Алардын иштери менен таанышып, чын жүрөктөн аңгемелешет. Андай жолугушуулардын ичинен өзгөчө Дзержинскийде өткөн «Достук кечеси» эң кызыктуу болду. Бул күнкү концертте А. Малдыбаевдин, М. Абдраевдин, А. Түлеевдин, К. Молдобасановдун, В. Власовдун, В. Ференин, М. Раухвергердин, Г. Окуневдин, Д. Шостаковичтин, Д. Кабалевскийдин, А. Нестеровдун чыгармалары аткарылат. Аларды Горький филармониясынын башкы дирижёру И. Гусман менен Асанкан Жумакматов кезектешип дирижёрлошот. Ошондой эле композиторлор Фере, К. Молдобасанов, А. Нестеров да өз чыгармаларын оркестрдин коштоосунда алып барышат. Артисттер да кезек менен бирде кыргызча, бирде орусча ырдашат.

Концерттин акырында жаш артисттер Х. Мухтаров, Н. Мырзахматов Горький атындагы опера театрынын солисттери В. Гребеньков, И. Беренов менен бирге В. Ференин «Достук ырын» аткарышат. Бул

---

[1] *И. Горин,* «Горьковский рабочий» газетасы, 17-февраль, 1965-жыл.

болсо мекенибиздеги элдердин улуу достугу күндөн-күнгө дүркүрөп өсүп баратканын айгинелейт.

Унутулгус жети күндө СССРдин эл артисти А. Мырзабаевдин, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери Г. Валиулинанын, Х. Мухтаровдун, жаш ырчылар С. Суранчиеванын, Н. Мырзакматовдун, А. Зайцевдин, К. Кожомкуловдун, бийчилер Р. Чокоеванын, У. Сарбагышевдин, Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин жана анын дирижёру А. Жумакматовдун аткаруучулук чеберчиликтери жогору бааланат. Айрыкча бейтааныш угуучуларды комузчулар ансамбли, элдик оркестр жана анын башкы дирижёру Асанкандын таланттары таң калтырат.

«Оркестр — дейт, музыковед И. Елисеев — ар бир программадагы номерди чыныгы көркөмдүктө, чебер устаттыкты аткарат. Элдик классикалык аспаптык пьесалар — Орозовдун «Майрам күүсү» улуу Токтогулдун «Мин кыялы», Тумановдун «Боз салкын» жана башкалар терең таасир калтырды, Моцарттын «Рондосу» менен Глинканын «Краковягы» да оркестрде өзгөчө бөтөнчөлөнүп жакшы кайрылат»[1]. Ал эми сүйүктүү коллективдин башкы дирижёру Асанкандын шыгы жөнүндө горькийлик композитор А. Нестеров мындай дейт: «Бүткүл концерт зор ийгилик менен өттү. Анын андай өтүшүндө башкы аткаруучулардын бири, өзүнүн ишин укмуштай билген чыныгы устат Асанкан Жумакматовдун эмгеги чоң. А. Жумакматов Горький атындагы мамлекеттик филармониясынын симфониялык оркестрин башкарууда кеңири жана татаал программадагы концертти эң жакшы алып барды.

Кыргыздын музыкалык искусствосунун жумалыгы аяктады. Ал биздин бардыгыбызга көп кубанычтарды алып келди[2].

Ал эми музыковед В. Коллар ТАССтын кабарчысына берген жообунда: «Кыргыз искусствосунун жумалыгы горькийликтер менен кыргыз композиторлорунун жана музыканттарынын байланышын дагы бекемдеди. Бул майрам — горькийликтердин маданий турмушундагы өтө зор окуя. Бир тууган элдин өкүлдөрүн жана алардын музыкалык областтагы укмуштай жетишкен ийгиликтерин чын жүрөктөн куттуктап койгум келет»[3],— деген.

Чындыгында эле бул жумалык элдердин ортосундагы улуу достукту, бир туугандыкты кеңири салтанаттаган зор майрамга айланат.

Оркестр жумалыкты ийгиликтүү аяктаган соң кайрадан Советтер Союзунун ири өнөр жайлуу шаарларына, бир тууган союздук республикалардын борборлоруна гастролдорго чыгат.

Айтылуу коллектив Горький шаарында өткөн музыкалык майрамдын соңунан Котлас, Коряжма шаарларында гастролдо болот. Оркестр 26-февралда Коряжмада, 27-февралда темир жолчулардын Котластагы

---

[1] *И. Елисеев,* «Унутулгус жети күн», «Литературный Киргизстан» журналы, № 2, 1965-жыл.

[2] *А. Нестеров,* «Кайрадан көрүшкөнчө, достор» «Горьковская правда» газетасы, 21-февраль, 1965-ж.

[3] *В. Коллар,* «Советская Киргизия», газетасы, 25-февраль, 1965-жыл.

маданий Үйүндө ар түрдүү чыгармалардан түзүлгөн чоң программадагы эки бөлүмдүү концертти берет. Анда негизинен элдик музыканын берметтери, кыргыз композиторлорунун, Советтер Союзунун бир туугган республикаларынын, чет өлкөлөрдүн аспаптык музыкалары, азыркы ырлары аткарылат. Котлас менен Коряжманын эмгекчилери алыскы күнөстүү Кыргызстандан келген шайырлардын өнөрүн терең сүйүү, өткөрө берилүү менен угушат.

«Кыргыздын улуттук аспабы — комуз өтө оригиналдуу. Анда оркестрдин сегиз катышуучусу виртуоздуу (кубултуп) ойношот. Алардын чыгармаларды аткарышы ар дайым зор ийгилик менен өтөт. Бекеринен комузчулар ансамбли 1957-жылы Бүткүл дүйнөлүк жаштар менен студенттердин VI фестивалынын лауреаты деген ардактуу наамды жеңип алган эмес»[1],— деп жазган И. Лахтин.

Белгилүү коллектив июль айында Севастополь шаарында гастролдо болот. Айрыкча флоттун офицерлер Үйүндө беришкен оркестрдин концерти угуучулар арасына зор кызыгууну туудурат. Коллективдин аткаруучулук чеберчиликтери, репертуары жөнүндө Н. Гарбазей өзүнүн «Элдик музыканын поэзиясы» аттуу макаласында чебер колдон жаралган кайсы гана калктын музыкасы болбосун ар кимге жакын жана түшүнүктүү болорун, кыргыздын элдик ырларынын аткаруучусу С. Суранчиева, М. Муратованын, ар кыл репертуардагы жөндөмдүү ырчы К. Кожомкуловдун, советтик композиторлордун ырларынын талыкпаган пропагандисти Г. Валиулинанын чеберчиликтерин айтып келип, алардын жалпы ийгиликтери жөнүндө «Меймандардын жетишкен ийгиликтери эң мыкты аткаруучулук чеберчилигинде, ансамблди угуучулардын бирдиктүү чыгышында, элдик фольклордун түпкү терең сырын жана байлыгын билгичтик менен ачып беришинде. Бул болсо программанын кызыктуу түзүлүшүнө дем берген» — деп жазат да, андан ары автор «Зор ийгиликтин көпчүлүгү Москвада өткөн Бүткүл дүйнөлүк жаштардын VI фестивалынын лауреаты комузчулар ансамблинин үлүшүнө түштү. Таң каларлыктай аткаруучулук тактыгы, биримдүүлүгү (уюшкандыгы, кубултмалуулугу) виртуоздуулугу, эффективдүүлүгү жана номердин учкаяктыгы менен угуучуларды шаттыкка чакырды»[2],— дейт. Ал эми оркестрдин август айында Ашхабадда өткөн концерти жөнүндө «Совет Түркменстаны» газетасы да Карагул Үкүбаев жетектеген комузчулар ансамблинин аткаруучулук устаттыгы, чертишкен күүлөрүнүн маңыздуулугу, артисттер М. Махмутованын, Г. Валиулинанын, М. Муратованын, Н. Мурзакматовдун ж. б. ырдаган чыгармалары, аткаруучулук чеберчиликтери жөнүндө да баалуу ойлорду айткан.

1965-жыл комузчулар ансамблинин катышуучулары үчүн да бөтөнчө жыл болду. Алар Москванын «Мюзик-Холлу» менен эки айча Па-

---

[1] *И. Лахтин,* «Күнөстүү Кыргызстандын меймандары», «Дивинская правда» газетасы. 26-февраль, 1965-жыл.

[2] Н. Гарбазей, «Элдик музыканын поэзиясы», «Слава Севастополя» газетасы, 20-июль, 1965-жыл.

рижде гастролдо болушат. Ансамбль Париждин «Олимпиа» театрында советтик атактуу артисттер менен бирге ондогон концерттерди да беришет. Ансамблдин катышуучулары Атайдын «Маш ботою» менен Айдыраалынын «Көйрөң күүсү» угуучу-көрүүчү таң калгандай эң жогорку чеберчиликте аткарышат. Алардын аспаптары, күүлөрдү миң кубултуп чертишкени жөнүндө газеталардын беттерине да баалуу ойлор, пикирлер жарыяланат.

Оркестр менен ансамбль көп улуттуу өлкөбүздүн кайсыл гана жерйинде, кандай гана аудиториясында концерт беришпесин бейтааныш угуучулардын куштарына бөлөнөт. Аны газета-журналдын беттерине чыккан эл аспаптар оркестринин жана комузчулар ансамблинин концерттери жөнүндөгү ой-пикирлер ачык-айкын айгинелейт. Бул болсо сүйүктүү коллективдин мезгил өткөн сайын көп улуттуу бир тууган кайратман калкыбыздын жүрөгүнөн көбүрөөк түнөк таап жатканын күбөлөйт.

Адаттагыдай эле коллектив өздөрүнүн ичинен жаш дирижёрлорду даярдашат. Ошолордун бири — Эсенгул Жумабаев. Ал 1965-жылдан тартып дирижёр болуп иштейт. Эсенгул дирижёрлук пультка чыккандын алгачкы күнүндө эле элдик ырларды, күүлөрдү, дүйнөлүк жана советтик композиторлордун ар кыл жанрдагы чыгармаларын угуучулардын күткөнүдөй деңгээлде, чеберчиликте ишенимдүү алып барат (дирижёрлойт).

Э. Жумабаев 1941-жылы Кемин районундагы Чоң-Кемин совхозунда туулган. Ал толук эмес орто мектептин 7-классын ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин 1957-жылы Муратаалы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын элдик аспаптар бөлүмүнө кирет. Келечеги кең Эсенгул окуу жайынын босогосун аттагандан эле кыл кыякта тартканды үйрөнөт. Табигый музыкалык шыкка мол Эсенгул бир жыл өткөндөн кийин эл аспаптар оркестринде кыякта ойноого жетишет. Ошентип, ал бир эле мезгилде окуп жана иштей баштайт. Эсенгул күнүгө алган теориялык билимин практикалык иш менен бекемдейт. Кыргыздын классикалык ырлары, күүлөрү, дүйнөлүк жана советтик улуу композиторлордун чыгармалары менен кең-кесири таанышат.

1961-жылы Эсенгул музыкалык окуу жайын ийгиликтүү бүтүрөт да оркестрде иштөөгө калтырылат. Ал бат эле оркестрдеги тартма кылдуу аспаптарда ойногондордон өткөрө музыкалуулугу, жөндөмдүүлүгү, эмгекчилдиги, музыкалык аң-сезиминин тереңдиги, ички дүйнөсүнүн кенендиги менен айырмаланат. Аны өзгөчө өз кесибинен да дирижёрлукту үйрөнүү кызыктырат. Жаш музыканттын андай куштарлануусун, талаптануусун А. Жумакматов байкайт да, талапкерге кылдаттык менен дирижёрлук өнөрдүн кереметтерин үйрөтө баштайт. Нукура табигый шыкка мол Эсенгул бат эле оркестрдин коллективин такшалган, уюштургуч дирижёрлордой кармап, чыгармаларды кыйналбай-кысталбай аткарууга (алып барууга) жетишет. Күн өткөн сайын жаш үйрөнчүк жетилип, канат күүлөй баштайт. Бара-бара кадимки дасыккан залкар чеберлердей калк арасында кадыр-баркы артат. Ал ар бир чы-

гарманын маңызын байытып, көркөмдүгүн көтөрө турган өз алдынчалыкка ээ болот. Эсенгулдун ар бир кол сермөөсүнөн, жандоолорунан ырлардын, күүлөрдүн кереметтүү сырлары ажарлана төгүлөт. Ал дирижёрлук пультка чыккандан эле элдик ырларды, күүлөрдү оркестр үчүн иштеп чыгууга аттанат. Алар да угуучулардын алкоосуна татыйт. Жаш дирижёр калк музыкасынын казанында кайнайт. Классикалык элдик ырлардын, күүлөрдүн үлгүлөрү менен терең таанышат. Бул болсо өзүнүн образдык түзүлүшү боюнча элдик музыка түзгөн виоленчель үчүн поэманы, легенданы, сонатаны, фортепиано үчүн 8 кичинекей пьесаны, квинтет үчүн вариацияларды жазат. Булардын ичинен автордун виоленчель үчүн жазган поэмасы, легендасы, сонатасы обондуулугу, жаркындыгы менен бөтөнчө айырмаланат. Эсенгул айрыкча виоленчелдин коңур коюу тембрине ажарлана айкалышкан мукам обондуулукту анын табигый мүмкүнчүлүгүнө, кубаттуулугуна жараша кеңири өнүктүрөт.

Эсенгул жаш обончулар Досмамбетованын, Жандаровдун, Атабаевдин ж. б. угуучулар арасына кеңири тараган обондорунда оркестр үчүн иштеп чыгат. Ушунун өзү да Эсенгулга композитордукту өркүндөтүүгө дем берет.

1966-жылы коомчулугубуз Кыргызстан Компартиясы менен республикасынын 40 жылдык юбилейин салтанаттуу белгилешет. Мындай даңктуу датаны башка чыгармачыл көркөм коллективдердей эле эл аспаптар оркестри да жакшы даярдыктар менен тосуп алат. Атактуу шайырлар менен композиторлордун жаңы чыгармаларынан атайын чоң программадагы концертти даярдайт. Аларды Кыргызстандын жана бир тууган союздук республикалардын эмгекчилерине тартуулашат. Оркестр март, апрель айларында коңшулаш Казакстандын борбору Алма-Атада, Кустанайда ж. б. шаарларында гастролдордо болот. Адаттагыдай эле алар өздөрүнүн кызыктуу репертуары, аткаруучулук чеберчиликтери менен абалтан жайлоону бирге жайлашкан, бир булактан суу ичкен, бир эненин эгиз уулдарындай бирге өскөн, кандаш казак угуучуларын да таң калтырат. Айрыкча, алгачкы жолу оркестрдин концерти менен таанышкан кустанайлыктардын кубанычтары коюндарына сыйбайт. «Элдик аспаптар оркестринин коллективи, — деп жазган Т. Таскожин менен А. Атынтаев — отуз жылдык чыгармачылык жолунда улуттук репертуарлар менен гана чектелип калбаптыр. Сары жондо желдей сызган күлүктү алкынта минип жүргөн жылкычынын көккө чапчыган ак көңүлүн баяндаган «Жылкычынын бийине» айкалыша Моцарттын «Рондосу» аткарылганда, кустанайлыктар кубанычтарын жашыра алышпады. Зал ичи дүркүрөгөн кол чабууга жаңырды. Бранстын «Венгер бийи» да өтө устаттыкта аткарылды. Оюнпоздуу «Орус бийи» да өз кезеги менен журтту (угуучуларды) дүрүлдөтүп алды». Андан ары авторлор айтылуу комузчулар ансамблинин өнөрү жөнүндө суктануу, тануу менен «Москвада өткөн Бүткүл дүйнөлүк жаштар фестивалынын лауреаты, комузчулар ансамбли аткарган күүлөр угуучулардын көңүлдөрүнө өзгөчө таасирлерди калтырды. Алты адамдан турган ансамбль

улуттук музыка аспабы — комузду чертүүдө ашкан чебер-виртуоздук өнөрлөрүн көрсөтүштү. Комуз колдо канча кубулса да, күү ыргагы бузулмак түгүл кайта түрлөнө, кулпура түштү»[1], — деп жазышкан.

Кустанайлыктарды оркестр менен комузчулар ансамбли гана эмес, белгилүү дирижёр А. Жумакматовдун, ырчылар К. Кожомкуловдун, Г. Валиулинанын, С. Суранчиеванын, А. Зайцевдин аткаруучулук өнөрлөрү да суктанткан жана алардын чын жүрөктөн чыккан алкоолоруна арзыган.

Кыргызстандын түзүлгөн күнүнө карата, өлкөбүздөгү эң сонун салтка айланып бараткан «Орус кышы», «Закавказье жазы» өндүү фестивалдардын эң жашы — «Ала-Тоо жазы» аттуу фестиваль өткөрүлөт. Андай чоң музыкалык майрамга орустун Пятницкий атындагы хору, Грузиндердин бий ансамбли, Горький филармониясынын симфониялык оркестри активдүү катышат. Алар менен бирге элдик оркестр да республикабыздын эмгекчилерине ондогон майрамдык концерттерди берет. Өзгөчө оркестр ноябрь, декабрь айларында Москва, Ленинград шаарларында Кыргыз ССРинин жана анын Коммунисттик партиясынын даңктуу 40 жылдыгына карата «Ала-Тоо обондору» деген ат менен искусство чеберлеринин отчёттук концертине да активдүү катышат.

Таланттуу элдик шайырлар москвалыктар менен ленинграддыктарга Кыргызстандын 40 жыл ичинде гүлдөгөн маданиятын даңазалайт. Борбордун көрүүчү-угуучуларынан эң жогорку бааларды алат. Алардын андай ийгиликтери өкмөт менен партиябыз тарабынан да жогору бааланат. Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин коллективи Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Ардак грамотасы» менен сыйланат. Бул аларды мыкты иштөөгө шыктандырат.

Сүйүктүү коллективдин репертурлары жаңы мазмундагы, жаңы ыргактагы Б. Жандаровдун «Кумармын», «Жыпары белең баланын», «Сагынга», «Күтүү», К. Кадыралиевдин «Фрунзенин оттору», Ү. Сыдыковдун «Күн чыгышым», «Кыргыз күүсү» сыяктуу бүгүнкү жаштарыбыздын келбеттүү турмушуна төп келишкен лирикалык ырлары менен байыйт.

Таланттуу жаш дирижёр Э. Жумабаев айтылуу Атайдын «Ак тамак, көк тамак», С. Медетовдун «Жаш толкун» аттуу күүлөрүн оркестр үчүн иштеп чыгат. Ал эки башка мазмундагы, стилдеги, күүлөрдү оркестрде дал өзүндөй көркөмдүктө берүүгө аракеттенген. Күүлөрдөгү терең сырлар оркестрдин ар бир аспаптык топторуна ажарлуу айкалышып, баштагыдан да маңыздуу, мурдагыдан да кубаттуу жаңырат. Э. Жумабаев күүлөрдү, обондорду оркестрге салуу (күүлөштүрүү) менен бирге «Кыздын ыры», «Чабандын ыры» деген угуучуларга ыракат берген ырларды да жазат.

1967-жылы көп улуттуу совет эли дүйнөдөгү эң улуу, бак-таалай-

---

[1] *Т. Таскожин, А. Атынтаев,* «Чоң ырахмат агайын», «Коммунизм таңы» газетасы, 3-апрель, 1966-жыл.

дын, эркиндик, тендиктин өлкөсү болгон мекенибиздин төрөлгөн күнүнүн даңктуу 50 жылдык юбилейин майрамдашат. Улуу Октябрдын нуру астында гүлдөгөн өлкөбүздүн ар бир адамы, ар бир коллективи андай санжыргалуу, салтанатты эмгектеги зор ийгиликтер менен тосуп алышат. Кыргыздын эл аспаптар оркестри да Улуу Октябрь революциясынын 50 жылдыгынын урматына карата өткөрүлгөн эң жооптуу ар кандай фестивалдарга, отчёттук концерттерге катышат.

Айрыкча оркестр атайын 50 жылдык юбилейге арналган «Ала-Тоо жазы» фестивалына активдүү катышат. Бул жолу оркестр революциянын бешиги аталган ленинграддыктардын атактуу шайырлары менен улуу достукту, бактылуу турмушту, гүлдөгөн мекенди, күжүрмөн эмгекти салтанаттаган ар кыл мазмундагы концерттерди берет. Ал эми 1957-жылдын июль айында Москвада өткөн кыргыз искусствосунун маданият күндөрүнө да оркестр аткаруучулук чеберчиликтеринин молдугун, репертуарларынын ар түрдүүлүгүн дагы бир жолу салтанаттайт. Буга «Советская культура» газетасына С. Павлованын... «Бир нече мүнөттөн кийин сахнага улуттук костюм кийинишкен Карамолдо Орозов атындагы элдик аспаптар оркестринин артисттери чыгышты. Алар кыргыз комузунда Моцарттын, Россинин, Чайковскийдин шедеврлерин виртуоздуу аткарганда, эч бир сөздүн, эч бир салыштыруунун кереги жок деген ойго келесиң» десе, Л. Унанская: «Кыргыздын Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестри (дирижёру А. Жумакматов) дагы бир жолу өзүн биздин өлкөдөгү эң көрүнүктүү көркөм коллективдердин бирине кире турганын аныктады»[1], — деп сыймыктана жазган. Чындыгында эле оркестр аткаруучулук, репертуар, чеберчилик жагынан өлкөбүздөгү атактуу көркөм коллективдердин катарына кошулду. Айрыкча, оркестрдин өскөндүгү Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 50 жылдыгына карата өткөрүлгөн Бүткүл Союздук профессионал коллективдеринин кароосунда айдан-ачык көрүнөт. Ушундай чоң өнөр жарышында таланттуу коллектив Бүткүл Союздук кароонун лауреаты деген наамды жана экинчи даражадагы дипломду жеңип алат. Ал эми оркестр Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 50 жылдык юбилейине карата Казакстанда өткөн «ССР элдеринин достугу» фестивалына да катышып, улуттук өнөрдү пропагандалоодогу жемиштүү эмгеги жана фестивалга активдүү катышкандыгы үчүн Казак ССРинин Жогорку Советтинин Президиумунун Ардак Грамотасы менен сыйланат.

Оркестр кыргыз композиторлорунун Улуу Октябрдын 50 жылдыгына арналган IV юбилейлик съездине да активдүү катышат. Алардын аткаруучулук чеберчиликтери, репертуарларынын кызыктыгы съездге катышкан меймандарды да таң калтырат. Өзгөчө, элдик классикалык күүлөрдүн үлгүсүндө атайын оркестр үчүн жазылган композиторлорубуздун күүлөрү зор кызыгууну туудурат. «Концертте, — деп жазган

[1] *Л. Унанская,* «Ыр элдин куту», «Советская культура» газетасы, 15-июль, 1967-жыл.

Казак ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери, композитор жана профессор Е. Рахмадиев — өтө бир чоң таасир көрсөткөн, өтө бир кубанарлык жагдай — ал Карамолдо Орозов атындагы оркестрдин аткарган кыргыз композиторлорунун күүлөрү.

Күү, күү!

Манас менен курдаш — бул, Айчүрөк менен мундаш — бул. Бул өткөндөгү сур замандан, кыйын кезеңдерден төрөлүп, калктын муңу менен черин, кубанычы менен кайгысын черткен күүлөр.

Бүгүнкү кучагы кубанычка толуп башка элдер менен ирегеси жаматташ, боорлош кыргыз элинин таалай-бакытын ырдаган да ушул күү. Айыл чарбасында асем үнү аранда чыккан жалгыз комуздун негизинде жаралып, дүйнө жүзүнө айгинелүү оркестр болгон, биздин улуттук маданиятыбыздын жарчысы, добулбасы болгон да ушул күү. Кыргыз композиторлору Абдраев, Давлесов Молдобасановдордун оркестрге арнап жазган күүлөрү ушул ойлорго тээк боло алат. Анткени, композиторлор күүгө жаңыдан бир наар берип, жаңы мазмун берип, азыркы угуучулардын өскөлөң талабына шайкеш жаза билишкен. Абдраев менен Давлесовдун күүлөрүн укканда чалкыган жемиштүү эмгегин тойлоп жаткан айыл адамдарын көргөндөй болосуң.

К. Молдобасановдун чыгармасында («Комуз күүсүндө — Б. А.) эски, качанкы бир кыргыз күүлөрүнүн мотиви сакталуу менен бирге мааниси жагынан азыркы профессионалдык угум берилген. Кыргыз композиторлорунун бул сыяктуу улуттук музыкаларга гана таандык жанрга кайтып келгендери кубанычтуу нерсе. Алардын бул жанрда далай жеңиштерге жете тургандыктарына биздин күмөнүбүз жок. Эмесе, кадамыңар кайырлуу, эмгегиңер жемиштүү болсун, достор».[1]

Ошентип, жөнөкөй аспаптар — комуз менен кыл кыяктан түзүлгөн элдик оркестр Союздук аренада жана бир тууган республикалардын угуучуларынын арасында өзүнүн чыгармачылык жүзүн, чеберчилигин көргөзөт. Бул болсо аларды мурдагыдан да жемиштүү иштөөгө, коомдун агымына, көп улуттуу калкыбыздын талабына татыктуу чыгармаларды аткарууга, жаратууга шыктандырат.

Таланттуу башкы дирижёр А. Жумакматов коллективдин кадыр-баркын эл алдында дагы бийик көтөрүү аткаруучулук чеберчилигин дагы арттыруу үчүн белсемдүү эмгектенет. Ал оркестрдин репертуарын сан гана эмес, сапат жагынан да байытуу үчүн бүткүл чыгармачылык күч-кубатын жумшайт. Кайрадан улуу комузчулардын оркестрге салына элек, классикалык күүлөрүнө кайрылат. Аларды көрүнүктүү дирижёр чыгармачылык күчүнүн жетишинче, оркестрдин мүмкүнчүлүгүнө жараша мурдагы оркестрлештирилген күүлөрдөн башкача ыкмада, башкача формада күүлөштүрөт. Анын андай изденүүлөрү, толгонуулары Токтогулдун «Кербез», Муратаалынын «Төтөп шыңгырама», «Кер

---

[1] *Е. Рахмадиев,* «Бир туугандык пикирим» «Советтик Кыргызстан» газетасы. 5-май. 1967-жыл.

өзөн», Ыбырайдын «Жеңиш» деген ж. б. күүлөрүндө байкалат. Өзгөчө булардын ичинен А. Жумакматов Муратаалынын «Кер өзөн» аттуу кыяк күүсүн терең берилүү, өткөрө эргүү менен оркестрге салат. Ал темир комуздун жеке ойноосу менен башталат да, бара-бара аны оркестр сүрөөгө алат. Залкар күүнүн фонунда сары өзөндүү кең Чүйдүн келбети, кербен чеккендер менен кайраткер жоокерлердин маршы шекилдүү жаңырат. Оркестрдеги ар бир аспаптардын түркүмү, бөтөнчө темир-комуз кадимки кыл кыяктын тембрин жоготпой жаңы мукамдыкты, жаңы түстү жараткан. Асанкандын оркестрге темир комузду кошушу коомчулук тарабынан кызуу колдоо менен кабыл алынат.

Белгилүү дирижёр залкар күүлөр менен бирге жаш обончулар Э. Мааданбековдун, А. Атабаевдин, А. Коробаевдин, М. Рыскулбековдун ж. б. ондогон ырларын да оркестрге салат. Аларды да музыкант ар кандай ыкмада, ар түрдүү көркөмдүктө иштеп чыккан. Ал ырларды оркестрге түшүрүүдө ар бир обончунун чыгармачылык стилин, обондордун негизги өзөгүн толук сактайт да, алардын угумдуулугун, назиктигин ажарланткан, не бир жан дүйнөндү козгогон кереметтүү көркөм боёктор менен айкалыштырат. Өзгөчө, ал обондорду оркестрдеги солисттердин чыгармачылык күчүнө, аткаруучулук чеберчилигине, үнүнө, диапозонуна, манерасына жараша күүлөштүрөт. Ошондуктан, Жумакматов оркестрге салган ырлардын бардыгы угуучуларга угумдуу да жана жетимдүү да.

Калкыбыздын сүйүктүү коллективинин кадыр-баркын калк арасына дагы бийик көтөрүүдө жаш дирижёр Э. Жумабаев да өзүнүн устаты А. Жумакматовдон калышпай эмгектенет. Убакыт өткөн сайын өз өнөрүнө такшалып, чыгармачылык жактан жетиле баштайт. Ал өзүнүн сүйгөн кесиби дирижёрлук менен бирге композиторлукту да өркүндөтөт. 1967-жылы Эсенгул Кыргызстан Мамлекеттик искусство институтунун композиция бөлүмүнө (профессор М. Абдраевдин классына) кирет. Аны 1972-жылы ийгиликтүү бүтүрөт. Жумабаев окуп жүргөн кезеринде оркестрди жана чыгарма жазууну таштаган жок. Тескерисинче, ал убакты туура бөлүштүрө, үнөмдүү пайдалана билүүнүн натыйжасында оркестрде үзгүлтүксүз иштөөгө, терең мазмундагы чыгармаларды жазууга жетишет. Ал студенттик жылдарында коомчулукка өзүн белгилүү дирижёр гана эмес, таланттуу композитор катары да көрсөтөт. Өзгөчө, Эсенгул эң татаал симфониялык жанрда жемиштүү эмгектенет. Автордун «Кыргызстан», «Карагул ботом» аттуу программалуу симфониялык поэмалары, формаларынын ачык-айкындыгы, бүткөндүгү, гармониялык тилинин жаркындуулугу, бөтөнчө өзгөчөлүктөрдө добуштардын полифониялык жактан айкалышы, элдик обондорду, күүлөрдү өтө кылдаттыкта жаңыча пайдаланышы менен угуучулардын арасында зор кызыгууну туудурат.

Адаттагыдай эле Жумабаев обончулардын, композиторлордун ондогон калк жүрөгүнөн түнөк таба турган жаңы ырларын оркестр үчүн иштеп чыгат. Алардан да Жумабаевдин чеберчилиги, изденүүчүлүгү, ачыкайкын байкалат.

Адаттагыдай эле таланттуу коллектив 1968—1970-жылдардын аралыгында Кыргызстандын аймагында жана бир тууган республикалардын шаарларында гастролдордо болот. Айрыкча, оркестр өлкөбүздөгү эң сонун традицияга айланган фестивалдарга, жумалыктарга, декадаларга жана даңктуу юбилейлик даталарга арналган кечелерге активдүү катышат.

1968-жылы мекенибиздин борбору Москвада жана революциянын бешиги аталган баатыр шаар Ленинградда Кыргызстандын адабияты менен искусствосунун жумалыгы өткөрүлөт. Республикабыздын атактуу өнөр чеберлери менен эл аспаптар оркестри да жумалыкка катышат. Таланттуу коллектив эң баамчыл, эң адилеттүү москвалык жана ленинграддык угуучулардын алдында чыгармачылык отчеттук концерттерди беришет. Оркестр элдик, классикалык музыканы терең түшүнгөн жана баалай билген айтылуу шаарлардын угуучуларынан адилеттүү бааларды алышып, акыйкаттуу сындарды, кеңештерди угушат.

1969-жылы Бүткүл совет эли, ал гана эмес, жер шарынын прогрессивдүү адамзаты пролетариаттын улуу жол башчысы В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейин тосуу үчүн кызуу даярдыктарды көрдү. Кыргыздын эл аспаптар оркестри даңктуу юбилейге карата атайын Ленин, Ата Мекен, тынчтык, эмгек жана элдердин достугу жөнүндө чоң программадагы концертти даярдайт.

Таланттуу коллектив В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган кыргыз адабияты менен искусствосунун Өзбекстанда өткөн он күндүгүнө да активдүү катышат. Оркестр декада күндөрүндө Ташкенттин, Фергананын, Намангандын, Андижандын угуучуларын өздөрүнүн укмуштуудай аткаруучулук чеберчиликтери, кызыктуу репертуарлары менен өзүнө тартат. Өзбек туугандар элибиздин ырларын, күүлөрүн ушунчалык кумарлана, чын жүрөктөн берилип угушат.

Көп улуттуу советтик социалисттик маданиятты өз ара байытууда жана аны мындан ары өнүктүрүүдө, эмгекчилерге интернационалдык тарбияны берүүдө, кыргыз адабияты менен искусствосунун Өзбекстандагы декадасын өткөрүүдөгү жемиштүү ишмердүүлүгү үчүн Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестри Өзбек ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланат.

Ушул эле жылдын сентябрь айында Латвияда Кыргыз ССРинин маданият күндөрү өткөрүлөт. Буга да оркестр активдүү катышат. Эң жогорку көркөм аткаруучулук чеберчилиги үчүн Елгавен шаардык Аткаруу Комитетинин, Латвия ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун грамоталары менен сыйланат.

Ушул эле (1969) жылы Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин башкы дирижёру жана көркөм жетекчиси А. Жумакматовга формасы улуттук, мазмуну социалисттик музыкалык маданиятыбызды өнүктүрүүдөгү сиңирген эмгеги өкмөт менен партиябыз тарабынан жогору бааланып, Кыргыз ССРинин Эл артисти деген ардактуу наам берилет. Бул тек гана Жумакматовду жаңы чыгармачылыкка шыктандырбастан, ал жетектеген бүткүл коллективди зор ийгиликтерге, изде-

нүүлөргө чакырат. Белгилүү коллективдин сан жана сапат, аткаруучулук чеберчилик жагынан айрыкча өскөндүгү В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган СССРдин элдеринин искусство майрамында ачык-айкын салтанатталат. «Искусство — элге таандык» деген лениндик ураандын астында (алдында) өткөн музыкалык майрамга да эл аспаптар оркестри зор даярдыктарды көрөт. Даңктуу тарыхый юбилейге карата таланттуу коллектив атайын советтик, чет өлкөлүк классиктердин жана кыргыз композиторлорунун, обончуларынын Лениндин өлбөс-өчпөс улуу идеяларын кеңири даңазалаган Ленин, Ата Мекен, эмгек, тынчтык, достук жөнүндөгү чыгармалардан чоң программадагы концерт даярдайт. Аларды көп улуттуу советтик искусствонун атактуу аткаруучулары, айтылуу коллективдер менен бирге замандаштарыбызга тартуулашты.

Қалкыбыздын куштарына татыган оркестр Фрунзеде өткөн Өзбек адабияты менен искусствосунун декадасына, СССРдин түзүлгөнүнүн 50 жылдыгына жана Кыргыз ССРинин жана республикабыздын Компартиясынын түзүлгөнүнүн 50 жылдык юбилейине карата өткөрүлгөн «Ала-Тоо жазы» фестивалдарына, жумалыктарына да активдүү катышып, дагы бир жолу музыка сүйүүчүлөрдү шаттыкка бөлөйт.

Салтанаттуу лениндик юбилей күндөрүндө оркестр республикабызда гана Ильичтин мекени Ульяновскиде, Ленинград, Москва шаарларында гастролдордо болот. Андай ардактуу, эң жооптуу гастролдор да ийгиликтүү өтөт. Дасыккан коллектив ар бир юбилейлик датага карата терең мазмундагы, ар кыл жанрдагы чыгармалардан турган чоң программадагы концерттерди даярдайт. Алар да угуучулар тарабынан өтө жогору бааланат.

Адаттагыдай эле оркестр акыркы жылдарда өткөн кыргыз композиторлорунун V съездине жана XI, XII, XIII Пленумдарына да активдүү катышат. Айрыкча, Қарамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин 1973-жылы Алма-Атыда өткөн Азия өлкөлөрүнүн Эл аралык музыкалык трибунасына катышып, концерт бериши музыкалык маданиятыбыздагы зор окуялардан болду.

1972-жылы оркестрдин башкы дирижёру А. Жумакматовго 1969—1971-жылдардагы концерттик программалары үчүн республикабыздын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаттыгы ыйгарылат. Бул дагы эл аспаптар оркестринин коллективине жаңы чыгармачылык күч-кубатты жаратат.

1972-жылы А. Жумакматовдун опера жана балет театрына которулгандыгына байланыштуу Э. Жумабаев эл аспаптар оркестринин башкы дирижёрлугуна жана көркөм жетекчилигине дайындалат. Ал ишти жаштык кайрат, жаштык дем менен жаңыча баштоого оркестрди мурдагы деңгээлинен төмөн түшүрбөөгө аракеттенет. Э. Жумабаев Орозовдун «Насыйкат», «Шыңгырама», Муратаалынын «Ат кетти», Огомбаевдин «Марш Қамбаркан», Шеркуловдун «Жүрөк толкуйт», эл күүсү «Қыз кыялды», Қурмангазынын «Қишен ачкан», «Балбраун» деген классикалык күүлөрүн оркестр үчүн иштеп чыгат. Ал ар бир күүнүн

ички жана тышкы маңызын, көркөмдүүлүгүн дагы бийик көтөрө турган не бир назик, не бир мукам кайрыктарды, ыргактарды, кубаттуулукту ж. б. музыкалык каражаттарды кошкон. Биз алардан Жумабаевдин чыгармачылыгына мүнөздүү жаркындыкты, өзгөчөлүктү издегендикти туябыз.

Акыркы жылдарда кыргыз композиторлору да Карамолдо Орозов атындагы оркестри үчүн атайын күүлөрдү, ырларды жазышт. Алардын ичинен айрыкча Қ. Молдобасановдун «Комуз күүсү», «Ат чабыш», М. Абдраевдин «Токтогулга», «Лирикалык бий», Давлесовдун «Жол жорго», «Шаттык күүсү», Э. Жумабаевдин «Қыз куумай», В. Янковскийдин «Увертюрасы» оркестрдин сүйүктүү репертуарына айланды. Булардын өзөгүн элдик күүлөр түзгөн. Бирок, аларды композиторлор эненден кайра төрөлгөндөй көркөмдүктө, чеберчиликте иштеп чыгышкан. Биз ал чыгармалардан комуз, кыл кыяк күүлөрүнүн тембрине, интонациясына далма-дал айкашкан ар бир автордун оригиналдуу оюн, стилин, изденүүсүн сезебиз. Жогоруда аталган күүлөрдүн көпчүлүгү Европа элдеринде-кездеше турган үч бөлүмдүү формада жазылган жигердүү, четки бөлүмдөрү темптүү, ылдым, орто жериндеги бөлүмү асемдүү лириканын жайбаракат ыргагы шекилдүү сезим калтырат. Мындай формага ашкере умтула берүү анча дурус боло бербейт. Анткени мындан күүнүн өзүнө гана таандык кээде рондо сыяктуу, кээде кварта интервалы менен көтөрүлө турган формалар жышыраак кездешет. Ошондуктан, күүлөргө таандык форманы үңүлө кароо менен бирге аны жаңы салтка, традицияга шаймашай айкалыштыра колдоно билсек жакшы болор эле.

1973-жылы эл аспаптар оркестринин башкы дирижёру жана көркөм жетекчиси Э. Жумабаевдин кыргыз музыкасын өркүндөтүүгө сиңирген эмгеги өкмөт менен партиябыз тарабынан жогору бааланып, ага «Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери» деген ардактуу наам берилет. Мындай наам жаш дирижёрду жана композиторду дагы мыктылап иштөөгө шыктандырат. Анын «Эски тегирмен», «Бурма» аттуу кинофильмдерге жазган музыкалары, айрыкча эпикалык пландагы биринчи симфониясы угуучулардын сүймөнчүлүгүнө татыйт. Автор бул чыгармаларында өзүнүн автордук жүзү, стили, өзгөчөлүгү бар экенин дагы бир жолу айгинелейт.

1972-жылы оркестрден өсүп-өнгөн Төлөгөн Томотоев дирижёрлукка көтөрүлөт. Ал музыкалык окуу жайында окуп жүргөндөн (1959-жыл) тартып эл аспаптар оркестриндеги кыякты тартат. 1960-жылдан баштап комузчулар ансамблине катышат. Ал ансамбль менен эки жолу Парижде (1965, 1972-ж.), эки жолу Монголияда (1967, 1972-ж.), Японияда (1970-ж.) гастролдордо болот. Төлөгөндүн өнөрү да ансамблдин катышуучуларындай эле бейтааныш угуучулар тарабынан да жогору бааланат. 1967-жылы Томотоев Искусство институтунун теоретико-композитордук факультетине кирип, аны 1972-жылы бүтүрөт. Ал кыл кыяк менен комуздун кыябын таап, терең сырын чече черткен музыкант. Ошону менен бирге Томотоев оркестрде уюштургуч, талапкер, келечеги

кең, өзүнчө чыгармачылык жүзү бар дирижёр. Төлөгөндүн сонунан канат күүлөгөн жаш дирижёрдун бири — Ж. Султанмамытов. Ал да агаларынын жолун жолдоп, дирижёрлук өнөрдү байсалдуу өздөштүрүүдө.

Акыркы жылдарда оркестрдин коллективи кыргыздын классикалык күүлөрүнө, ырларына улуу комузчулардын, обончулардын жана композиторлорубуздун чыгармачылыгына арналган тематикалык жана отчёттук концерттерди өткөрүүнү традицияга айлантууда. Бул дагы коомчулугубуз тарабынан жылуу кабыл алынууда. Кийинки кездеги өткөрүлгөн тематикалык концерттердин ичинен М. Абдраевдин, А. Малдыбаевдин, К. Молдобасановдун, Н. Давлесовдун, комузчу С. Токтахунованын чыгармачылыктарына арналган концерттер угуучуларга терең таасирлерди калтырды.

Адаттагыдай эле оркестрдин алдындагы комузчулар ансамблдери Бүткүлсоюздук гана эмес, чет өлкөлүк угуучуларды да таңдантат. 1967-жылы комузчулар ансамбли Монреалдеги «ЭКСПО-67ге», 1969—72-жылдары кыргыздардын Сирияда өткөн маданият күндөрүнө, Японiядагы «ЭКСПО—70ке», Монгол Эл республикасында, Францияда өткөн «СССР элдеринин искусство фестивалына» активдүү катышат. Бир нече жолу комузчулар ансамбли Кремлдеги съезддер Дворецинде өткөн Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXI, XXII, XXIII съезддеринин делегаттарына жана даңктуу тарыхый салтанаттарга арналган концерттерге да катышат. Ал эми темир (ооз) комузчулар ансамблинин чеберчилиги КПССтин XXIV съездинин делегаттары менен Эл аралык VII музыкалык конгресстин, Алма-Атыда өткөн Азия өлкөлөрүнүн Эл аралык музыкалык трибунасынын жана «Орус кышы» фестивалынын катышуучулары тарабынан жогору бааланат. Комузчулар ансамблинин түбөлүктүү репертуарына айланган «Чайкама», «Кара өзгөй», «Көйрөң күү», «Ак тамак, көк тамак», «Жаш кербез», «Чоң кербез» өндүү аткарууга оор күүлөрдү бир кишидей, бирдей жүрүштө, эч нотасыз кубулта маштап черткенде уккан-көргөндөр алардын талантына таазим кылышкан.

Темир (ооз) комузчулар да «Тагылдыр тоону» түрлөнтө кагышканда угуучулар да зор кызыгуу, терең асылдануу менен угушат. Ансамблдин аткаруучулары аспаптарда колдорду түрлөнтө ойноо менен музыка сүйүүчүлөргө күүлөрдүн тышкы гана эмес, ички мазмунун да, обондуу байлыгын да баяндайт. Атай менен Адамкалый негиздеген жана уюштурган ансамблдердин азыркыдай атак-даңкка жетишине ансамблдердин жетекчилери Ч. Исабаев менен Т. Тыныбеков баалуу салымдарды кошууда.

Айтылуу комузчулар ансамбли (катышуучулары Ж. Султанмамытов, Ч. Исабаев, С. Токтахунова, К. Кадыралиев, Т. Томотоев) өткөн жылы 1973—1974-жылдардагы концерттик программасы үчүн Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты болушту. Мындай чоң баа ансамблдин катышуучуларын баштагыдан дагы жалындаган жаштык кайрат менен иштөөгө шыктандырат.

Калк кастарына татыган оркестрдин коллективи мезгилдин талабына татыктуу чыгармаларды аткаруу үчүн арымдуу кадамды алга таштап, жаңы изденүүлөргө чыгууда.

Оркестрдин аткаруучулары

Ар бир чыгармачыл коллективди калайык калкка таанытууда, атагын алыска таратууда, тигил же бул чыгарманы чебер чертүүдө, ырдоодо аткаруучунун ролу өтө зор. Азыркы эл аспаптар оркестринин да кадыр-баркын угуучулар арасына кеңири жайылтууда, өнүктүрүүдө улуу шайырлар Муратаалы, Карамолдо, Калык, Ыбырай, Осмонкул, Муса, Атай, Алымкул, Чалагыз, Шекербек ж. б. эбегейсиз эмгек жумшашты. Булар биз жогоруда белгилеп кеткендей оркестрдин эң алгачкы түзүүчүлөрү жана аткаруучулары болушту. Ал эми өздөрү филармонияда иштешпесе да жайкы гастролдордо оркестр менен кошо чыгышып, калың угуучуларга өнөрлөрүн тартуулашкан: Анвар, Сайра, Майнур, Ашыраалы, Абдылас, Мариам, Кадырбек ж. б. да оркестрдин өсүшүнө өз учурунда баалуу салымдарды кошушту. Кийинки муундагы Салима, Ирина, Сейдакмат, Артык, Гүлкан, Акматаалы, Салмоорбек, Кусейин, Болот, Кайыркүл ж. б. эл аспаптар оркестринин бүгүнкүдөй урматка жетишине көп көмөк көрсөтүштү. Булар дагы таланттуу коллектив менен ар дайым гастролдордо болушуп, өнөрлөрүн жердештеримизге, бир тууган союздук республикалардын, атактуу шаарларыбыздын угуучуларына тартуулашты. Бизди алардын андай демилгелүүлүктөрү, эмгекчилдиктери ар дайым кубантат жана сыймыктантат.

Азыркы күндө оркестрде атайын музыкалык билимдери бар 60 музыкант иштейт. Аларга ар түрдүү жанрдагы элдик жана классикалык татаал музыкалык чыгармаларды аткаруу милдети жүктөлгөн. Андай талапты бирдиктүү, ынтымактуу коллектив коомчулук алдында абийирдүүлүк менен аткарууда.

Бүгүнкү күндө таланттуу жаштар менен бирге бүткүл өмүрүн, чыгармачылыгын такай оркестрге арнашкан ондогон ветеран аткаруучулар да жемиштүү эмгектенүүдө. Алардын ичинен Ж. Сарыкөбөнованын, Ж. Койчумановдун, А. Ф. Хоменконун, К. Мырзабекованын, Ж. Кыпчаковдун, Г. Валиулинанын, Т. Алымкуловдун, К. Кекебаевдин, А. Кожомкуловдун, Р. Мадваровanын, Ж. Сонунбековanын, И. Кузнецовдун, М. Рахимшайыковдун ж. б. ысымдарын сыймыктануу менен атайбыз. Булардын ар бири оркестрдин ар кандай аспаптарында ойношот. Ошондо эле алар өздөрүнүн шыктарын башка аспаптарда өнүктүрүшкөн. Ал эми кээ бирлери катардагы оркестранттан белгилүү комузчулукка, ырчылыкка, кыякчылыкка ж. б. өнөрлөрдү өздөштүрүшкөн.

Маселен, маркум Ж. Сарыкөбөнова алгач (1938-жылы) оркестрде иштей баштаганда кыл кыякта, темир комузчулар ансамблинде, кийин комуз-секунданы чертет. Ал турсун Б. Кулболдиев жетектеген комузчулар ансамблине да катышкан жана оркестрдин солисткасы да болуп иштеген. Ал эми Ж. Койчуманов өз өнөрүн урма аспаптарда ойноодон баштаса, азыркы күндө комуз басты чертет. Оркестрдин эски муундагы музыканттарынын бири — А. Ф. Хоменко алгыч скрипкада ойносо, азыр кыл кыяк-приманы тартат.

Өнөрүнүн алгачкы кадамын 1942-жылдан баштаган. К. Мырзабекова да оркестрде комуз-альтты чертет. Темир комузчулар ансамблинде ойнойт. Ушундай эле Т. Сонунбекова да оркестрде комуз-секунданы чертүү менен бирге комузчулар ансамблине да катышат.

Оркестрдеги белгилүү флейтачынын бири — Рима Мадварова. Ал 1953-жылы М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын флейта классын Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери Р. Г. Мироновичтен бүтүргөндөн кийин оркестрде иштейт. Ал флейтанын жана пикколонун партияларында ойнойт. 1971-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Мадварова темир комузчулар ансамблинин катышуучусу. 1961-жылдан бери Римма оркестрде иштөө менен Шубин атындагы музыкалык мектепте да флейтадан сабак берет. Шыктуу флейтачы. Р. Мадварованын кыргыздын элдик музыкасын өнүктүрүүгө активдүү катышкандыгы үчүн өкмөт менен партиябыз жогору баалап, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы, «Маданият кызматкеринин отличниги» значогу ж. б. менен сыйлады.

Белгилүү флейтачы 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун, Эл аралык музыкалык конгресстин, фестивалдарды, жумалыктардын, маданият күндөрдүн, декадалардын катышуучусу.

Таланттуу коллективдин алгачкы уюштуруучусу, Шубинден таалим алган гобойчунун бири — Жумабай Кыпчаков. Ал оркестрде айтылуу Карамолдо, Ыбырай, Атай, Сайид, Муса, Жумамүдүн ж. б. шайырлар менен бирге 1944-жылдан тартып иштей баштайт. Алар менен ар түрдүү жанрдагы көптөгөн музыкалык чыгармаларды аткарат. Коллектив менен Советтер Союзунун шаарларында гастролдо болот. Ар түрдүү музыкалык декадаларга, фестивалдарга, жумалыктарга ж. б. катышат. 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасына катышып, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланат.

1961-жылдан азыркыга чейин Ж. Кыпчаков оркестрдин инспектору. Ал ар дайым, ар качан коллектив үчүн күйүп-башып иштеген уюштургуч, демилгечи, шыктуу музыкант.

1970-жылы Жумабайдын кыргыздын элдик музыкасын калк арасына жайылтуудагы көп жылдык эмгеги өкмөт менен партиябыз тарабынан жогору бааланып, ага Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти деген ардактуу наам берилет.

Коллективдеги таланттуу аткаруучулардын бири — Гүлчахра Валиулина. Ал өзүнүн элүү эки жашынын 36 жылын оркестрде иштөөгө арнады. Келечектеги жаш ырчынын музыкага болгон алгычкы сүйүүсү алыскы Урал менен Өзбекстандан башталат. Ал 1940-жылы ата-энеси менен Фрунзеге келет. Шаардагы №12-мектептен окуйт. Ошол эле жылы ал кыргыз филармониясынын бий ансамблине алынат. Оркестрдин коштоосунда «Гоппак», «Кызгалдак», «Кыздардын кыялы» деген бийлерди аткарат. Жаш кыздын ийиктей чимириле бийлеген ийкемдүү, шайыр кыймылдары көрүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө тартат. Ал келечекте бийчи болсом дегенде ак эткенден, так этет. Бирок, Гүлчахранын ырга болгон шыгы күтүлбөгөн жерден ачылат.

1944-жылы оркестрдин солисттеринин бирөө ооруп калат. Айласы кеткенде Шубин Гүлчахраны ырдатууга аргасыз болот. Ал ырчы катары эл алдында алгачкы жолу чыкса да, кымырынып-кымтынып, калтаарыбай өзүн кадимки такшалган ырчылардай кармап, үнүн кыспай, эркин ырдайт. Анын жайдары жаркын жүзү, назик үнү дароо эле Шубинге жана музыка сүйүүчүлөргө жагат. Мына ошол күндөн Валиулина бийди таштап, жалаң гана ырчылык кесипке бүткүл өмүрүн, чыгармачылыгын арнайт.

Гүлчахранын бүгүнкүдөй даражага жетишине Петр Федорович Шубин көп жардам берген. Ал музыкалык сабатты, оркестрдин коштоосунда ырдоону, репертуар тандоону, жада калса сахнага кандайча чыгууну ж. б. үйрөткөн.

Жаш ырчынын алгычкы жылдардагы өздүк репертуары Шубиндин «Гүлдөп ал», «Кыздар ай», Шералиевдин «Белегим», «Сулуулар», Малдыбаевдин «Мен кайрылып келгенче», Абдраевдин «Селкинин белеги», элдик ыр «Кимге айтам» өндүү ж. б. ырлардан турган. Буларды ырчы назик үн, эң кылдат артистизм менен аткарган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Валиулина көрүнүктүү артистерибиз менен бирдикте Орто Азия республикаларында, Ыраакы Чыгышта, Тынч океан Согуш деңиз Флотунун округунун бөлүктөрүндө концерттерди берет. Ал бейтааныш угуучуларды мукам үнү, ыр басымынын тазалыгы, ритмди кылдат сезгичтиги, дикциясынын ачыктыгы, тактыгы, өткөрө музыкалуулугу, ажардуулугу менен тартат.

Гүлчахра бүтүндөй өмүрүн ырга, элге, турмушка арнаган ырчы. Кыргызстанда ал аралабаган айыл, ал кечпеген кечүү, ал ашпаган ашуу да калган жок. Ошондой эле анын үнүн укпаган, анын аткаруучулук чеберчилигине суктанбаган кыргыз угуучулары жокко эсе. Ал турсун Союздук республикалардын, Москва, Ленинград ж. б. атактуу шаарлардын музыка сүйүүчүлөрү да Валиулинанын аткарган ырларын суктануу менен угушту.

Белгилүү ырчынын өздүк репертуары өтө бай жана ар кыл. Алсак ал кыргыз эл ырларынан тартып обончулардын, композиторлордун жана бир тууган СССР Элдеринин ырларына чейин аткарат. Алардын ар бирин артистка терең берилүү, чыгармачылык эргүү менен көркөмдөп ырдайт. Ал угуучуларды өзүнүн мээримдүүлүгү, ырдалып жаткан ыр-

ларына ымдоо-жандоолорду, кыймыл-аракеттерди, бийди өтө устаттыкта айкалыштыра аткаруусу менен тартып алат.

Гүлчахра элдик өзгөчө кыргыз композиторлорунун ырларынын талыкпаган мыкты пропагандалоочусу (үгүтчүсү жана жайылтуучусу). Тек гана Валиулинанын алгачкы аткаруусунан кийин калктын калың катмарына тараган элдик ыр «Чатыр-Көлдү», Аманбаевдин «Эмне үчүн?», Молдобасановдун «Өрттөнсүн бозой жалынгасы», «Кыздын ыры», Давлесовдун «Жылкычы бозою», «Саанчы жеңеси», Кадыралиевдин «Фрунзенин оттору», Досмамбетованын «Кызыл Өрүгү», Эгинчиевдин «Балажаны» ж. б. азыркы күндө ыр жанрынын классикасына айланды. Буларды элге жеткирүүдө ырчы зор чыгармачылык күчкубатты жумшаган. Белгилүү ырчынын аткаруучулук чеберчилигин өкмөт менен партиябыз жогору баалып, ага Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти деген ардактуу наамды, Ардак белгиси ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйлайт.

Сүйүктүү ырчы Кыргызстанда жана башка шаарларда өткөн фестивалдардын, жумалыктардын, маданият күндөрүнүн, декадалардын активдүү катышуучусу. Азыркы күндө калкыбыздын кадырлуу ырчысы элүүдөн ашса да, кадимки калыбындай жаштык кайрат, жалындуу чыгармачылык шык менен эмгектенүүдө.

50-жылдардын аягында эл аспаптар оркестринин составы атайын музыкалык билимдери бар бир топ таланттуу жаштар менен толукталат. Алардын ичинде Б. Жандаров, Т. Медетов, К. Кадыралиев, Ч. Исабаев, Б. Жээналиев, М. Нуркулов, ж. б. бар эле. Булар да оркестрдин чеберчилигин көтөрүүдө баалуу салымдарын кошушту.

Бейшеке Жандаров катардагы жөнөкөй оркестранттан залкар күүлөрдү безеленте черткен комузчулукка, уккандын черин жазган обончулукка чейин өстү. Бейшеке оркестрде комуз-приманы чертет. Ал эми жеке аткаруучу катары элдик жана залкар комузчулардын классикалык күүлөрүн да аткарат. Аларды Жандаров таза, так, түп нускадан алыстабай, мукам чертет. Акыркы жылдарда Бейшеке коомчулукка өзүн таланттуу обончу катары көрсөттү. Анын «Өкүнүч», «Таалайым», «Жыпары белең баланын», «Сагынга», «Сагынам,» «Үмүтүм», «Күбөсү болуп сүйүүнүн», «Түңүлбөй жүрөм өзүңдөн», «Айым сен», «Болсо эгер» деген обондору комуздан оркестрге, ырчылардан элге кеңири тарады. Автордун бул обондору жаңылыгы, мукамдуулугу, тунук лирикалуулугу, жетимдүүлүгү менен айырмаланат.

Комузчу, обончу жана оркестрант Бейшекенин элдик музыкабызды өркүндөтүүдөгү эмгегин өкмөт менен партиябыз жогору баалап, аны медалдар, грамоталар менен сыйлады жана Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти деген ардактуу наамды берди. Мындай урматсыйды, наамды дагы жогору көтөрүү үчүн азыр Бейшеке ар намыстуулук менен эмгектенүүдө.

Ар бир шайырдай эле Тургунаалынын да ырга, күүгө, өзгөчө элдик аспаптарды чертүүгө болгон кызыгуусу да бала күнүнөн ойгонот. Ал

7-классты бүтүргөндөн кийин эңсеген оюн орундатыш үчүн жана маркум Сейдаалынын кеңеши боюнча М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын эл аспаптар бөлүмүнө келип кирет. Аны Т. Медетов ийгиликтүү бүтүрөт. Жаш улан окуп жүргөндө эле эл аспаптар оркестринде кыл кыяк-альтта ойнойт. Ошондон бери ал өзүнүн сүйгөн аспабын тартууда. Бирок, Тургунаалы жалаң гана кыл кыякты тартуу менен чектелген жок. Ал бабаларыбыз барктаган байыркы комузду да кылына тил, күүсүнө жан киргизе чертет. Анын комузчулар ансамблинин катышуучулары менен аткарган күүлөрүн көп улуттуу советтик гана эмес, Париждин, Канаданын ж. б. чет өлкөлөрдүн угуучулары да таңдануу, терең асылдануу менен угушту. Тургунаалынын өздүк репертуарын Токтогулдун, Муратаалынын, Карамолдонун, Ыбырайдын, Атайдын ж. б. классикалык күүлөрү түзөт. Аткаруучу алардын ички жана тышкы маңыздарын ача, кудум авторлордун өздөрүндөй ажарлуу, ойлуу, көркөмдүү, устаттыкта чертет. Биз аларды укканда тек гана Тургунаалынын аткарганын эмес, айтулуу шайырлардын өздөрү чертип жаткандай ой туулат.

Коллективдеги кадырлуу аткаруучунун бири — Кадырбек Кадыралиев. Ал 1954—59-жылдары борборубуздагы музыкалык окуу жайынын эл аспаптар бөлүмүнүн кыл кыяк классын окуп бүтүргөн. 1957-жылдан баштап оркестрде иштейт. Кыл кыяк-приманы тартат.

1961-жылдан комузчулар ансамблинин катышуучусу. Ал эми Кадырбек 1963-жылдан азыркы күнгө чейин оркестрдин концертмейстри болуп иштөөдө.

Жөндөмдүү оркестрант жана аткаруучу катары бир топ декадаларга, фестивалдарга, жумалыктарга ж. б. катышты. Айрыкча, анын аткаруучулук чеберчилиги Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун он күндүгүндө жана СССР элдеринин искусствосунун Парижде өткөн фестивалында жогору бааланат. Декадага жана фестивалга катышкандыгы үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасы, СССРдин маданият Министерствосунун Ардак грамотасы менен сыйланат.

Кадырбек оркестрде, комузчулар ансамблине катышуу менен бирге «Фрунзенин оттору», «Кечиргин», «Аясаң курбум аясаң» өңдүү калк жүрөгүнөн түнөк тапкан обондорду да чыгарат. Өзү иштеген оркестр үчүн да ырларды, аспаптык чыгармаларды иштеп чыгат.

Азыркы атактуу комузчулар ансамблинин атак-даңкын, аткаруучулук чеберчилигин Бүткүлсоюздук жана чет өлкөлүк угуучуларга таанытууда Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Чалагыз Исабаев көп чыгармачылык күч жумшоодо. Ал музыкалык окуу жайында жана искусство институтунда кыл кыяк классынан окуп бүтүрсө да, өзү оркестрде кыяк-приманы тартса да, комуз күүлөрүнүн сырын жакшы билет. Ошондуктан, ал жетектеген ансамблдин атагы күндөн-күнгө алыска тароодо. Чалагыз кийинки жылдары ансамблдин катышуучусу жана жетекчиси катары Монголиянын элдик революциясынын 50 жылдык юбилейине арналган концертке, Япониядагы «ЭКСПО-70», Париж-

де өткөн СССР элдеринин искусство фестивалына катышат. Өзү жетектеген ансамблдын аткаруучулары менен бирге советтик жана бейтааныш угуучуларды таңданткан күүлөрдү чертет. Алардын түрлөнтө кубултуп колдорун маштап, тап-так черткен күүлөрү чет өлкөлүк музыка сүйүүчүлөрдү да аң-таң калтырат.

Өткөн жылы Ч. Исабаев жетектеген даңктуу ансамбль Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгынын лауреаты болду. Ансамблдин мындай ийгиликке жетишине, репертуарынын ар түрдүү жанрдагы күүлөр менен байышына, аткаруучулук чеберчиликтерин арттырууда адаттагыдай эле Ч. Исабаев белсемдүү эмгектенүүдө.

60-жылдары эл аспаптар оркестринин составы келечеги кең, таланттуу ырчылар С. Суранчиева, А Зайцев, З. Шаакеева, Г. Момушева К. Кожомкулов, Э. Мойдунов, аспапчылар С. Токтахунова, Т. Мураталиев ж. б. менен толукталат. Опера жана балет театрынын артисттери С. Шералиев, А. Тентимишев да эл аспаптар оркестринде солист болуп иштешет. Жогоруда ысымдары аталган ырчылардын, аспапчылардын өмүрүнө көз чаптырсак, оркестрге чейин ар түркүн чыгармачылык жолду басып өтүшкөнүнө күбө болобуз. Маселен, Анатолий Зайцевдин кесиби инженер-гидротехник, 1960-жылы музыкалык окуу жайын ийгиликтүү бүтүрөт да эл аспаптар оркестрине солист катары иштөөгө кабыл алынат. Ал дасыккан дирижёр А. Жумакматовдун жетекчилиги астында Атайдын классикалык «Эсимдесин» баш кылган «Күйдүм чогун», «Гүлүн», Б. Эгинчиевдин «Айнагүл» деген ырларын кыргыз тилинде ырдап чыгат. Эбакы эл жүрөгүнөн конуш алган ырлар Зайцевдин аткаруусунда турмушка кайрадан көз жаргандай болду. Анын андай аткаруучулук шыгынын жүздөгөн ар кыл кесиптеги, түрдүү жаштагы адамдар толкундана, кубана алакан чабышты. Философия илимдеринин кандидаты Азиз Салиевдин сөзү менен айтканда А. Зайцевдин оркестрге кошулуп «Эсимде» жана «Күйдүм чокту» аткарганы өтө сонун музыкалык көрүнүштөргө жатат. Ал эми А. Зайцев орус ырчысы болгондуктан, толкундашыңыз эки эсе күчөйт. орус менен кыргыздын бири-биринин санаасы, кыялы, көркөм табияты бири-биринин тагдырынан, достугунан, тышкары кароого болобу! Биздин улуттук маданияттын өркүндөшү үчүн орус элинин көрсөтүп келаткан туугандык жардамына чек барбы, баа барбы! Жалаң профессионал искусствобуздун түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө гана эмес элдик чыгармаларыбыздын да кеңири жайылышына шериктеш болгондуктун далилдеринин бири ушул А. Зайцевдин ыры эмеспи!..[1] Көрүнүктүү композитор В. Г. Фере оркестрдин репертуары жана аткаруучулары тууралу айтып келип: «өзгөчө, Зайцев жөнүндө айтып кетким келет. Бул Фрунзенин музыкалык окуу жайынан тарбия алган орус жигиттин үнү кубатына (күчүнө) караганда анча чоң эмес тенор, бирок эң жагымдуу. Ал кыргыз ырларын кыргыз тилинде укмуштай кумарлануу менен мүнөздөрүн, стилин ача эң бир

[1] *А. Салиев,* «Кыргыз эл ырларынын аткарылышы жөнүндө». «Советтик Кыргызстан» газетасы. 16-июнь, 1963-жыл.

сонун аткарат. Бул союздук республикалар да иштеген көптөгөн орус артисттери үчүн өрнөк алуучу мисал. Дагы бир айта кетүүчү нерсе Чайковский атындагы залга чогулган орус, кыргыз угуучулары ырчыны дүркүрөгөн кол чабуу менен сыйлашты», — деп, жазган. Чынында эле орус ырчысы Зайцевдин аткарган ырлары эки элдин ортосундагы улуу достуктун, бир туугандыктын күндөн-күнгө өөрчүп, гүлдөп бараткандын ачык-айкын дагы бир жолу салтанаттайт.

Жаш ырчы С. Суранчиеванын да назик, мукам үнү өз учурунда угуучулардын тулку боюн эритип, жүрөгүнөн түнөк тапты. Анын коомчулугубуздун алдына өнөрүн тартуулашы элдик музыкадагы чоң табылга катары бааланды. «Суранчиева ырдаганда өтө жеткилең искусство эмне экенин билесиң: мынча асыл, мынча улуттук маңызга ширелген өнөр болбоспу! Муну элибиздеги, жерибиздеги не бир таза, не бир ыйык нерселер менен гана байланыштыргың келет. Ала-Тоонун мөлтүр булагы кандай тунук болсо, жайлоонун таңында соккон жел көңүлдү кандай сергитсе, Сабиранын үнү ошондой тунук, ошондой көңүл сергитет. Анын ыры кыргыздын кадимки жаракөр мүнөз кыз-келиндеринин жүрөк сыры катарында угулат. Чуйковдун атактуу сүрөтүндөгү татынакай кызыл жоолук кыз, Сыдыкбековдун романындагы Ильинанын гравюраларындагы келиндер, Айтматовдун Жамийласы, Асели, Алиманы дал ушул үн менен, дал ушундай ырдашаар деп ойлойсуң»[1]. Нукура элдик ырчынын кутуна бөлөнгөн Сабира Абдыкадыровдун «Алмашым», «Бото көз», Эгинчиевдин «Алымкан», Досмамбетованын «Унутпадым», «Кызыл өрүк», деген ж. б. ондогон ырларга жаңы өмүрдү, жаштык канатты жаратты. Алар Суранчиеванын аткаруусунан кийин баштагыдан дагы калк арасына кеңири тарады.

Жаш ырчылар А. Зайцев менен С. Суранчиева оркестрде солист болушуп бир топ жыл иштешти. Алар бул мезгилдин аралыгында кыргыздын элдик музыкасынын ошонун ичинде оркестрдин ар тараптан өсүшүнө аздыр-көптүр өздөрүнүн үлүштөрүн кошушту.

Кыргыздын азыркы ырларын калк арасына жайылтууда аткаруучулук чеберчиликтери жетилген артистеribиз С. Шералиев менен А. Тентимишев да жемиштүү эмгектеништи.

С. Шералиев сахналык тажрыйбага бай, дасыккан ырчы. Ошондой эле ал өз учурунда оркестрдеги ырчылардан репертуарынын байлыгы, ар түрдүүлүгү менен да айырмаланат. Анын аткарган чыгармаларынын негизин обончулардын, көрүнүктүү советтик композиторлордун патриоттук, лирикалык ырлары менен романстары түзөт. Алардын көпчүлүгү улуу Ленинге, сүйүктүү мекенге, тынчтыкка, бейпил эмгекке, жаштардын тунук махаббатына арналган. Булардын ичинен Шералиев «Албырып шаттык жүзүндө», И. Жакановдун «Даниярдын ыры», Ч. Жумакановдун «Суусамыр», А. Абдыласовдун «Жай түнү», С. Жу-

---

[1] *А. Салиев,* «Кыргыз эл ырларынын аткарылышы жөнүндө», «Советтик Кыргызстан» газетасы, 16-июнь. 1963-жыл.

малиевдин «Дзержинский бульвары», Жылышбаевдин «Күтө-күтө зарыктым» аттуу ж. б. ырларды нагыз чыгармачылык эргүү менен кумарлана аткарат. Ошондой эле аларды угуучулар да терең сүйүү менен кабыл алышат.

Белгилүү ырчынын коңур коюу жагымдуу үнү кыргыз жергесинде гана эмес, көп улуттуу кең мекенибиздин көптөгөн шаарларында да жаңырды.

Калк арасында «талантты талант табат жана баалайт» деген канаттуу сөз айтылат. Анын сыңарындай Самарбүбү Токтахунованын шыгынын гүлүн ачкан жана калайыкка таанылткан Карамолдо Орозов атындагы оркестр болду. Ал залкар кайрыктагы классикалык күүлөрдүн кең дүйнөсү менен да оркестрден таанышты. Аткаруучулук чыгармачылыктын бактысында да ошол коллективден тапты.

Токтахунова кыргыз кыздарынын ичинен алгачкы жолу чыккан көп жактуу, ар тараптуу аткаруучу. Ал оркестрде комуз-альтты чертет. Комузчулар ансамблине катышат. Аткаруучулук чыгармачылыгы калыптанган жана жетилген залкар комузчу катарында классикалык күүлөрдү чертет. Айрыкча анын аткаруусундагы Токтогулдун «Миң кыял», «Тогуз кайрык», «Сары барпы», «Кыз кыял», Карамолдонун «Насыйкат», «Ибарат», «Сынган бугу», «Жаш кербез», Ыбырайдын «Жаш тилек». «Жеңиш», Атайдын «Марш камбаркан», «Ак тамак, Көк тамак», эл күүсү «Саринжи Бөкөй» аттуу классикалык күүлөр турмушка кайрадан жаңыдан төрөлдү. Ал эми Борбиевдин «Таң булбулу», Кыдырназаровдун «Кыргыз көчү» да бөтөнө кооздукта, өзгөчө көркөмдүктө таңшыды.

Самарбүбү ар бир күүнү бүткүл жан дүйнөсү менен сүйгөн, урматтаган, ар бир кайрыгын терең түшүнгөн академиялык пландагы аткаруучу. Ал калкыбыздын жанына эне сүтү шекилдүү сиңген Токтогулдун, Карамолдонун, Ыбырайдын, Атайдын сезим кылдарын козгогон татаал кайрыктагы күүлөрүн таза, так кудум авторлордун өздөрү чертип жаткандай ой туудуруп аткарат. Ачык айтканда анын сансыз кайрыктарды тилге киргизген санааларынан айтылуу шайырларыбыздын ар биринин жандуу элестери көз алдыбызга тартылат.

Жаш комузчудагы өзгөчө артыкчылык — ал күү аттуунун баарын чертпестен, күүнүн күүсүн, өзүнүн кулк-мүнөзүнө, ажарлуу жүзүнө, жаркын шыгына айкалышкан, жүрөгү чапкан классикалык чыгармаларды аткарат. Бир сөз менен айтканда Самарбүбүнүн азыркы чертип жүргөн күүлөрүнүн бардыгы тек гана анын аткаруусуна, шыгына, келбетине, артистизмдүүлүгүнө атайын арналып чыгарылгандай.

Жаш шайырдын черткен күүлөрү советтик гана эмес, чет өлкөлүк угуучуларды да наздантты.

Таланттуу комузчу 1965—1975-жылдардын аралыгында Советтер Союзунун жана республикабаздын атактуу артисттери менен бирге Францияда эки жолу, Канадада, Сирияда, Японияда, Финляндияда, Турцияда гастролдо болот. Ал бейтааныш угуучуларга кыргыздын классикалык күүлөрүнүн кооз үлгүлөрүн тааныштырат. Ошону менен бирге

ал өзүнүн аткаруучулук чеберчилигинин көп кырдуулугу жана жаркын артистизмдүүлүгү менен чет өлкөлүктөрдү да таң калтырат.

1974-жылы Токтахунованын күүлөрдү чертүүдөгү интонациясынын тазалыгы, ритмдеринин кынтыксыздыгы, сонун уккулуктуу добушту жаратуусу жана эң мыкты техникасы жогору бааланып, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти» деген ардактуу наам берилет. «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн медалы жана Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын юбилейлик медалы, Молдавия ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланат.

Самарбүбү ар дайым изденген, аткаруучулук чеберчилигин талыкпастан көтөргөн, репертуарын такай классикалык күүлөр менен байыткан келечеги кең комузчу.

Калкыбыздын сүйүктүү аспаптары комуз, кыл кыяк, чоор күүлөрүнүн улуу устаты Муратаалынын небереси — Толтой Мураталиев чоң атасынын жолун жолдоп кыл кыякты тартат, комузду чертет. Анын да шыгын жетилтип, жөнөкөй оркестранттан жеке аткаруучуга чейин өстүргөн эл аспаптар оркестри болду. Азыр Толтой кыл кыякты кубулта тартып, комузду таңшыта чертет. Ал өзүнүн оркестрдеги кыл кыякальт партиясын да терең берилүү, нукура чыгармачылык эргүү менен аткарат.

Көптөгөн таланттуу жаштардын шыгын ачкандай эле эл аспаптар оркестри Кеңеш Кожомкуловдун да ырчылык жаркын шыгын ачты. Келечеги кең Кеңеш оркестрден аткаруучулуктун алтынга алмашкыс сырлары менен таанышты, көптү үйрөнүп, көзү ачылды. Өздүк репертуарын элдик музыканын берметтери менен ширелишкен ырларга каныктырды. Тек гана Кеңештин коңур, мукамдуу үнүнүн керемети аркасында «Күтө, күтө зарыктым», «Сонунда», «Нарындан жазган салам кат» деген ж. б. ондогон ырлар калкыбыздын калың катмарына тарады жана кастарына алынды. Кеңештин оркестрде, эстрадалык ансамблде иштеши аткаруучулук чеберчилигинин төшөлүшүнө, репертуарынын байышына, эл аралык аренада ат салышына жол ачты.

Жаш ырчынын талыкпастан эмгектениши, тынымсыз издениши тек гана обончулардын эмес, көрүнүктүү советтик, кала берсе чет өлкөлүк композиторлордун угуучулардын жүрөгүнө уюган ырларын бөтөнчө көркөмдүктө, өзгөчө чеберчиликте аткарышына, такшалышына, жетилишине өбөлгө түздү.

Эл аспаптар оркестри Кожомкуловдун 1968-жылдын Сочи шаарында өткөн Эл аралык эстрадалык фестивалдын лауреаты деген ардактуу наамды жеңип алышына, 1969-жылы Хельсинкиде өткөрүлгөн Вьетнам элинин эркиндигине арналган 87 өлкөнүн тандалган аткаруучулары, ырчылары, музыканттары катышкан Бүткүл дүйнөлүк конгрессте ырдашына бирден-бир саяпкер болду. Ачык айтканда оркестр Кеңештин ыр дүйнөсүнөн бактысын, таланттуу ачып, калың калкка таанылтты.

Азыркы оркестрдин солисттеринин ичинен З. Шаакеева менен Г. Момушеванын ысымдары да угуучулардын арасында бөтөнчө урматтоо, өзгөчө сыйлоо менен айтылат. Бул эки жаш ырчынын табигый шы-

гы, үнү, аткаруучулук манералары айтылуу элдик ырчыларыбыздын чыгармачылыгы менен үндөшөт. Ачык айтканда алар нукура кыргыз эл ырчыларынын татынакай салттарын сактаган жана уланткан мурасчылардан. Бирок, алардын үнү, ырдоо манералары, артистизмдүүлүгү, аткаруучулук чеберчиликтери эки башка. Ошондой эле Зейнеп менен Гүлмайрамдын ыр дүйнөсүнө таштаган кадамдары да ар түркүн.

Жаш ырчы З. Шаакеева филармонияга 1966-жылы Чүй районундагы Ак-Бешим орто мектебинин өздүк көркөм чыгармачылыгынан, ал эми Г. Момушева 1968-жылы Нарындагы М. Рыскулов атындагы музыкалуу драма театрынан келди. Демек, Зейнепте Гүлмайрамга караганда сахналык тажрыйба, аткаруучулук чеберчилик аз эле. Зейнеп ага карабастан филармониянын босогосун аттагандан талыкпай эмгектенет. Белгилүү артисттерден чеберчиликти, кандайча көтөрүү, такшалтуу, үндү үнөмдөп ырдоо, ырларга басымды түшүрүү, оркестрдин коштоосунда кандайча аткаруу, бир сөз менен айтканда баалуу кеңештерди алат. Ал өзүнүн үнүнө, мүнөзүнө төп келишкен жана элдин эңсеген жаңы чыгармаларын аткарууга аракеттенет. Ал оркестрге солист катары алынгандын алгачкы күнүнөн тартып чын пейилден чымырканып эмгектенет. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» дегендей Зейнеп эмгектенүнүн аркасында оркестрдин коштоосунда ырдоого жетишет. Айрыкча жаш кыздын угуучуларга таанылышына жана артисттик шыгынын өсүшүнө дирижёр А. Жумакматов көп жардам берет. Ал жаш ырчынын үнүнө далма-дал айкалышкан жана эл жүрөгүнөн түнөк таба турган ондогон чыгармаларды Шаакеева үчүн оркестрде иштеп чыгат. Өзгөчө анын ысымы, нагыз ырчылыгы А. Атабаевдин «Чагылган», «Он сегиз жаш», К. Тагаевдин «Элмира», Ү. Сыдыковдун «Кыргыз күүсү», «Күн чыгышы», «Фрунзе кечи», «Өзүңдү эстеп», Б. Жандаровдун «Жыпары белең баланын», «Сагынам», «Өкүнүч» деген лирикалык ырларды оркестрдин коштоосунда аткаргандан тартып, калк арасына кеңири белгилүү боло баштайт.

Шаакееванын өздүк репертуарынын негизин жаштыктын тунук махаббатын баяндаган ырлар түзөт. Аларды ал эт жүрөгүндү элжирете аткарат. Ал ар бир ырга жаңы түс, жаңы ыргак берип, ажарын ача ырдайт.

Жаш ырчынын жагымдуу үнү Кыргызстандын бүткүл аймагында, Советтер Союзунун өнөр жайлуу ири шаарларында, ал турсун Канада, Сирия өлкөлөрүндө да жаңырды. Ал кайсы гана жерде, кандай гана элдердин арасында ырдабасын угуучуларга терең таасирди, зор кызыгууну асылдануусу калтырат. Шаакеева эл аспаптар оркестринде солистка болуп иштөө менен бир эле мезгилде 1969—70-жылдары кыргыздын эстрадалык ансамблинде ырдайт. Ошентип, Зейнеп эстрадада ырдоону да өздөштүрөт. Адаттагыдай эле ал жаңы коллективдин музыка сүйүүчүлөрүнүн да куштарына бөлөнөт. Шаакеева ар дайым өздүк репертуарын жаркын обондор менен жаңылаганды жактырган аткаруучу. Азыркы күндө ал обончулардыкын гана эмес, көрүнүктүү композиторлорубуз А. Малдыбаев, М. Абдраев, К. Молдобасанов, Н. Давлесовдун да ырларын аткарат.

Адатта, музыканын күйөрмандары Гүлмайрам Момушеваны «Кыргыздын Багдановасы» дешет. Алардын антип атоолорунун да жөнү бар. Анткени, Момушеванын жалпы ырдоо манерасы сахнадагы жайнаган ажардуулугу, мээримдүүлүгү, кыймыл-аракети, айрым мимикасы (өңүндөгү ымдоо-жандоолору), чыгармаларды кыйналып, кысталбай, эркин ырдаганы, үнүнүн тембири, жада калса турган турпаты СССРдин эл артисткасы Роза Багланованы эске салат.

Жаш ырчынын тубаса табигый шыгы элдик ыр үчүн жаралган. Ал ар бир чыгарманы аткарганда таптакыр бири-бирине окшошпогон жана кайталанбаган өзүнчө образын түзөт. Маселен Момушева Ж. Шералиевдин «Кыштак четинде» деген ырын аткарганда селкисин күткөн бозойдун келбетин жүрөктүн кылдарын черткилеткен назик жумшак, созулуңку, ал эми Е. Родигиндин «Уралдын ыргайы» аттуу ырын кеңири, өткөрө кумарланган үн менен ырдайт. Обончулар К. Тагаевдин «Ат-Башым», Р. Абдыкадыровдун «Чойт, эркечим», Э. Мааданбековдун «Балама» аттуу ырларын да Момушева бүткүл жүрөгү менен берилип аткарат. Ал обондор да атайын эле Момушеванын үнүнө, жаштыктын нуру себилген жүзүнө, шайыр мүнөзүнө багышталып жазылгандай. Аларды Гүлмайрамдын аткаруусунда укканында не бир дүйнөдөгү эң асыл, эң ыйык асылдуулукка бөлөнөсүң. Ансайын аткаруучуга болгон кумарланууң, урматтооң артат. Ырчыдагы андай касиеттин сыры — ал бийик эмес, эң жумшак, эң назик үнү аркылуу элибиздин тээ түпкүрүндөгү терең жана кенен жан дүйнөсүнүн купуя сырларын көз алдыңа элестетесиң. Ошондуктан, Момушеванын аткарган ырлары кыргыз тилин билбеген башка улуттарга да түшүнүктүү келип, жүрөктөн-жүрөккө котормосуз жетет.

Гүлмайрам оркестр аралаган айыл-кыштактар менен шаарлардын бардык жерлеринде болду. Ал кайсы жерде болбосун өзүнүн жаркын таланты менен угуучуларды суктантат. Эл да анын аткарган чыгармаларын ыракаттануу менен угушат. Азыркы күндө Гүлмайрамдын шыгы гүлдөп, аткаруучулук чеберчилиги артып турган курагы.

Адатта, эл «ак алтындуу» түштүктөгү «Жапалак» айылын «таланттардын жери» деп коюшат. Антип, айтуунун да, атоонун да жөнү бар. Анткени, абалкысын айтпай эле азыркысын алсак, ал селодон Гапар Айтиев, Тургунбай Садыков өңдүү ысымы бүткүл союзга белгилүү таланттуу сүрөтчүлөр өсүп чыкты. Мына ушул айылдан турмушка көз жарган Эрмек Мойдунов да бүгүнкү күндө республикабызга ысымы кеңири маалим ырчы. Ал бармактайынан Куршабдагы балдар үйүндө тарбияланат. Борборубуздагы музыкалык окуу жайынын вокалдык бөлүмүн бүтүрөт. Советтик Армиянын катарында жүрүп, Рига шаарындагы Прибалтика согуш округунун ыр жана бий ансамблинде ырдайт. 1968-жылдан азыркы күнгө чейин Мойдунов оркестрдин солистти. Эрмек эч бир ырчыны ээрчибеген, туурабаган, аздыр-көптүр өзүнө мүнөздүү аткаруучулук жүзү бар профессионал ырчы. Анын өздүк репертуарынан Огомбаевдин, Баетовдун, Эгинчиевдин, Малдыбаевдин, Абдраевдин, Молдобасановдун, Давлесовдун, Жаныбековдун калк ара-

сына кеңири тараган ырларын угабыз. «Алибек алына жараша» дегендей Эрмек да аларды башка аткаруучулардан бөтөнчө көркөмдүктө, өзгөчө угумдуулукта берүүгө аракеттенет. Ал азыркы мезгилдин классикалык ырлары менен бирге замандаш обончулардын да чыгармаларын аткарат. Алардын ичинен Эрмек Атабаевдин «Эне жөнүндө баллада», Рыскулбековдун «Эсте энелер», «Күтүү вальсы», «Көл кечи», Жумалиевдин «Сары-Челек», Кадыралиевдин «Кечиргин», Нурмамбетовдун «Болор бекен биздин той» деген ж. б. ырларын угуучулардын сезимине жеткире ырдайт. Ошондой эле ал өзүн да коомчулукка келечеги бар ырчы катары таанытты. Ал эми 1975-жылы өткөн жаш аткаруучулардын республикалык экинчи конкурсунда Эрмек Мойдунов лауреаттыкты жеңип алды. Бул болсо жаш ырчыны баштагыдан дагы эки эселеген күч-кубат менен нукура чыгармачылыкта эпкиндүү эмгектенүүгө шыктандырат.

Таланттуу коллективде аз иштешсе да угуучулардын арасына өздөрүнүн өнөрлөрү менен жылуу таасирлерди калтырышкан ырчылар Н. Мырзахматов, Г. Мамашова да өз учурунда оркестрдин жалпы чыгармачылык деңгээлинин өсүшүнө азын-оолак болсо да өз салымдарын кошушту. Алардын аткаруусундагы ондогон ырлар да угуучулардын калың катмарына тарады.

Кийинки беш жылдын ичинде оркестрдин составы атайын орто жана жогорку билимдери бар таланттуу аткаруучулар менен да толукталды. Алардын ичинен Улукмырза Полотов, Мукан Рыскулбеков, Жекшенбек Жумашев, Токтобүбү Бабашова да аткаруучулук шыктары менен айырмаланат. Полотов Кыргызстан мамлекеттик искусство институтунун вокал бөлүмүн бүткөн. 1972-жылы Орто Азия жана Казакстан республикаларынын музыкант-аткаруучуларынын IV конкурсунун лауреаты, Бүткүл союздук вокалисттердин М. И Глинка атындагы V конкурстун катышуучусу. Улукмырза 1973-жылдан бери оркестрде солист болуп иштейт. Анын репертуарынын негизин элдик жана советтик атактуу композиторлордун ырлары түзөт. Автор аларды нагыз чыгармачылык эргүү менен аткарат. Ал эми М. Рыскулбеков болсо улуу муундагы обончулардын салтын уланткан обончу-ырчы, аткаруучу. Ал 1972-жылдан бери оркестрдин солисти. Мукан негизинен өзүнүн «Көл кечи», «Аппагым», «Күтүү вальсы», «Жигиттин сөзү», «Кечирип кой», «Уйкусуз гитара» деген ж. б. ырларын оркестрдин коштоосунда ырдайт. Ошону менен бирге ал А. Малдыбаевдин «Өмүр», «Жылдызым», Ак жибек», С. Жумалиевдин «Таң сыры», Ж. Кайыповдун «Мекеним», аттуу ырларын да аткарат. Жаш аткаруучу аларды калк жүрөгүнө жеткире ырдоо үчүн чыгармачылык изденүүнүн сапарында. Жогорку билимдүү жаш аткаруучулар Ж. Жумашев, Т. Бабашова да оркестрде солист болушуп аз гана мезгилден бери иштесе да угуучулар арасына жагымдуу таасирлерди калтырууда. Ошентип, оркестрдин ар бир аткаруучусу коммунизмдин курулушуна кызмат кылган алдыңкы советтик музыкалык маданияттын өсүшүнө жаңы салымдарды кошо турган коллективге айландырыш үчүн бүткүл чыгармачылык күч-кубаттарын жумшоодо.

Сөз соңу

Карамолдо Орозов атындагы кыргыз мамлекеттик эл аспаптар оркестрине 40 жыл. Бул мезгилдин аралыгында оркестр Коммунисттик партиянын жана совет өкмөтүнүн такай камкордугу аркасында чеберчилиги артып, көрүнүктүү профессионал коллективге айланды. Ал өзүнүн алгачкы уюшулганынан жана калыптанганынан тартып эле болочоктогу ырчыларыбыздын, композиторлорубуздун, дирижёрлорубуздун, аткаруучуларыбыздын, элдик музыкаттарыбыздын мектеби болду. Айтылуу шайырлар Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Муса, Шекербек, Чалагыздардын шыгына-шык кошту. Алар оркестр аркылуу музыкалык сабатты окушту. Дүйнөлүк жана советтик классик композиторлордун чыгармалары менен таанышышты. Өздөрүнүн бүткүл өнөр-казналарын жаңы доорубузга арнашты. Алар мезгил талабына ажарлана айкалышкан бүгүнкү күндүн ондогон классикалык күүлөрүн жаратышты. Азыркы кыргыз совет музыкасынын устаттары А. Малдыбаевдин, М. Абдраевдин, А. Тулеевдин, А. Аманбаевдин, А. Жумакматовдун, Ж. Шералиевдин, К. Молдобасановдун, Н. Давлесовдун ж. б. чыгармачылыктарынын канат күүлөп өсүшүнө оркестр бирден-бир саяпкер болду.

Оркестрдин коллективи уюшулгандан элдик музыкалык чыгармачылыктын жаркын традицияларына таянышты. Мына ушуну менен оркестрдин составы, чыгармалардын иштелип чыгышы, чертүүнүн ыкмалары, штрихтери, элдик ырларды, күүлөрдү аткаруунун мүнөздөрү улуттук музыкалык стили аныкталды.

Элдик негиздеги өзүнчөлүгүн аткаруучулук улуттук стилин аныктоо менен оркестрдин коллективи нагыз чыгармачылыкта орус жана батыш европалык музыкалык классиканын эң сонун үлгүлөрүн өздөштүрүштү. Орус жана батыш классикасы, советтик композиторлордун чыгармалары өздөрүнүн мазмундуулугу, обондуулугу, ачык-айкындыгы, техникалык жана ритмикалык өзгөчөлүктөрү менен алар кыргыздын эл аспаптар оркестрине өзгөчө жакын болду. Алардын оркестрде аткарылышы чыгармачыл коллективдин аткаруучулук чеберчилигинин, маданий деңгээлинин көтөрүлүшүнө, карапайым калкыбыздын эстетикалык жактан аң-сезимдеринин ар тараптан өсүшүнө айрыкча музыкалык маданиятыбыздын бир тууган элдер менен карым-катышта, тыгыз байланышта өнүгүшүнө зор таасир этүүдө.

Азыркы күндө оркестрдин репертуары кыргыздын элдик музыкасынан (аспапташтырылган), орус жана батыш классиктердин, атайын оркестр үчүн жазылган кыргыз композиторлорунун чыгармаларынан, демократиялык өлкөлөрдүн музыкаларынан турат.

Акыркы он жылдын ичинде таланттуу коллектив көп улуттуу совет элинин 150 дөн ашык чоң шаарларында гастролдордо болду. Көптөгөн декадаларга, жумалыктарга, маданият күндөрүнө активдүү катышты.

Бул болсо бир ата-эненин балдарындай, бир максатта, бир тилекте, ынтымактуу жашап жаткан көп улуттуу советтик бир тууган элдердин ортосундагы маданий байланыштарды, достук карым-катыштарды баштагыдан дагы тереңдетип, мурдагыдан дагы гүлдөтүүдө.

Азыркы күндө оркестрдин артисттери орустун жана батыш европалык классик-композиторлордун, ошондой эле советтик жана демократиялык өлкөлөрдүн композиторлорун татаал симфониялык чыгармаларын аткара турган бай тажрыйбага ээ. Ошондуктан, элдик күүлөрдүн табигый өзгөчөлүгүн, музыкалык формасын толук сактоо менен өтө устаттыкта, кылдаттыкта көбүрөөк аспапташтыруубуз (иштеп чыгуу) керек. Чоор, темир комуз күүлөрүн да оркестрге салуу ишинде колго алсак жакшы болор эле. Анткени алиге чейин ал аспаптардагы күүлөр, обондор музыканттарыбыздын көңүлүн бура элек. Ошону менен бирге азыркы советтик тематикадагы жаңы элдик күүлөрдү жыйноо зарылдыгы туулууда. Айрыкча кыргыз композиторлору атайын оркестр үчүн улуу доорубузду, замандаштарыбыздын күжүрмөн эрдиктерин даңктаган жогорку мазмундагы чыгармаларга көбүрөөк кайрылып коллектив менен тыгыз байланышта болушу керек.

Музыка тармагында эмгектенген ишмерлерге, айрыкча оркестрдин жетекчилеринин эсине сала кетүүчү өтүнүчүбүз, азыркы оркестрде чертилип, тартылып жүргөн комуз, кыл кыяк аспаптарынын түркүмдөрүн кайрадан өркүндөтүүнү, тембрин жакшыртуу жагын ойлонуп көрсөк. Анткени, алардын тембри нукура комуз менен кыл кыяктын добушуна анча жете бербегенсийт. Ошону менен бирге эзелки аспаптар чоорду өркүндөтүп, оркестрдин составын кеңейтсек, анын угумдуулугун, көркөмдүүлүгүн бүгүнкүдөн дагы жогору көтөрөөр элек.

Өнүккөн социализм доорунда элибиздин маданий деңгээли мурда болуп көрбөгөндөй бийиктикке көтөрүлдү, искусствону өтө жогору баалаган жана жогорку талапты койгон жаңы угуучулар өстү. Ошондуктан, оркестрдин коллективи өкмөт менен партиябыздын тарыхый көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алуу менен талыкпастан аткаруучулук чеберчиликтерин арттырыш үчүн күрөшүүлөрү, репертуарларын азыркы талапка ылайык тынымсыз байтуулары зарыл. Бул оркестрдин чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн жана мындан аркы өсүшүнүн эң негизги максаты болушу керек. Анткени, таланттуу коллектив кырктын кырына чыгып, чыгармачылык, аткаруучулук, чеберчилик жагынан жетилип, гүлдөп турган курагы.

Мазмуну

Баш сөз 3
Оркестрдин аспаптары 5
Алгачкы чыгармачылык кадамдар 8
Аткаруучулук чеберчиликти жетилтүү 22
Оркестрдин кайрадан төрөлүшү 29
Оркестрдин аткаруучулары 57
Сөз соңу 69

Б. АЛАГУШОВ

ОРКЕСТР ИМЕНИ КАРАМОЛДО ОРОЗОВА

(на киргизском языке)

Редактор *М. Арстанбеков*
Худ. редактор *И. Ф. Бульба*
Тех. редактор *Ж. Сооронкулова*
Корректор *Н. Чокушева*

Терүүгө 25/III 1976-ж. Басууга 17/VI 1976-ж. кол коюлду. Д—02077. Кагазы типографская № 1, форматы $70\times90^{1}/_{16}$, 4,5 физ. басма табак, 5,26 шарттуу басма табак, 5,92 учеттук табак. Тиражы 1500. Заказ 2149. Баасы 34 т.

720737, ГСП. г. Фрунзе, ул. Советская, 170.
Издательство «Кыргызстан»

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102,
Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР
Госкомиздата Киргизской ССР.

34 т.

1-03 60 м